[134] KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. *Pastevecká společnost v proměnách času: Kyrgyzstán a Kazachstán*. Praha: Univerzita Karlova, 2006.

Мисал катары катаган тобун алсак болот. Б. Х. Кармышева[135] аларды өзбек уруусуна таандык деп жазган. Бирок катагандар орто Сырдарыя областында казак элинин арасында жашашкан. Алгач булар коңшулаш канглы же чанышклу урууларынан пайда болгон өз алдынча уруу болгон. Кээ бир топтор өз урууларынын атын жашаган жерлеринин аттарынан атаган (Ташкенлик, Хиванлик). Бул бир нече урулардын биргилиги ажырап, кээ бирлери мурун таштап кеткен эски уруусуна кайтып же таптакыр башка урууларга өтүп өзбектердин бөлүгү болуп калган.

Кээ бир катагандар кыргыздар деп эсептелет. XX кылымда Кыргызстан территориясында жашаган катагандар өз алдынча уруу эмес, Тянь-Шань тоолорунда жашаган чекир-саяк урууларынан болгон.

Ар кайсы топтор кантип этноним болгонун этносторго таянып Рашид-ад-Дин окшош мисал келтирип кеткен: Бул элдердин өз ара сырткы келбети, белгилери, түзүлүшү, тили жана салттары окшош, бирок мурун дагы булардын арасында анча айрыма болбогондуктан аларды азыр монголдор деп атап башташты. Татар эли кыйын болуп турганда, баардык түрк урулары татар аталып келген.

Бул мисалдарда өзбек, кыргыз же казак элдеринин ортосундагы ар кандай урулардын же чоң топтордун бөлүнүштүрүү кыйынчылыктарын аныктасак болот.

"Уруу"терминин колдонуу азыркыга чейин сакталып келген элдердин "элдик" жана"уруулук" тобунун котегориялаштыруусун билдириши мүмкүн. Орто-Азия калкынын пайда болушун Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийинки жылдар менен байланыштырса болот, тактап айтканда 1923-жылы совет бийлиги Борбордук Азиянын этникалык суроосун чечип, 1924-жылы этникага таянып өкмөттүк чоң өзгөрүүлөр болгон учур. Кээ бир "элдерге" ушул мезгилде автономия берилип кийин Союз Республикасы статусуна өзгөргөн.

Кээ бир топтор бул ыкмада көбүрөөк пайда алышып-мисалы Өзбек ССРи түзүлгөндө сарт дебей өзбек деп гана аталышкан. Сартттарды урууларга эмес алар жашаган жерлерге бөлгөн (Бухарлик, Самарканлик). Орустардын социалисттик Улуу Октябрь революциясына чейинки статистикасы боюнча элдин көптүгүн каттодо сарттар биринчи орунда турган. 20-жылдары 1,5 млн. Сарттын арасынан бири дагы калбай калган. Сарттардын жана башка түркестан этникалык топтордун оордун өзбектер камтып жаңы өзбек улутунун бөлүгү болуп калышкан. XVII кылымда өзбек билдирүүсү

---

[135] KARMYŠEVA, B. Ch. *Očerki etničeskoj istorii južnych rajonov Tadžikistana i Uzbekistana*. Moskva, 1976.

этникалык топту гана билдирбестен, мисалы Бухара хандыгында бийик феодал катмарын билдирип колдонулган[136]. Сарттар бүгүн этникалык топту билдирбейт, Кыргызстандын түштүгүндө жана Казакстандын айрым областтарында урушуу сөзү катары колдонулуп келет. Эгер кыргыз жигити өзбек кызына баш кошсо, айланадагыларга бул келин сарт болуп аталат. Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздарды түндүктүн жашоочулары сүйлөшкөндө сарт деп атап келишет.

Өзбектер же Казактар жыйынтыгында союздуу республика болгон эгемендүү улут болуп XX кылымдын жыйырманчы жылдары түзүлгөндөрү менен XIX кылымдын маалыматтары боюнча алардын ортосунда маданияттык айрымачылыктар болгон. Өзбектер туруктуу жашоо өткөзүп жатканда казактар көчмөн болушкан. Жарымы көчмөн калктан турган көрүнүш курама деп аталган. Кураманы Мавераннахру[137] областында жашаган отуздай көчмөн жана жарымкөчмөн түрк элдери түзгөн. Азыркы мезгилге чейин маданиятын, тилин жана жашоо көрүнүшүн сактап келген курамалар Өзбекстандын Жизкаск жана Кашкадарыя областарынан жолуктурса болот.

Совет бийлигинин XX кылымдын 20-жылдардагы Орто-Азия элдеринин өнүгүүсүнө кийлигишкенин баалабай, барктабай дагы койгонго болбойт. Орто-Азия Түркестанында жайгашкан Түркестан автономиялуу республика болуп турганда бир тилдүү деп саналган (эски СССРдин конституциясында түрк-татар деп белгилүү болгон). Башка административдик өзгөрүүлөр, азыркы республикалардын чек араларын түзүп Түркестандын политикалык субъект катары болушунун токтотуусуна алып келген. Жаңы политикалык блоктор жаңы улуттук түшүнүктөрдү түзүшү болду.

4.3. Орто-Азия жөнүндө саякатчылардын жазмасынан

4.3.1. Байыркы саякатчылар

Биздин заманга чейинки 330-325-жылдары Александр Македонскийдин Иран кыркалары аркылуу Орто-Азияга жана Батыш

[136] JEFREMOV, F. Stranstvovanie Filippa Jevrejova … pisannoe im samim v Sankt Peterburge 1782 goda. In: VIGAZIN, A.A. Putěšestvija po Vostoku v epochu Jekaterinu II. Moskva: Vostočnaja Literatura, 1995.

[137] Мавераннахр (арабча "дарыянын өйүзүндөгү жер")-7-кылымдын акыры-9-кылымдагы Аму-Дарыянын (Жейхундун) оң өйүзүндөгү аймактардын аталышы.Кийинчереек Мавераннахр деп Аму-Дарыя менен Сыр-Дарыянын (Сейхундун) аралыгындагы аймак атала баштаган. Мавераанахрдын чоң калаалары катары Самарканд, Бухара, Хожент (азыркы Ленинабад) жана башка шаарлар даңазаланат.

Индияга болгон аскердик походу жөнүндө жазылган байыркы жазмалардан гана Орто-Азиянын айрым областтары боюнча маалымат алабыз. Азыркы Кыргызстан мамлекетине Александр Македонский жеткен эмес.

Александр Македонский Сырдарыянын Фергана өрөөнүндөгү агымына чейин келген. Ал азыркы Кожент менен Бекабад шаарларынын аралыгындагы Александр Эсхата/Alexandreia eshata (Четки Александрия) чакан чеп шаарчасын он жети күндө курдурган жана бул аймак анын акыркы чекити болгон.

Биздин заманга чейинки II кылымда (138–126) император Лю Ченин тохарлар менен гунндарга каршы келишим түзүш үчүн кытай элчиси жана изилдөөчүсү Чжан Цянды Орто-Азияга жөнөтөт. Чжан Цянь Орто-Азияга эң биринчи келген жана Батыш менен Кытай ортосундагы алгачкы байланышты түзгөн кытай болуп саналат. Алыскы Чыгыш, Орто-Азия, Индия жана Греко-рим жер ортолук деңиздеринин экономика жана маданият жактан мамиле түзүшүндө дагы Чжан Цянь өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөн. Бул мезгил улуу жибек жолунун ачылышына дагы таандык болгон. Чжан Цяндын саякаты жөнүндө көптөгөн авторлор жыйынтык чыгырганга аракет жасаган.

Кыргыз этнонимин жазылган Сыма Цяндын "Тарыхтык жазмаларда" (Щи-Ци) кеңири берилген.

4.3.2. Араб жана персид жазмаларында кыргыздар жөнүндө эскерүүлөр

Араб жана персид авторлорунун жекече документтеринде кыргыз калкы тууралуу көп, бирок аралашып жазылган. Көбүнчө Енисай кыргыздары тууралуу жазышкан. Азыркы Кыргызстандын территориясындагы кыргыздар тууралуу кийин гана жазыла баштады.

Ал Истахри (Al-Istachri) Итил (Волга) дайрасы тууралуу жазганда кыргыздарды эскерте кеткен. Бирок бул жазмада арабдардын 10 кылымдагы географиялык берилиши так болбой калган. Итил (Волга) дайрасынын башаты Кама дайрасы география боюнча чыгышта жайгашкан. Ал-Истахирдин эмгеги 943–965-жылдарын ортосунда пайда болгон.

Итиль дайрасынын башаты кыргыздардан/хырхыздар/ башталып кимак жана гуздардын территориясы аркылуу өтүп алардын ортосуна

чек араны пайда кылат. Андан ары батышка Булгар тарапка бурулуп кайра түндүктөн Хазар деңизине куят[138].

(...) Хыргыздар болсо тогузгуз хандыгы, кимактар менен хазладждардын жери жана океандарынын ортосунда жашашат. Тибет хырхыздар менен Чин (Кытай) мамлекетинин ортосунда жайгашкан[139].

(...) Син ханынын доорунда ар түрдүү тилдер бар болгон. Түрк элдери – тогузгуздар, хырхыздар, кимактар, гузздар жана хадзлаждар бир тилде сүйлөшкөн[140].

Белгисиз автордун 982-983-жылдары жазылган эмгегинде (Чыгыштан батышка чейинки жер жүзүнүн чеги тууралуу жазылган китеп)[141] В. В. Бартольд азыркы Кыргызстындын территориясындагы Ыссык-Көл деп эсептеген Айксук көлү тууралуу жазылган. Ушул жазмага таянсак кыргыздар өздөрү башка аймакта жашашат, Айксук көлү чигилдерди области жана тогуздар жашаган областтын ортосунда жайгашкан.

XII кылымда кыргыздырдын салт-санаасы диний ишеними тууралу Ал-Марвази жазып кеткен (эмгегин 1120-жылы аяктаган).

Көп калктуу хырхыз эли чыгыш жана түндүк областтарын ээлейт, Хыргыздар дагы түрк элдеринен.(...) Хырхыздардын каза болгон адамды өртөп жерге койгон, "От эң таза нерсе, отко түшкөндүн баарысы тең арууланып, тазаланат. Өлгөн адамды дагы от кирден жана күнөөдөн арылтат деп айтышкан"алардын ою боюнча өрт аларды таза кылган. Бул алардын байыртадан берки салты болгон, бирок мусулмандар менен коңшулашкандан кийин алар дагы топуракка жерлөө адатын кабыл алышкан.

Хырхыздардын арасында фагинун аталган адамдар бар (бакшы). Алар жыл сайын бир мезгилде келишет жана алардын айланасында ырчылыр, музыканттар чогулуп чон той башташат. Майрам ортолоп, баары жакшы маанайда болуп калганда фагинун эсин жоготуп жатып калат, калгандары андан келерки жыл кандай болоорун, жамгыр болобу же кургакчылыкпы деп чон ишениш менен сурашат.

---

[138] Materialy po Istrii turkmen i Turkmenii. Al-Istahri: Kniga putěj i gosudarstv (Kitab masalik al-mamalik). Котормо S.L. Volin. Tom 1. Moskva. Institut vostokovedenija, 1939.

[139] LUGOVSKIJ, A. Istorija kirgizského jazyka [онлайн]. 2005 [цит.9.8. 2008] <http:// kzrgyz.lugovsa.net/history.htm>.

[140] AL-ISTACHRI, Abu Ithak Ibrahim ibn Muhammad (Абу Исхак Ибрагим ибн Мухаммед). Kitab masalik al.mamalik.(Kniga putej gosudarstv-Книга путей государств) [онлайн]Analitičeskij centr,2005[27.8.2008] Котормо L.Z. Pisarevskij <http://www.analitika.org/article.php?story=20050227040828l0&mode=print>

[141] Kitab hudut al-alam min al-mašrikila-l-magrib.[онлайн]. Analitičeskij centr,2005 [цит.27.8.2008].Котормо Z.N.Vorožejkinov. <http://www.analitika.org/article.php?story=20050227040828l0&mode=print>

Хырхыз мамлекетинде тоолорду арлап агып өтүп чоң дайрага кошулган төрт дайра агат[142].

Персид мамлекетинин тарыхчысы жана врач Рашид-ад-Дин Фазлух Хамадин (1247–18.07.1318) өзүнүн энциклопедиялык эмгегинде[143] (1310-1311-жылдары аяктаган) ортоазиялык элдер тууралуу көп маалымат чогулткан алардын арасында кыргыздарды дагы атап кеткен.

Алгачкы сөз. Түрк элдери жашаган аймактардын кээ бир областтарынан. (...) Биринчи билип ала турган нерсе болуп, жер бетиндеги жашаган элдердин көчмөн жана туруктуу болуп экиге бөлүнүшү.(...) Байыртадан жана азыркы күнгө чейин түрк аталып келген калк Дешт-и Кыпчак областтарынын тоо жана токойлорунда, орустардын, черкастардын, башкирлердин, Талас жана Сайрма[144] областтарында, Ибир-Сибирь[145], Булара жана Анкара дайрасында[146], Түркестан жана Уйгурстан аттары менен даңкталган областтарда: мисалга Көк–Ирдыш, Каракорум тоолору, Алтай тоолору, Орхон дайрасы, Кыргыздар жашаган областтар жана дагы кэм-кэмжуттардын областтарында жашашат (...)

Диб-Бакуйдун[147] төрт баласынын урпактарынан калган көчмөн түрк калкынын тизмеси. (...) Экинчи бөлүм. Монгол атын алган жана башта айтып кеткен элдерге окшош бир калптагы калктар. Бул калк көп түрдүү жана ага кирген уруулардын эсептегенге болбойт. Алардын кээ бир аттары (...) жана жашоо шарттары тууралуу бул

---

[142] AL-MARVAZI Tabák al-hajaván (ЖАНЫБАРЛАРДЫН ЖАРАТЫЛЫШЫ) [онлайн].2005[цит.27.8.2008] <http://www.analitika.org/article.php?story=20050227040828l0&mode=print> Materialy fonda Instituta Literaturz I iskusstva AN Respubliki Kyrgystan.Inv №1820.

[143] RAŠID-ad-Din Sbornik letopisej (Жами ат-таварих/Džami at-tavárích) Котормо L.A. Chetagurov, A.A.Semjonov.Tom 1. Kniga 1. Moskva-Leningrad AN SSSR, 1952.

[144] Азыркы Казакстандын шаарлары –Талас (Тараз) кийин Олуя-Ата, азыр Жамбыл; Сайрам –Сайрам бүгүн Чымкентин жанында жайгашкан.

[145] Азыркы Сибирь.

[146] Булар-белгисиз, эски Сибирь картасында көргөзүлгөн эмес; Анкара – Анкара дарыясы (Енесайдын оң куймасы)

[147] Бул жерде Рашид ад-Дин Огуз тукумун оң жана сол канатка бөлгөнүн тартуулайт.Огуздун алты баласы болуп алардын ар биринин төрттөн баласы болот: Огуз аларга аскер бөлүп-Огуздун үч баласы оң канатты алып:

Кун-хан жана анын балдары Кайи, Баят, Алкараули, Кара-уйли;
Ай-хан жана Яраз, Дукер, Дардуга, Баяралы;
Юлдуз-хан жана Авеш (Ауш), Кырык, Бекдели, Каркын.
Огуздун калган үч баласы сол канатын алат:
Кок-хан жана Баяндур, Биха, Жаулдур, Чипни;
Так-хан жана Салор (Салыр), Имур, Алаюнтли, Узгиз;
Деңгиз-хан жана Яандир, Букдур, Бинва, Каник.

жерде жазылат: кераиттер[148], наймандар[149], онгуттар[150], тангуттар[151], беркиндер[152], кыргыздар. (…)

Экинчи классификация биз азыр монгол атап жаткан түрк урууларына тийешелүү[153], бул уруктардын мурда жеке аты жана жеке башкаруучусу болгон. (…)

Татар уруусу (…) Бул уруунун жетекчилеринин ортосундагы мамиле анча жакшы болбой, бири бири менен ар дайым уруш талашта болушкан.(…) Эң чон Анкара-мурен (Ангара) дайрасында (…) Кем (Енисей) дайрасынын куймасында Кикас шаары жайгашкан. Бул шаар кыргыздардын областына караган (…) Бул калктардын келбети, бой түзүлүшү, тили, адаттары жана салттары окшош болгон. Мурунку жашоолорунда айрыма жок болгон калктарды монгол деп атай башташкан.

Буга чейин татарлар дагы күчтүү калк болуп Хитай[154], Хинда жана Синда областтарында Кытайда жана Мачинде (азыркы Кытай жана Кытайдын түштүк областтары) кыргыздардын, келар жана башкирлердин өлкөсүндө, Дешт-и Кыпчакта, араб урууларында, Сирияда, Египетте жана Мороккодо түрк урууларынын баары татар аталчу.

---

[148] X-XII кылымдарда забайкал областына отурукташкан уруу бирикмеси.Биринчи иретте монгол уруулары жана дагы түрк-уйгур уруусу тууралу сөз болот.(AVLJAJEV, G. O. K výprosu o proishoždënii keraitov i ich učastii v etnogeneze srednevekovych ojratov Djungarii i kalmykov Povložja [онлайн]. Centralnoaziatskij istoričeskij server. 1999-2007 [цит.4.8.2008]. <http://www.kyrgyz.ru/?page=46>. Problemy etnogeneza kalmykov/ Elista: Respublikanskaja tipografija Gosudarstvennogo komiteta Kalmyckoj ASSR po delam izdatelstvo, poligrafii I knižnoj torgovli, 1984.)

[149] XII кылымдын акырында XIII кылымдын башында Орхон жана Иртыш дарыяларынын аралыгын мекендеген көчмөн түрк-монгол элдеринин бирикмеси. "Найман"монголчо "сегиз" дегенди түшүндүрөт. Алгач найман саясий жактан таасири күчтүү 8 уруудан турган, наймандардын арасында түрк жана монгол тилдеринде сүйлөгөн уруулар болгон. Алар уйгур жазмасын колдонушканө; христиан динин тутушкан. Бийлик башында хан турган. XIII кылымдын башында найман Чынгыз хандан жеңилгенден кийин Теңир-Тоого оол келишкен. XIII–XIV кылымдарда найман Борбордук жана Орто-Азиядагы бир катар түрк жана монгол урууларына аралашып кеткен.

[150] Онгуттар Кытайда Ин-шан тоосунда жашаган. Булар Гуннлардан калган түрк Шато тобунун тукумунан болгон.

[151] Тангуттар-тибет-бирма тил тобунда сүйлөгөн эл. 10-кылымда түндүк-батыш Кытайдын азыркы Шаньси аймагынын батыш бөлүгүндө жана Ганьсу аймагында жашашкан. 982-1227-жылдары тангуттар өз алдынча Си Ся мамлекети болгон. 1036-жылы иероглифтерден турган өзүлөрүнүн улуттук жазмасын түзүп алышкан. Тангуттардын өлкөсүн монголдор басып алгандан кийин алардын бир бөлүгү тибеттиктердин курамына кирген, калгандары монголдор жана кытайлар менен аргындашып кеткен.

[152] Беркиндер Уйгурстанда жашашкан.

[153] Рашид ад-Диндин түшүнүгү боюнча көчмөн калктар тууралу айтылат.

[154] Бул мезгилде Хитай/Хатай аталышы Кытайдын түштүк чеги аталган.

(...) Тумат уруусу кыргыздардын территориясында жашап коопсуздук аскер уруусу болуп калган. (...) Булгачин жана кэрэмучин уруулары Баргужин-Токум жана дагы кыргыздардын территориясында жашаган. (...) Урастут, теленгут жана куштеми уруулары манголдорго окшош жана монголдордун дарыларын жана дарылык касиеттерин жакшы билген. (...) Алар кыргыздардын жана кэм-кэмжуттардын территориясындагы токойлордо жашашкан[155]. (...) Кыргыздар көтөрүлүш чыгарып баштаганда Чыхгызхан уулу Жучи-ханды аларга жиберет. Жучи-хан Селенга дарыясынын үстүндөгү музду жана башка тонуп калган дарыялар аркалуу барып кыргыздардын территориясын басып алган.

Ал жерди бийик тоолор жана токойлор куурчап турат. Кышында калын каар жаайт. Кышкысын жырткыч жаныбарларды кармашат. Кармаган оокаттарын жыгачтан жасаган чанага салып тик ашуулардан ылдам түшүшкөн, 2-3 ман (6000-9000кг) жүк жүктөлсө дагы көп күч талап кылынбай каар үстүндө оңой кеткен.

Кыргыз уруусу. Эки окшош Кыргыз жана Кэм-кэмжут областтары бир мамлекет болгон. Кэм-кэмжут бул чон дайра, бир жагынан монгол территориясына тийип экинчи жагынан тайжут уруусу жайгашкан Селенга дайрасына чек ара түзөт. Дагы бир жагынан Анкара-мурен улуу дайрасынан Ибир-Сибир территориясына чейин чектешет. Кэм-кэмжуттар найман уруусу жашаган тоолор менен дагы чектеш. Факт боюнча монгол болгон кори, баргу, тумат жана баяут уруулары Баргужин-Токум[156] территорияларын ээлешет... Бул жерлерде көптөгөн шаарлар, айыл-кыштактар жана көптөгөн көчмөн калктар бар. Кыргызда кахан эмес, улутунун титулу "инал" болгон. Не да болсо инал титулу кагандан төмөн, кебетеси ал чакта кыргызда эки инал болуу керек. Бири-Еди инал, экинчиси Урус инал.

Чынгызхан Алтан менен Букраны мага карагын деп элчиликке кыргыздарга жиберген. Ал кезекте кыргыздын каны Рыс айнал деген киши эле. Кыргыз кайта көп тартуу менен үч эмирин Урут-Утуджу, Элик-Тимур жана Артыракты жиберет. Тартуусу – башы, буту, мурду, тумшугу, көзү кызыл ак шумкар эле, дейт. Кыргыздар монголдорго согушсуз караса дагы, 1218-жылында (барс жылы) кыргыз менен Чынгызхандын ортосунда согуш болгон. Ошондо монголго каршы Байкал көлүндө туруучу Тумет жана Байлук эли

[155] Обь жана Енесай дарыяларынын ортосундагы территория.
[156] Баргузин-Байкал көлүнүн бир куймасы.

көтөрүлүш кылган. Булар кыргыздарга коңшулаш тургандыктан көтөрүлүштү басуу үчүн кыргыздардан аскер сураганда, алар аскер бермек түгүл өздөрү каршы чыкканда Чынгызхан улуу баласы Джучини баш кылып аскер жиберген. Булардын эрөөл аскеринин башчысы Бука деген киши кыргыздырды кайта кубалап жиберип, өзү кайта сегизинчи сууну басып келген. Мунун соңунан өзү келип, муз баскан суу Кэм-кэмжутту (Энисейди) басып келип, кыргыыздарды каратып кайра келген.

Ушул окуядан кийин Чынгызхандын уулу Джучи тууралуу элдик уламышы пайда болгон. Кыргыздар жеңилип калгандан кийин Джучуну өзүлөрүнө падыша кылууну хандан өтүнүшөт. Хан макул болуп баласын атка отургузуп элчилар менен кошуп жиберет. Жолдон аттардын үйүрүнө кабылган жаш хан тебелендиде калып каза табат. Ушул кайгыдан кийин кыргыздар хансыз эле жашоону каалашкан деп айтып келишет.

Эгер тарыхтагы маалыматтарга таянсак, кыргыздар VIII-IX кылымдырды уйгурларга каршы түрк элдеринин союзу катары эскерилип келген, алардын акыркы жеңиши 840-жылы болгон.

Монгол элчилиги Енисей кыргыздарын эч каршылыгы жок кабыл алат. Бирок 1218-жылы байкал көтөрүлүшүндө кыргыздар жардамдан баш тартканда Чынгызхандын баласы Джучиден жеңилип монголдорго көз каранды болуп 1399-жылы гана бөштондукка чыгышкан.

Мир Жалилдин кыргыздырдын уруу башчысы менен жоолугушуусу (16 кылымга таандык) тууралуу Сайфа аль-Дина Ахсикендин[157] жазмасында Түркестан райондорунда жашаган кыргыздар тууралуу баяндалат.

Сейид[158] Мир Жалил Шыркентке (азыркы Тажикстан территориясында, болжолу менен Душанбеден 60 км батышта жайгашкан) жетип ханака[159] өзүнүн атасына сейид Жалал ад-Динге келген. Ханактан эс алып, атасынын арбагына сыйынып, куран окуган. Бир нече күндөн кийин Көк-Кыядан Тагай келип Мир Жалилди конокко чаккырып, ал жолугушууда Тагай Мир Жалилди макул болушуна аракет жасаган. Мир Жалил макул болгондон кийин алар чогуу жол тартып Шыркенттен кетишет. Жети-Кашка, Ак-Тимур-бахадур жана Даулати-йар жергелерине жеткенде конокту чон сый менен тосуп алышып кеткенге чейин анын айтканын аткарып коноктошот.

---

[157] ROMODIN, V. A. Materialy po istorii kirgizov I Kirgizii. Sajf ad-Din Achsikendi: Sobranie istorij (Madžmu at-tavarích) Moskva, 1973.
[158] Мухаммеддин тууганынын аты (анын кызы Фатиманын тукуму-Хусейн жана Хасан)
[159] Мечет жана медресе-мектеби бар "Суфий монастыры".

Андан ары жол тартып Салус-бек Булгачы областына келип конушат. Алты уулу менен конокко кызмыт кылган Булгачы Мир Жалилден балдары үчүн сыйынып коюусун суранат. Ыйык Мир Жалил Булгачынын суранычын орундатып анын балдарына сыйынат. Алардан кийин –бостон, тейит, жоо, кисек, деелес, хыдыршак жана кангады алты уругу чыгат.

Булгачынын үйүнөн чыгып Отуз Огулдардын жерине келет. Бул жерден ал Тагай-бухадырдын үйүнө токтойт. Тагай-бухадурдун Кулана, Гүлжур, Богостон, Кара Чоро, Саякаи жана Доолос аттуу алты баласы болот. Саид аларга дагы сыйынып алардан дагы кийин алты уруу-Куланадан ядгар, Гүлжурдан бугу, Бостондон саяк.... (текст толук эмес).

Тагайдыкынан чыгып Ку-Огулдардын жерине келет. Ку-Огул алты баласы-Басыз, Кушчу, Мундуз, Чоң Багыш, Сары жана Сунжек Хытай. Бахадур менен тосуп алып аларга дагы сыйынып коюсун суранат. Мир Жалил аларга дагы сыйынгандан кийин алардан дагы алты уруу чыгат.

Кушчунун үйүнөн чыгып Мир Жалил Узгендке барып он күн турат дагы андан ары Андуганга сапар тартат. Андуганда Мир Жалил Бура-хандыкында бир айга токтолот.

4.3.3. Орто кылымдардагы европалык саякатчылар

Орто-Азия тууралуу европалыктардан XIII кылымда гана Карпини (Carpini), Рубрик (Rubruk), Клавия (Clavijo), жана кийинчереек Марко Полонун Орто-Азия жөнүндө эң белгилүү "Миллион" китебинен билебиз. Атактуу европа саякатчысы, рим папасынын элчиси Жованни де Монтекорвино (Giovanni de Montecorvino) сыяктуу эле Марко Поло азыркы Кыргызстандын территориясында болгон эмес.

Азыркы Кыргызстандын территориясын Карпини 1245-1247 жылдары өзүнүн саякатында Рубрик 1253-1255-жылдары саякаттаган жана Клавия 1403-1406 жылдары Самаркандан Тимур болуп саякатын аяктанда көрүп кайтышкан.

Карпини монгол жана татар элинин салт санаасын кеңири баяндап жазат[160]. Анын саякаттагы китебинде бул элдердин тамак алдындагы салттары жана күнүмдүк жашоодо болгон сыйкырдуу колдонулуштары тууралуу дагы болгон.

Карпини алардын аң – уулочулугу жөнүндө дагы жеткиликтүү сүрөттөгөн. Бул баяндоодо, алар жер айдоо менен таптакыр

[160] Монгол же татар аталыштарын улут катары түшүнүүгө болбойт.Карпини Азия калкы тууралу жазганда монгол хандыгына жакын жашаган өз алдынча элдерди так сүрөттөп кеткен.

иштешпейт жалаң гана мал чарбачылыгы менен күн көрүшөт деп эскерген[161].

Карпиниден кийинчереек саякаттаган замандашы, кийинчереек саякаттаган Рубрик мындай деп эскерет:

Биринчи ирет белгилей кетчү нерсе, бул калк өзүнүн өлүп калган жаныбар малын дагы кошуп баарын жешет. Бирок жай мезгилинде аларга *космос* (кымыс)[162] болсо, андан башка эч нерсенин кереги жок. Ушул убакта жылкысы өлүп калса анын этин ичке кесип күнгө коюп кургатышат. Аны такыр туздабаса деле жагымсыз жыт чыкпыйт.

Рубрик өзүнүн саякатында кыргыздарды мындай деп эскерет:

Тоодон бүтүндөй жерди ээлеген улуу дайра (Талас) агып түшөт, жергиликтүү калк каналдарды казып дайранын кенен агышына жардам беришет, бул дайра көлгө агып түшпөйт, себеби болгон сууну жер соруп алат дагы жерде чоң жаракалар гана калып таң калтырат. Мен ал жерден жүзүм шактарын дагы көрдүм шарабын ичтим. Бул жер кыргыз аталышындагы көчмөн калкынын эч бир шаары жок түндүктө жайгашкан мекени болгон[163].

Болжолу менен 1260-жылы уйгур-несториан кытай Ханбаликтен/Пекинден карамакаршы Орто-Азия аркылуу Иерусалимге андан ары Раббан Саума Европага жол тартат. Азыркы Кыргызстан территориясын басып өтсө дагы ал кыргыздар тууралуу таптакыр жазган эмес, болгону Таластагы Удегей–Кайдухандын небереси менен болгон жолугушуусу тууралуу жазат. Таласта резиденциясы болгон Кайдухандын бийлиги Кашкарга чейин жеткен.

4.3.4. Жаңы тарых

XVII кылымдын башталышында Марко Поло атаган *Cathay* мене Кытайдын ортосунда кандай байланыш бар экени европалыктарга түшүнүксүз болгон. Португал иезуисти Бенто де Гоиш (Bento de Goes) Индиядан чыгып Афганистан жана Кашкар аркылуу саякатында башка иезуист Матея Ричиден (Matteo Ricci) Cathay жана Кытай бир мамлекеттин эки башка аталышы экенин билет.

Орто-Азия жөнүндө кененирээк маалымытты XVIII кылымдын I жарымында падыша Ыйык Петрдин жөнөтүүсү менен Иван Унковский Жунгарияга[164] болгон саякатында алып келет. Өзүнүн

[161] CARPINI, de PLANO J. Johannis de Plano Carpini antivariensis archiepiscopi Historia mongalorum guos nos Tartaros appellamus – Cesta bratra Jana de Plano Carpiniho ke dvoru Kujuk-chána 1245–1247, in: *Putování k Mongolům*. Praga, 1964.

[162] Кымыс-бээнин сүтүнөн жасалат.

[163] RUBRUK de, W. Fratris Willelmi de Rubruk Itinerarium ad partes Orientales – Cesta bratra Viléma z Rubruku ke dvoru Mangu-chána 1253–1255, in: *Putování k Mongolům*. Praga, 1964.

[164] Батыш Кытайдын тарыхый областы.

1722-жылдын аягында 1724 апрелдеги жазмаларында[165] кеңири чыгыш Түркестан территориясын, Тарым дайрасын, Балхаш жана Ыссык-Көл көлдөрү тууралы жазган.

Сүрөт 2. Абрахам Ортелиустун Тартариянын картасы, 1612ж. (Сибирь, Түндүк Кытай, Япония, түндүк-чыгыш Американын бөлүму жана Калифорния жарым арал катары).

Иван Унковский Тянь-шань тоолорунун жашоочуларын кыргыздар дебей буруттар (Буруттар Түскөл көлүнүн айланасында көчүшөт. Картада Ыссык-Көл деп берилген) деп эскерет. Буруттар/кыргыздар 5000 түтүн эл болуп армияга 3000 адамды бере алышкан. Картада буруттар Ыссык-Көлдүн батыш тарабында жайгашкан, Унковский көлдүн чыгыш тарабы (Түп жана Жергалан) менен кана таанышкан бирок буруттар менен жолуккан эмес же алар тууралуу жазган эмес.

Рената аталган картада[166] (1733-жылдагы калмыктырдын картасы) буруттар/кыргыздар Сырдарыянын түштүгүндө, Ферганада гана көрсөтүлгөн. Башкача айтканда буруттар Тянь-Шандагы

---

[165] Poselstvo k zjungarskomu chun-tajčži Cjevan-Rabtanu kapitana ot artilerii Ivana Unkovskogo I putevoj žurnál ego za 1722–1724 godu. (Red. N. I. Veselovskij) – Zapiski Imperatorskogo Russkogo geografičeskogo obšestva po Otdeleniju etnofrafii. Sankt Peterburk., 1887, t.10, vyp. 2. (Жунгар хунтайжи Цеван-Рабтанга элчиликтан артелеррия каптитаны Иван Унковский жана 1722–1724-жылдардагы анын жер журналы (Н. И. Веселеловского) – Орус Императорунун гепграфия коомунун этнофрафия бөлүмү. СПб., 1887, т. 10, чыг. 2.)

[166] Йохан Густав Ренат (1968–1744), швед сержанты жана картограф, Жунгария саякатчысы.
(Рената картасынын бөлүгү (кыргыздар жайгашкан территориялар) – с. 29).

ойроттор менен аралашып кетишип, 1758-жылы ойроттор менен кытайлардын ортосундагы салгылашуудан кийин гана өзүнчө болуп кетишкен. XVIII кылымда (ойроттор менен аралашып кеткенге чейин) Кашкарда кыргыздардын саны жогорулаган, кыпчак уруусундагы кыргыздар Кучу аркылуу (Тянь-Шандан) Хотанга келишкен[167].

1774-82-жылдарга туура келген орус офицери Филипп Сергеевич Ефремовдун[168] Орто-Азия тууралуу жазган докладынан тартуулайбыз. Пугачев көтөрүлүшүндөгү Илец чебин кайтарууда ал Пугачевдун армиясынан качып чыгат, көп өтпөй кыргыздардын (азыркы Казакстандын территориясынан, башкача айтканда кайсактардын) камагына алынып кулчулукка Бухарага сатылып кетет. Бул жерден ал аталыктын (хандын биринчи вазири) колуна кызматка орношот.

Аны ислам динине өтүш үчүн туздуу аралашманы ичишин сунушташат, бирок бул көрүнүш ага кыйын болгондуктан аны жеңилдетип аралашкан майды ичиришет. Кийин (ислам динине өтпөсө дагы) аскер башчысы болуп дайындалып паспорт алып Бухарадан Тибет, Кашмир, Индия жана Англия аркылуу качып кайра Россияга (тогуз жылдан кийин) келет. Өзүнүн эмгегинде ал Бухаранын жашоосун кеңири баяндап кетет (шаардын сүрөттөлүшүн, шаардык мончону жана жуунуунун ыкмаларын, тазалыктын жоктугунан пайда болгон ар кандай ооруларды, топурактан салынган үйлөрдүн ыкмасын, жибекти кантип алышаарын, пахта өстүрүүсүн, кийимдерин, кылган күнөөлөрү үчүн эркектерди дарга асышканын, аялдарды таш менен уруп өлтүргөндүгүн, эркектер күнөө кылган аялын жана анын ойношун сураксыз өлтүргөнгө толук укуктуу болгон). Кыргыздардын (кайсактардын) бүркүт кармагандарын жана тамак жасагандары тууралуу жазган.

Кыргыздар жол жүргөндө кургатылгын курутту алышкан. Аны булгаарыдан, аттын арткы бутунун терисинен жазалган баштыкка салышып үстүнө суудан куюп алышат. Ал чайкалып кою сүткө айланып калганда ичишет. Тамакты колдору менен жешет. Кымыс, бээнин сүтүн ичишет.

4.3.5. 19 кылымдын саякатчылары

XIX кылымда Росиядан көптөгөн саякатчылар Борбордук Азияга бара башташкан. Россия Борбордук Азияга чоң көңүл бура баштаган,

---

[167] BARTOLD, V. V. Tjan-Ganskie kyrgyzy vXIII i XIX vekach[онлайн] Centralnoaziatskij istoričeskij server, 1999–2007 [цит. 8. 9. 2008] <http://www.kztgzy.ru/?page=75>; Kyrgyzy. Istoricheskij očerk.-Sočinenija.Moskva, 1963.

[168] JEFREMOV, F. Stranstvovanie Filippa Jefremova … pisannoe im samim v Sankt-Peterburge 1784 goda.c.d.

географиялык коомдун жардамы менен бул аймакка карта түзүүгө, географиялык жана этнографиялык изилдөөгө сандаган экспедициялар келген. Мисалга алып саякатчыларды санап кетсек Н. М. Пржевальск, В. А. Обручев, Н. А. Северцов, М. В. Певцов, же В. А. Роборовский, П. К. Козлов, Г. Н. Потанин, Г. Е. Грумм-Гржимайло же А. П. Федченко (жубайы Ольга менен Түркестанда тактап айтканда Памирде флора, фауна, география жана этногрофияны изилдөөсү). Кыргыздар жана казактар (XIX кылымдын I жарымында бир мамлекет катары эсептелген 9-бетти карагыла) жөнүндө эң баалуу маалыматты Ч. Ч. Валиханов тартуулаган.

Орус изилдөөчүлөрүнөн тышкары дагы башка мамлекеттердин чыгаан изилдөөчүлөрү Борбордук Азиянын аймактарын изилдеген. 1854-57-жылдары немец бир туугандар Рудольф, Адольф жана Герман Шлагинтвеит (Schlagintweit) Индия жана Гималай тарапка изилдөө саякатын жасашкан жана Кунь-Лунь тоосун тапкан алгачкы европалыктар болуп саналып калышкан. Адольф Афганистан менен чектешкен тоолордо саякаттап кытай Түркестанына чейин барган. Ал Кашкардан камакка алынып шпион катары дарга асылган.

Борбордук Азияга болгон атактуу саякатчылардын арасынан белгилей кетчүүлөрдөн болуп 1890-91-жылдары Борбордук Азияга экспедиция жүргүзгөн Свен Гедин (1865-1952) болгон. Ал өзүнүн саякатында Персияны, Ташкентти, Кашкарды жана Ыссык-Көлдү кошуп азыркы Кыргызстандын территориясына чейин келген. Гелин картаны түзүүдө Борборду Азиянын жана Тибеттин райондорунун туура жана так жайгаштырганы менен айрымаланган. Борбордук Азияда саякат кылгандардын арасынан иерархия боюнча Гедин, Пржевалскиден кийинки экинчи оорунду ээлейт[169].

Гединдин текстинен ат үстүндөгү майрамдык оюндар тууралуу эскергенин кезиктиребиз. 1906-жылы ал өзү кыргыздардын улуттук оюну улак тартышка катышкан. Той таң атпай башталып түш оогондо улак тартыш [170]оюну башталды:

Кырк эки кыргыз ат үстүндө менин артымда жана астымда келе жатышты. Көрүүчүлөр ортодо бош орун калтырыш үчүн артка жылышты. Колуна улакты кармап оюнчулардын бири бизге жакындап келип экинчиси улакты сол колу менен кармап курч бычак

[169] Hedin [онлайн]. Ottova encyklopedie, 1996–2008, 1. 1. 1908 [цит. 15. 10. 2008.] <http://encyklopedie.seznam.cz/heslo/365686-hedin>.

[170] Улак тартыш малчылардын байыркы ата-бабаларынан бери келе жаткан оюну болуп саналат.Советтер Союзунун учурунда малдар колхозго карап турганда дагы улак тартыш майрамдардын эң башкы темасы болгон. Бул майрамдар мамлекет тарабынан атайын дайардалып (1-Май), коомдук белгилүү себептеринин бири болгон. Оюнга ар бир атчан катышканга укугу бар болгондуктан баардыгы өзүнүн бактысын сынап көргөн. Эң ылдым жана жөндөмдүү атчан улакты тартып өз айылына алып кеткен.

менен мууздап, байкуш жаныбардын кан агышы басылыш үчүн жерге таштайт. Кийин улактын арткы бутунан кармап атты катуу чаап оюнду баштайт. Алыстан атчандар пайда болуп, улакты тартышып башташат. Ким улакты тартып кетсе ошол жеңүүчү болуп эсептелет. Бул оюн көпкө созулуп аягында оюнчулардын аттары аксап, өздөрүнүн кийимдери тытылып кээ бирлери катуу жаракат алышат[171].

Башка саякатчылардын арасынан белгилүү, венгер чыгыш таануучусу Армин Вамбер (1832–1913) 1861–64-жылдары венгер академиясынын жардамы менен Армения жана Персия аркылуу Бухарага жана Самаркандга саякат жасаган. 1865-жылы өз мекенине кайтканда Будапешт университетинин чыгыш тилдери боюнча профессору болгон. Вамбер дайыма Англиянын активдүү күйөрманы болуп орустардын Азия ичиндеги күч кыймылына каршы турган[172].

Филологиялык далилдин жетишпестигине карабай ал венгер тили менен түрк-татар тилдеринде болгон тыгыз байланышты далилдегенге аракет жасаган. Бул тапшырманы ал өзүнүн китебинде жазып кеткен[173] жана анын замандаштары бул китеп тууралуу жазып кеткен ой пикирлерде дагы белгиленет (венгрлер бүгүнкү убакытка чейин борбордук Азияда билинбей келе жаткан өздөрүнүн түпкү тегин жана тилин издеп келет[174]).

Анын жазмалары элдик салттын структурасы тууралуу баалуу маалыматтарды камтыйт. Вембер азыркы Кыргызстан территориясында болгон эмес, ал Каспий деңизинин чыгыш жээктери жана Хива, Бухара жана Самарканд тууралуу жазат. Бирок кыргыздар жөнүндө Хивадан Бухарага саякаттап бараткандагы өзбектер жашаган Иапкенари оазис тууралуу жазмасында бул чөлмөнүн чет жагында жайгашкан Аккамиште кыргыздар жашайт деп эскерте кеткен. Коңшу Шураханда эки жумада бир базарлар уюштурулуп турган – бул шаарда адамдар жашаган үйлөр аз болгон, базар убагында хандын улуу агасы, эмир аль-Умерге таандык ижараларды дүкөн кылып ачышкан.

Хивадагы эң атактуу баңги заты бенга чегүү болгон. Бул көнүмүш адат сыяктуу болгон себеби куран вино жана башка алкоголдук ичимдиктерге тыйуууу салат жана бул тартипти

[171] HEDIN, S. S. Hedinem celým světem. Díl I., Praha, 1912.
[172] Vambéry [онлайн]. Ottova encyklopedie, 1996-2008, 1. 1. 1998 [цит. 15. 10. 2008]. <http://encyklopedie.seznam.cz/heslo/349384-vambery>.
[173] VAMBERY, H. Rese in Mittelasien von Teherán durch die Turkmanische Wüste an der Ostküste des Kaspischen Metres nach Chiwa, Tochara und Samarkand, ausgeführt im Jahr 1863. Leipzig: F. A. Brokchaus, 1865.
[174] KOHL, J. G. Reise in Mittelasien … ausgeführt im Jahr 1863 von Hermann Vambery (recenze). In: Göttingische Gelehrte Anzeigen. Akademie der Wissenschaften in Göttingen: 1865, s. 1066.

бузгандарды бийлик өлүм жазасы менен жазалаган. Базарга баруу, сатуучулар аттын үстүндө отургандыктан өтө чоң кыйынчылыкты туудурган. Кыргыздар дагы чаначы толтура кымызын байлап аттардын үстүндө отурушат. Сатып алуучулардын оозуна кымыс куюш үчүн түтүкчөнү ооздоруна кармап турушат.

Бул убакта биздин астыбыздан беш саат эрте кеткен каравандардан калбаш үчүн жолго чыгышыбыз керек эле. Күн үп болуп тургандыктан бактыбызга жолдон кыргыздардын боз – үйлөрүн жолуктурдук. Суусунубузду кандырыш максатында үйлөргө жакындаганда эле кыргыз аялдары чоң керденге кымызын куюп астыбыздан тосуп чыгып турду, күндүн ысыгында бей тааныш адамдын суусунун кандыруу чоң мейманчылык болуп эсептелген.

Борбордук Азиянын көчмөн калкы кымысты күчтүү суусундук катары колдонуп жана аны ичкенден кийин ток болуп калгандыгы менен өзгөчөлөнүп колдонулган. Мен кымысты көп ичтим бирок кычкыл болгондуктан баарынан аз-аздан ууртап турдум. Мен кыргыз аялы менен көчмөн калкынын туруксуз жашоосу тууралуу сүйлөшкөндө ал мага каткырып жооп берди: *Биз молдолордой болуп жалкоо болуп ар дайым бир жерде отура албайбыз. Адам баласы күнду, айды, жылдыздарды, сууну, жаныбарларды, чымчыктарды жана балыктарды көрүш үчүн кыймылдаш керек, өлгөн адамдар жана жер кыймылдабайт калгандарынын баары ар дайым кыймылда болуп туруш керек.*[175]

Орустардын Борбордук Азияга болгон саякаты

Н. М. Пржевальский

Николай Михайлович Пржевальский (13.3.1839-20.10.1888) чындыгында эң белгилүү Орто-Азиялык саякатчыга кирет, себеби анын экспедициясындагы жыйынтыктар азыркы күнгө чейин белгисиз территорияларды билүүгө чоң салымын кошту. Бирок ал өзүнүн эмгегинде кыргыздар жана азыркы Кыргызстан территориясына аз орун берген, анткени анын маршурттук экспедициясы алгачкы иретте азыркы Кытай жана Монголияга болгон: 1870-73-жылдары монгол экспедициясы, экинчи Борбордуказия экспедициясы 1876-77-жылдарга таандык, Биринчи Тибет экспедициясы 1879-80 жылдары. Экинчи Тибет экспедициясы 1883-1885 жылдары болгон. Эң акыркы экспедициясынан Чу

[175] VAMBERY, H. c. d., s. 123-126.

дайрасында балык уулап жатып каттуу ооруп Ыссык-Көлдөгү Караколдон 1888-жылы каза болот.



著作物

П. П. Семенов



Петр Петрович Семенов – Тян-Шанский (1827–1914) Өзүнүн экспедициясы менен Борбордук Азияга илим изилдөөсүн баштаган. 1856–1857-жылдары Тянь-Шанда изилдөө жүргүзүп жана андан тышкары Ыссык-Көлдү, жергиликтүү флора жана фаунаны изилдеген. Жергиликтүү калктын жашоосу менен дагы кызыккан. Мисалга алсак анын жазууларында, үйлөнүүдөн кийин кандай кыйынчылыктар келип чыга тургандыгы жөнүндөгү маалыматтар жазылган. Семенов нике кыйуу келишпестигиндеги бир окуяны жазат. Дулат жана атбан уруктарынын кыйын абалды чечүү максатындагы сот жыйынына ал өзү катышат[176].

Бул окуяда кыз менен жигиттин ата-энеси калым тууралуу сүйлөшүп, кыздын ата-энеси болжолдогон калымды баланын ата-энесинен жана жигиттин өзүнөн алат. Жигит кызды алып кеткени келгенде кыйнасаңар өзүмдү курман кылам деп кыз каршы болуп барбай коет. Кызынын сырын билген ата-эне алган калымдын жарымысын гана кайтарып берүү үчүн жигит менен сүйлөшүп башташат.

Бир чечимди кабыл алыш уламдан улам оордоп чечим чыгаруу кыйындыкка учурайт, себеби талашка жигиттин уруусундагы аксакалдар дагы кийлигишип кыздын каршычылыгын салтты гана бузгандык эмес, бүтүндөй урууну уятка калтырды деп карашат.

Бир чечимге келиш үчүн жана эки тарапка тең ылыйыктуу чечим табыш үчүн ар бир уруудан эң барктуу үч кишини тандашат. Сот атайын дайындалган боз – үйдө болгон жана сотко кыз өзү жана ата-энеси дагы катышкан. Кыздын каршы чыккынын себеби, кыздын ак сөөк уруусунан чыгып экинчи аял болуп тийүүнү каалабагандыгы болот. Калым төлөп жатканда бойдок болчумун кийин агам каза болуп анын жесир калган аялына үйлөнүш менин милдетим, деп ага каршы оюн жигит айтат. Бул жерден экинчи аял болом деп айтыш туура эмес.

Аягында кыздын ата-энеси калымды толугу менен кайтарып жана жигиттин ата-энесине, жигиттин өзүнө дагы кун төлөп бермей болушат.

---

[176]SEMJONOV Ťan-šanskij, P. P. Putěšestvija v Ťan-šan v 1856–1857 gg. (Memuary). Moskva, 1948.

Н. А. Северцов

Николай Александрович Северцов (1827–1885) азыркы мезгилге чейинки белгисиз аймактарды биринчи иреттеги картографиясына киргизген Орто-Азия саякатчыларына кирет. Ал борбордук Памирди көргөн жана жазган алгачкы эвро па саякатчысы болгон.

Северцов аялдар менен эркектердин ортосундагы эмгек бөлүнүшүн белгилейт жана кыргыз аялдарынын күйөөсүнө баш ийгенин таптакыр сезбейт. 1873-жылы Тянь-Шанга болгон саякатында Северцов кыргыз үй кызматчыларын чыныгы үйдүн кожоюну катары кабыл алат. Кимдир бирөө кыргыздарга аз күнгө конокко келсе кыргыз аялдарынын күйөөсүнө толук баш ийип жана ага кызмат кылып жашап жаткандай байкайт, бирок чындыгында таптакыр андай эмес:

Кыргыз аялдары аябай жөндөмдүү. Үйдө алар толук укуктуу кожоюн. Бирок ал ар дайым эмгектенип, жалкоо көчмөндү иштетип оокат кылат. Тойлордо кана ал күйөөсүнө баш ийип, чогуу отуруп тамак ичпей (ал күйөсү тойгондон кийин кана тамак иче алган) чыныгы аял болуп конокторду сыйлаган. Айылга баскынчылар кирип келсе эркектер мылтыкты алып эшикти карай чуркаса аялдар ордунан жылбай өздөрүнүн жанын сакташат.

Эмгек бөлүшүнөн тышкары Северцов 1867-жылдын күз мезгилинде койчулардын Карахожурдагы[177] кыштоосун сүрөттөйт. Анын айтуусу боюнча, бийиктикке жана күндүн сууктугуна карабай бул аймактагы кыштоо болушунча ыңгайлуу өтөт. Койчулар жылыныш үчүн тезек колдонушат. Бул жер деңиз деңгеелинен 8000 фут (2500 м) бийиктикте жайгашса дагы суук шамалдан жакшы сактайт. Северцовдун айтуусу боюнча Барскаун жана Нарындын ортосундагы Сары-тур тоосунда 11 000-12 000 фут (3400-3700 м) бийиктикте кыштоо мүмкүн.

Бул бийиктикте кыштоо көп болбойт, бирок кыштоочуларга малды багыш үчүн кышында кар аз жааган жер кана керек. Деңиз деңгээлинин бийиктиги каардын аз жаашына эч таасирин тийгизбейт, эң негизкиси шамалдын бир тарапты карай согушу. 4000 м бийиктикте каардын жоктугунун себеби тоолор булуттардан бийик жайгашкандыктан.

Северцовдун кийинки жазмасы 1873-жылдын октябрь жана ноябрь айларындагы Нарындан алыс эмес жайлоолорундагы саякатында малчылардын кыштоого даяр болуп калгандыгы тууралуу:

---

[177] Нарын областындагы тоолу аймак.

Кызыл түстөгү жарлардын арасында Умбет-алыдан көчүп келген сарыбагыштардын кичинекей кыштагы пайда болду. Бул аймактагы чөптөр желип калса дагы, койчулар бир кыштоодон чыгалышат, аларга эң негизгиси болуп бул жердин шамалдан жакшы корголуп турганы.

Ч. Ч. Валиханов

Чокон Чынгызович Валиханов (1835 ноябрь айында Россиянын Кокчетау уездинде/азыркы Казакстандын түштүгүндө жарык дүйнөгө келген – 10.04.1865) анын Борбордук Азиянын маданиятына болгон көз карашы орус саякатчылырынын жазмаларынан терең айрымаланып турган себеби ал өзү Борборду Азияда туулган. Валихановдун XIX кылымдын жарымында азыркы Кыргызстындын (1856-жылы ал Ыссык-Көлдө саякаттаган, 1858–1859-жылдары Кашгарияга он бир айлык экспедициясын кабыл алып Черняевдин аскердик походунун катышуучусу болгон) тергриториясына болгон экспедициясында башка саякатчылардыкында жок илимий классификацияга таянып этнографиялык мүнөздөмө бергени.

Кыргыздардын бөүлүнүшү

Жети-Суу областындагы кыргыз урууларынын бөлүнүүсүн Валиханов өзүнүн туугандарынан (биринчи иретте чоң апасынан жана атасынан уккан уламыштар)[178] уккан маалыматы боюнча жайгаштырат.

Оң жана сол канат деп “жапайыташ” кыргыздырдын бөлүнгөндөн ташкары Валиханов аларды оң жана сол кол деп түшүндүрөт (XIX кылымдын I жарымында). Оң жана сол колго бөлүнүшү кыргыздарда ун (оң) жана сул (сол) болуп бөлүнүшү. Ундун башкы жетекчиси болуп бугу “уруусу”, сул группасыныкы солту (солто)“уруусу” болуп эсептелет.

Бул (оң жана сол кол болуп) бөлүнүүлөр өзүнүн түпкү тамырында байыркы түрк элдеринин ажосу Огуз –хандын алты баласына таандык. Өзүнчө уруулар канаттарга бөлүнүп өздөрүнө

[178] TURDALIEVA, Š. Rodoplemennoe delenie Kyrgyzov po materialam Č. Č. Valihanova [online]. Centralnoaziatskij istoričekij server, 1999[cit. 26. 8. 2005]. Dostupny z: <http://www.kyrgyz.ru>. (Ч. Ч. Валихановдун кыргыздарды урууга бөлүү материалынан [онлайн]. Борборду Азия тарыхый сервери, 1999[цит. 28. 8. 2005]. <http://www.kyrgyz.ru>.)

тийешелүү аймактарда жашашкан. Валихановдун ою менен биргелешип, азыркы убакка чейин (XIX кылымдын I жарымында) Бухарада падыша тагынын оң жана сол капталында урууларды башчысы катары бектер турат.

1856-жылы түндүк кыргыз бугу уруусуна барганда Валиханов экиге бөлүнгөн кыргыз уруусунун уламышын жазат.

Биринчи "элдин" уруу башчысы Кыргызбайдын атынан кыргыз аталышы келип чыккан. Кыргызбайдын жалгыз Ак-уула (Ак бала) аттуу уулу болот.

Бир уламышка таянсак Ак-ууланын Абл (Абель) жана Кабл (Каин) деген эки уулдары болот, экинчи уламышта Абл жана Кабыл Ак-ууланын тукумунан болгон деп жазылат. Аблдын тукуму оң канатты түзүп, ал эми Кабылдын тукуму сол канатты түзгөн. Аблдын небереси Тагайдын балдары (Богорстан, Койлак, Килжира жана Карачоро) дагы оң канатта болушкан.

Кыргыздар оң жана сол канат болуп эле экиге бөлүнбөстөн, ичкилик деп Кыргызбайдан тараган үчүнчү бөлүгүн Валиханов белгилеп кеткен.

Валиханов оң канатка бугу, солту (солто), сарыбагыш, жедигер, адигине, басыз, багыш, тыгай (тагай), черикчи (черык), урууларын бөлгөн.

Мисалга солту уруусун Валиханов өз ара кийинкилерге бөлгөн: конту (күнтуу), булекбай (бөлөкбай), толкан (талкан), үчбагыш.

Солто уруусу Чүй өрөөнүнүн борбордук жана батыш жана Чу дарыясынын түштүк жээк аймактарында белгиленет.

Фергана өрөөнүндө жана Памир, Алтай тоолорунда жашаган сол канаттын урууларын тууралуу аз жазылган. Ал бугу уруусунун башчысынын, буруттар генеология боюнча кыргыз түрк уруусунан келип чыкканын жана кийинчереек аларга бейтааныш кыпчак, наиман жана кытай уруулар кошулгандыгы тууралуу маалымыт алган.

Сол канат тууралуу маалымат аз болгонунун себеби, мүмкүн Кыргызстандын түштүк аймагындагы урууларды саны кыйынчылыкты туудургандан. Түндүк аймакта аз жана чоң белгилүү уруулар (мисалга бугу уруусу азыркы Ысык-Көл менен байланышып)[179] жайгашса түштүктө алар көп жана азыраак мааниге ээ[180].

---

[179] Бугу урууларынын арасында башка дагы уруулар жашаган.Алар башка уруудан жана түпкү тамыры башка аймактан экенин өздөрү айтып келишет.

[180] HVOSLEF, E. H. *Tribalism and modernity in Kirgizia.* The third Nordic conference on Middle Eastern Studies: Ethnic encounter and culture change. Joensuu, Finland, 1995.

Жашоо камын көрүү

Валиханов[181] бийик тоолу аймакта жашаган кыргыз калкы дыйканчылыгы менен иштебей, балык уулоо жана мергенчилик менен жан багып келген деп жазат.

Малдарынын саны ар кандай болгон, ошол убактын азыркы түндүк Кыргызстанда жашаган эң бай манаптын 3 000 баш жылкысы, ал эми кыргыз-кайсактардын бай манабы 15 000 баш жандык, айдабул уруусунун байы Азанбайдын 25 000 баш мал-жандыгы болгон.

Валиханов кыргыз көчмөндөрүнүн XIX кылымдагы соода сатыгын жана базарларынын жайгашканын сүрөттөйт:

Кытайдын чыгышы, Кулжа (Инин / Yining). 10 октябрьда адбан кыргыздарынын боз үйлөрү мал сатып үй оокатын алуучулар үчүн ачылат. Он баш малдын ичинен эки башын мамлекеттик мүлккө төлөшүп калганына кашкар пахта кездемесин жана башка оокаттарды сатып алышат[182].

Бир койдун орто баасы 1 рубль, калгандарынын баасы болжол менен кийинкидей болгон: түлкүнүн, карышкырдын тээриси 1,5 рубль, барстын териси 5 рубль, үч темир чайнек 5 рубль, драп пиджак 1 рубль. Бул сатуучулар койгон товардын баалары жаныбарлардын терисинин баасынан арзанираак экенин байкасак болот. (жапайы жаныбардын терисинин баасы бир койдун баасынан 50% ке өйдө турат)

Өсүмдүк жана жаныбар азыктарынын баасын салыштырып көргөндө малчылар дагы утулуп калып жатышат, пуд буудай (16 кг) 30 тыйын турса, пуд арпа 45,5-48 тыйын турган. Демек бир койго бир мүшөк буудай сатып алганга болгон.

Дыйканчылык кийинчереек Фергана областында жана ошондой эле балык уулоо адаты болгон Ыссык-Көлдүн айланасында пайда боло баштаган.

Жер айдоочулук малчыларга белгисиз иш болгону менен, Валиханов алардын түшүм мол болуп, бир мүшөк айдаган уруктан ондогон мүшөк буудай алып жаткандарын жазат. Жыл сайын кыргыздар болжолу менен 15 000 мүшөктөй урук себишет.

Бул берүүлөр абдан кызык болуп саналат, себеби Кыргызстандын территориясында түшүмдүү областтарда гана эмес, айыл чарбачылыгы бар болгон. Бирок "бардык кыргыздар" деген маанини бербеш керек, анткени Кыргызстан жалпы территориясы мал чарбачылыгына ылайыктуу болгондуктан кээ бир жерлерге эң туруктуу өсүмдүктөрдү өстүрүүгө болгон эмес. Аларды өстүрүү

[181] VALICHANOV, Č. Č. Sobranije sočinenij v pjati tomach. Tom 1. Alma-Ata, 1961.
[182] VALICHANOV, Č. Č. Sobranije sočinenij v pjati tomach. Tom 2., Alma-Ata, 1984.

совет мезгилинде жергиликтүү климатка ылайыкталган сорттордун пайда болушунан башталган.

Туруктуу климаттуу жерлерде буудайды 17 кылымда белгилүү Жаныш үй бүлөсүнүн уруу башчысы Байкабыл Кашкардан алып келип айдап баштаган[183]. Албетте алар жалгыз гана буудайды өстүрүшкөн эмес. Андан тышкары арпа, шак айдашкан.

Турак жай

Валиханов кыргыз турак жайын сүрөттөгөн. Ар бир уруунун өзүнүн үй куруучу конструкциясы болгон. Ал сарыбагыш уруусунун турак жайын мисалга алат.



Сүрөт 3. Чу дарыйасынын жээгиндеги кыргыз кибиттери 1869–1870.
(Верешагин В. В).

Үйдүн кооздолушу, кожойундун жашоо шартына байланыштуу болгон. Чоң ордодогу (Ыссык-Көл району) Кыргыз/кайсак элинин эң бай адамынын боз үйү бухара килемдери жана кытай кездемелери менен кооздолгон[184] ал эми “жапайыташ” кыргыздарынын үйүнүн ичинде күндө керектелүүчү оокаттардан башка нерсе болгон эмес.

XIX кылымда кыргыз аталган азыркы казак калкын, чыныгы кыргыз эмес экенин улуттук турак жайы болгон боз-үйүнүн келбетинин өзгөчөлүгүнөн билсек болот.

---

[183] VALICHANOV, Č. Č. Sobranije sočinenij v pjati tomach. Tom 2-5., Alma-Ata, 1984.
[184] Семенов Тян-Шанский, П. П. 1856-1857-жж. Тянь-Шанга саякат (Мемуралар). Москва, 1948.

Диний ишеними жана салт-санаасы

Валиханов диндик ишеним менен улуттук салттарды кошуп обо деп сүрөттөйт. Мурун бул ата- бабаларды кое турган жер болуп саналчы.

Кыргыз эли ошол убактагы тектеш улуттарга окшош эле шаман динине ишенип келген. Шамандык кыргыздарда мусулманчылык менен аралаш болгон, алар Аллага жана дагы ошого окшогондорго сыйынышкан. Алар үчүн отко сыйынып шамандын жардамы менен ата- бабалардын арбактарын чакырып, ошол эле убакта мусулманчылык менен периштелерди чакырышкан.

Кыргыздардын отко өзгөчө көңүл бурганын жалгыз гана Аль-Марвази байкабастан Валиханов дагы эскертет. Анын сөзү боюнча кыргыздар отко сыйынарына артыкча көңүл буруп аны энебиз деп аташкан. Монгол ханынын башкаруусунда эки оттун ортосунан өтмөйүнчө ханга киргенге эч ким уруксат ала алган эмес, бул аткарылыш болгон жамандыктарды айдап чыгат деп эсептешкен. Турмушка чыккан кыз болочок күйөсүнүн үйүнө кирээрдин алдында анын үй-бүлөсүн бактылуу кылуу иретинде отко жүгүнүш керек.

19 кылымдагы маалыматтарга таянсак башкы көңүлдү тирүү кезинде өзүнө кепил жасаткан байлар алып келген. Валиханов "жапайы таш" манабы Жантай кашкар устасына чоң сумманы төлөп: төрт "тогуздук" жана дагы 100 кой төлөгөн. Тогуздук дайыма тогуз баштан турган: 1) кул+8 ат, 2) төө +8 ат, 3) ат+8 жылкы, 4) бука+8 уй өзүнө кепил жасаткан.

Буга окшошкон көрүстөндөр саналуу кана болгон. Көбүнчө орто жана кедей жашаган адамдардын көрүстөндөрү жөнөкөй эле дөңсөдө таяк сайып жана таштарды тегерете тизип коюлган.

Күйөөсү каза болгондо аялы кошок кошуп жоктогон жана боз үйгө желекче илип коюшкан. Желекченин өңү маркумдун жашына ылыйыкталып илинген, эгер ал жаш кеткен болсо кызыл өңдө, ал эми орто жашта болсо кара өңдө жана картан чал болсо ак түстөгү желекти илишкен.

4.4. Кыргыздын Россияга караганы

Кыргызстанда 1999-жылы бул динге 268 ишенген адам катталган. Алардын бир бөлүгү немец, польша, латыш, жана литва калкы болгон экинчи бөлүгү башка мамлекеттердин жарандары болгон (элчилер, дүйнөлүк ишканалардын ишкерлери). Католиктердин көбү

---

[258] *Pravoslavnaja Cerkov' Srednej Azii* [онлайн]. Oficial'nyj Web-sajt Taškentskoj i Sredneaziatskoj Eparchii Russkoj Pravoslavnoj Cerkvi Moskovskoj Patriarchii, 2003 [цит. 25. 11. 2008]. <http://pravoslavie.uz>.

экономикалык абалга байланыштуу ата бабаларынын туулуп өскөн жерине кайтып жатканына карабай 2004-жылы алардын саны 500 адамга көбөйгөн.[259]

Бул өсүүгө карабай Бишкекте канчалаган жылдан бери католик чиркөөсү (официалдуу түрдө 1969-жылы катталган) болсо дагы анын ичинен бир дагы кыргыз баласын чокунткан эмес.[260]

18.03.2006-жылдан баштап Кыргызстанда апостол администарциясы түзүлгөн (папанын көрсөтүүсү менен чиркөө кызматкери башкарган область), азыр епископ Николаус Мессмер жетектейт, Казакстандын Караганда шаарында төрөлгөн. Казакстан епархиясы менен болгон байланыш дайыма күчтүү болгон. Казакстанда католиктердин адабияты жана ыр жыйнактары чыгарылат.

Борбор шаары Бишкекте чиркөө бар (ага кошулуп Беловодски, Чалдыбар, Туз, Нурмамбет, Ивановка, Нижневосточное, Камышановка, Октябрское), Таласта диний жолугушуулар атайын бир үйдө болот, Жалалабадда жана Ошто жаңы түзүлгөн жана Карколдо бир чиркөө бар.

Бишкекте азыркыга чейин рим-католик чиркөөсүн немец калкы менен байланыштырышат ошол себептен улам кыргыздар бул чиркөөнү "немецкой" (немец чиркөөсү) деп аташат. Чиркөөгө Бишкектин тургундары немецтер (алар немецче сүйлөбөсө дагы), поляктар келишет.

Сүрөт 5, 6. Бишкектеги Чиркөө (2005).

---

[259] *Apostolic Administration of Kyrgyzstan : Current and historical information about its bishops and dioceses* [онлайн]. 1996–2008 [цит. 25. 11. 2008]. <http://www.catholic-hierarchy.org/diocese/dkyrg.html>.

[260] *A. Kan (glava katoličeskogo chrama Biškeka) – "U nas s Islamom bol'še obščego, čem različij"* [онлайн]. ЦентрАзия, 18. 12. 2002 [цит. 25. 11. 2008]. <http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1040163660>.

Бул улуттун диний ишенимге болгон байланышын чиркөө кызматчысы Таласка барып католик калкы менен байланыш түзүү аракетин жасаган. Жергиликтүү калкта диний салт боюнча бөлүнүү кызыктуу болгон-кыргыздар мусулман, орустар провслав, калгандары башка чиркөөлөргө кирген. Ушул себептен көбүнчө католиктер баптистер, евангелистер же методистер менен байланышта болушкан.

Сүрөт 7, 8, 9, 10. Таласта протестанттардын сыйынуу жайларынан тышкары, православдык жана католиктердин чептерин кезиктиребиз (2005).

Башка диний коомдор. Баптистер жана евангелистер Борбордук Азияга падышанын убагында эле келе башташкан. Ошол себептен Кыргызстандагы "салттык" христиан чиркөөсү болуп 19 кылымда орус немец аталышындагылар түзгөн евангели-лютеран чиркөөсү эсептелип калган. 20 кылымдын башында Кыргызстанга Россиядан жана Европадан еврейлер келе баштады.

Совет учурунда Кыргызстанда орустар, немецтер жана украинецтер менен байланышкан динден башка дин жок болгон. 1905-1917-жылдары кана алардан тышкары башка диндер пайда боло баштады, 1988-жылы кыргыздар евангели чиркөөсүнө кирип

башташты.[261] СССР тарагандан кийин протестант миссионерлеринин көбү өз мекендерине кайтып кеткен.

1991-жылдан кийинки өзгөрүүдөн кийин христиан чиркөөлөрүнүн санын каттап калышкан себеби буга чайин диний ишканалар кана болгон. Бишкек шаары боюнча эле азыркы мезгилде 120 дан көп христиан чиркөөсү катталган, алар 200 дөй сыйынуу үйлөрүн жана чиркөөлөрдү башкарат.[262]

Мисалга, Бишкектеги алты чиркөө адвентистин жетинчи күнүн өткөзөт, мындан тышкары бийерде баптистер, Иегованын күбөлөрү, америка евангелисинин чиркөөсүнөн жана башка протестант миссионерлери келишет, көбү Түштүк Кореянын жарандары.

Кыргыздардын арасында Христиан чиркөөсүнөн Евангелинин күбөлөрү чоң жетишкендиктерге ээ, 1995-жылы болгон конгрессте 2437 эл чогултуп алардын ичинен 1/10 бөлүгү кыргыздар болгон. Эки жылдан кийинки (1997-жылы) ошол эле конгреске 7000 адам катышып алардын ичинен 1000 адамы кыргыздар болгон.[263]

Башка диний чиркөөлөрдүн курулушунда эч жаман таасири жок болгондон кийин жергиликтүү мусулман калкы эч каршылык көрсөтпөйт. Мусулмандар менен проваславдар бири бирине жаман иш кылбагандыктан алардын ортосундагы мамиле достук катары берилет.

6.2. Кыргыздардын урууларгы бөлүнүшү

Кыргыздардын мурунку жашоосунда урууларга бөлүнүү чоң ролду ойногон. Петр Баровскийдин эмгегинде, байыркы уламыштарга таянып көчмөн кыргыздардын урууга бөлүнгөндөрүн байкасак болот. Автордун айтканына таянсак, кыргыздар байыртадан оң канат, сол канат жана ичкилик болуп үч чоң урууга бөлүнгөн. Бул уруулар өз ара майда урууларга бөлүнөт.

Кыргыздардын урууларга бөлүнүшү тууралуу кененирээк материалды Бишкектеги Кыргыз улуттук музейден схемалар түрүндө алса болот.

Бул схема боюнча кыргыздар үч-төрт чоң урууларга бөлүнөт: оң канат, сол канат, ичкилик жана Кыргыз эмес аралаш тектеги топтор.

Кыргыздардын урууларга бөлүнүүсүнүн аныктамасы болуп ата тараптагы бабаларын билүү талап кылынат. Энесинин бабаларын билүү эч кандай мааниге ээ эмес.

---

[261] SITNJANSKIJ, A. *Krest ili polumesjac: Kirgizija pered vyborom very* [онлайн]. CA&CC Press, Sweden, 1998–2006 [цит. 25. 11. 2008]. <http://www.ca-c.org/journal/12-1997/st_10_sitnijanskij.shtml>.

[262] Бишкектеги дийй суроолор боюнча маалымат борбору (2005).

[263] SITNJANSKIJ, A. c. d.

Аялдардын тукуму дагы орчундуу мааниге ээ бирок алар турмушка чыккандан кийин күйөөсүнүн тукумуна баш оту менен кирет. Үйлөнүү тоюна дагы салт боюнча ал ата-энесиз жалгыз келиши керек. Бирок бул салт азыр каралбай калганы менен келин тараптын туугандары ал турмуш жолуна түшкөндөн кийин унутулуп калат.

Өз алдынча жашоо куруп баштагандан кийин дагы алар көбүнчө эркек тараптагы туугандары менен байланышта болушат. Кыргыздарга эне тараптагылар тууган болуп саналганы менен ата тараптагыларга көп маани беришет.

Кыргыздарда ата тараптагы туугандардын баары эле бирдей мааниге ээ болбойт, эркек кишинин бабалары кана маанилүү деп эсептелет. (мисалга, ата, чоң-ата, баба...)[264]

Бабалардын өздөрүнүн аталыштары болгон:

Ата	Отец
Чоң-ата	Дед
Баба	Прадед
Буба	Прапрадед
Жете	Прапрапрадед
Жото	Прапрапрапрадед
Куба	Прапрапрапрапрадед

Ар бир мамлекеттин келип чыгышы мифтер менен айтылат (Чехия Республикасында Чех бабасы жөнүндө белгилүү тарых бар), бирок Чех бабасынан чыкканбыз деп айткандар арбын кана кездешет. Кыргыздарда бул жагына өтө кылдаттык менен көңүл бөлүп (алгачкы тукуму белгисиз же миф каарманы болсо дагы) мамиле кылынат.[265]

Калктын урууларга бөлүнүшүнө мисал катары элүү жаштагы пенсионер Авасбектин өзүнүн ата-бабасын айтып бергенин сунуштайбыз. Авасбек жалпы жонунан ичкилик уруусуна кирет. Анын айтуусу боюнча Сары Моңголдо ичкиликтер өз ара үч чоң найман, кыпчак, тейит болуп бөлүнөт. Авасбектин уруусу болгон тейит андан ары кыдырша, чалтейит, жаманаң жана чой болуп майда урууларга бөлүнөт. Бирок бул майда урууларга кирген элдер бир эле аймакта жашабастан ар кайсы территорияларда отурукташкан.

Мисалга Алай Памир кыркаларынын этегинде жашаган кыдырша уруусундагы элдер алай кыдырша уруусу деп аталышат. Кыргызстанда регион боюнча айрымаланган кыдырша аталган бир канча уруулар бар.[266]

---

[264] Мамлекттик Тарых Музейи. In: KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. (RETKA, T.) *Pastevecká společnost v proměnách času: Kyrgyzstán a Kazachstán*. Praha: Univerzita Karlova, 2006.

[265] In: KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol.(RETKA, T.), c. d.

[266] KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. (RETKA, T.) *c. d.*, s. 160–161.

Сүрот 11. Кыргыздардын туугандык байланыш системасы.

Кыргыз этносунун ар бир атуулу өз жети атасын кичине кезинен баштап билүү кыргыздар үчүн негизги милдет. Жети ата-атасы тараптагы жети бабасынын атын жатка билүү болуп саналат. Бул көрүнүш атасынан баласына берилип турат, ошол себептен атасы канча бабасынын атын билсе баласы дагы ошол аттарды жаттап муундан муунга өтөт.

Чындыгында баардык кыргыз атуулу жети атасын биле бербейт, бардык жети атасын кыргыз салт санааларына-тарыхына кызыккан кана адамдар так билишет.

Бирок көбүнчө кыргыздар байыркы тукумдарына таянып өздөрүнүн ата бабалары тууралуу айтып бере алышат. Кыргызстанда болгон шайлоолордо биринчи иретте мандатын койгон адамдын уруу-тукумуна жараша болот. Суусамыр өрөөнүндө өз ара майда урууларга бөлүнгөн саяк уруусу жашайт, ошол себептен булардын арасында келишпестиктер чыгып кетиши мүмкүн. Эки бейтааныш кыргыз жоолугуп калганда уруулары тууралы сөз козголуп отуруп акырында тууган болуп чыга келишет. Кыргыздарда кылган жумушу үчүн туугандардан акча талап кылынбайт.

Кыргызстанда тууган катышы боюнча дагы функцияларга бөлүнүү түзүлгөн. "Трайбализм" же "уруулар" тууралуу азыркы учурда политиканын таасири менен айтылып, бул проблематика чет элдиктерге жана кыргыздардын өздөрүнө дагы берилет. "Уруулар" тууралуу көбүнчө газеталарга жазылат жана бул тема официалдуу бөлүм болуп саналып кээде жеке талкууго да алынат. "Трайбализм" политикалык талкуулоого таандык тема болуп саналат, бирок күнүмдүк жашоодо керектүү ролду ойноору көп унутулуп калат. Айыл жана шаар тургундарына азыркыга чейин таасирин тийгизген жалпы тукумчулук окшоштуктары тууралу жана башка көптөгөн нерселер аз айтылат.

Жардам сурап кайрылууда, мисалы, машинасы бузулуп калган учурда, башка шаарда калып түнөөдө тууганчылык таасири күчтүүлүк кылып кетет.

Тууганчылыкты ажыратуу кыйын, бирок Кыргызстанда тууган арасында көп талаш тартыштар келип чыгат. Ошол себептен аталаштан айылдаш жакын деген макал келип чыккан.

Афганистан кыргыздырында аталаш туугандары менен үйлөнүүнү туура адат катары көрүшсө, Кыргызстандын территориясындагы кыргыздарда мындай никеге тыйуу салынган. Эгер бир чоң уруунун (мисалга саяк) ичинде ника кыйылса туура болуп эсептелет бирок бул уруунун ичиндеги өз ара майда уруунун (мисалга абадан) ичинде болбош керек. Саяк уруусу өз ара майда урууларга абадан, токтогон... болуп бөлүнөт. эгер жигит саяк уруусунан болуп токтогондон кыз алып жатса бул ника туура болот.

6.3. Ар бир областтын маданияттык айрымачылыгы

Кыргызстандын түндүк менен түштүк областтарынын ортосундагы эң белгилүү маданият чектелишин тапса болот. Түштүк мене түндүктүн ортосунда болгон айрымачылыкка боордош мамлекеттердин таасиринин тийиши себеп болду. Кыргызстандын түндүгү Казакстан жана Россия менен тыгыз байланышта болуп турган учурда жана түштүктө Өзбекстан менен Таджикистандын жакын жайгашканынан. Белгилей кетчү нерсе түштүк бөлүк электрэнергиясынын көп бөлүгүн чырарат, түстүү металл, электротехникалык компонентерди жана жибек, пахта менен бирге айыл чарба продукциясын өндүрөт. Айрымаларды жашоонун көп тармактарынан таптык-диалектинин айрымаланышынан тартып күнүмдүк жашоо шартына чейин.

Түштүктөгү Фаргана өрөөнүүнүн калкы дайыма башка этникалык группа болуп тили жана дини менен айрымаланып турган. Бул аймак көптөгөн кылымдарда Борбордун Азиянын Вавилону деп аталып келген.

Карта 3. Кыргызстандын административдик болунушу – 4 түндүк жана 3 түштүк областтары.

Маданият айрымачылыгынын мисалы болуп башкалардын арасынан никеге туруу (түштүктө чоң калым төлөө менен), түндүк менен түштүктүн ортосундагы нике болуунун каалабастыгы.

Түштүктө жана түндүктө дагы нике кыйылгандан кийинки төшөктү жигит тараптан жеңеси дайындайт, түштүктө кыздын баркы менен келгенин катуу текшеришет. Эгер мындай болбой калса төшөк дайындаган жеңеси ата-энесине бул кабарды айтып кызды кайра кетирүүгө муктаж болушат. Кыздын баркы менен келиши түндүктө дагы сакталып келет бирок мындай катуу талапка чейин барып

текшерилбейт. Түштүктө кыз баланын турмушка чыгуу жашы ылдый болуп аларды 19-20 га чыкканда турмушка чыгуусу талап кылынат, эгер андан өйдө болсо кара далы аталып турмуш куруу кыйынга учурайт.

Салтты сактоо деңгеели үй-бүлө ичинде дагы сакталат. Түштүктө ата-энесине балдары сиз деп жана күйөөсүнө аялы сиз деп кайрылат, түндүктө ата-энесине сен деп кайрылуу эч кыйынчылыкты туудурбайт.(көбүнчө апасына кайрылышат).

Аялдын жакшы кожоюн экенин тазалык ыкмасынан байкаса болот – түштүктө жакшы кожоюн үйдүн сырткы тегерек четин тазалап турса, түндүктө үйдүн ичин таза кармоо жакшы кожоюнунуна таандык болот.

6.3.1. Чүй

Бул областта орус калкынын көп болгондугунан орус маданияты жергиликтүү кыргыз калкынын маданиятына катуу таасирин тийгизди.

Чүй областына болгон орустардын таасирин түштүк респонденттери дагы белгилей кетти. Бул респонденттин ою боюнча түндүктүн тургундары өзүмчүл болуп калышкан алардан айрымаланып түштүк эли башкаларды дагы ойлоп аларга кам көрүшөт. Буга мисал кылып түндүктөгү кары картаңдардын үйүнүн көбөйүшүн айтты.

Буга бирдей Чүй областынын орус респондентинин ою боюнча, түштүк кыргыздарына караганда түндүктөгү кыргыздар жалкоорок келишет. Эң эмгекчил деп биринчи орунда дунган элин санашкан.

Чүй өрөөнү айыл чарбасы илгерки салттарды камтыган областтарга киргени менен Чүй областында мал чарбачылык менен байланышкан жерлер дагы бар.

Мисалы, Суусамыр өрөөнү 1917-жылга чейин капиталдуу үйлөрдү салган эмес, койчулар малдарын кыштоого, жайлоого айдап боз – үйлөрдө жашап келишкен. Үйлөрдү салуулар орус калкы бул аймакка келип отурукташканда башталган. Анда бул жерде Суусамыр айылы болгон, башка айылдар (1-Май, 8-Март (азыркы Кожомкул) Каракол, Кызыл-Ой) кийин пайда болгон. Колхоз түзүү убагында бул жерде МЖС (машина-животноводская станциясы) түзүлгөн.

Орустар Суусамырга келгенде пекарня курушкан, советтер союзунун бийлигинде мектеп курулуп жана кийинки жылдары башка айылдарда дагы курулуулар башталган. Мезгили менен дүкөндөр, почта, баня, маданият үйү, чабандардын үйү, мал сарайлар пайда болгон.

Булардын ичинен СССР тарагандан кийин аз калган.

Башка областарга салыштырмалуу бул жерде келинге калым аз төлөнөт (15 миңдей сом, айыл жерлеринде бир аз өйдө). Кыз жана балдар өз каалоолору менен никеге турушат.

6.3.2. Талас

Талас области түндүктө жайгашып Казакстандын чек арасы менен чектешкен, ошол себептен Талас тургундары башка кыргыздардан тили жана жашоо турмушу боюнча казак калкынын таасиринин тийиши байкалып айрымаланып турушат. Сөздөрдөгү чоң айрыма болуп тыр мүчөсүнүн уланышы эсептелет. Мисалы, чүйлүк кыргыз кележатат десе таластык кыргыз кележатыр, чүйлүк кыргыз отурат десе таластык кыргыз отуру деп айтат. Таласта: леген-Чүйдө: поднос. Таласта: апче-Чүйдө: эже.

Кыргызстан боюнча Таластык кыздарга эң көп калым төлөнөт, орточо эсеп менен алганда 80 000 сом (2000 АКШ доллары). Бул жерде немец калкы жашап кеткендиктен, жергиликтүү калк алардан куруу ыкмасын үйрөнүп алып чоң үйлөрдү курушат. Белгилүү тамагы болуп беш бармакка окшошуп жашылча (помидор, перец, пияз, картошка) кошулуп жасалган гүлчөтай жешет.

6.3.3. Ысcык-Көл

Ысcык-Көл областынын бөлүгүн мурунку салттар коштоп келет. Бул жерде Ысcык-Көл көлү болгондуктан калктын жан багуусуна жакшы таасирин тийгизет, себеби курорт жана башка эс алуу борборлору менен иштешип, балык уулап оокат кылышат. Бирок мал чарбачылыгы менен дагы калктын жарымы эмгектенет.

Түштүктө салт күчтүү болсо, түндүктүн Ысcык-Көл кыргыздарында күйөсүнүн ата-энесине жүгүнүү салты катуу кармалып келет. Жүгүнүү салты башка областарда дагы чоң ролду ойноп келгени менен бул аймакта ата-энесинин көзү өтүп кеткенче жүгүнүү чоң милдет болуп саналат (Суусамырга салыштырмалуу, жаңы келген келин бир-эки жыл күйөөсүнүн ата-энесине жүгүнөт).

Улуу агасына Чүйдө байке деп кайрылса Ысcык-Көлдө аба деп кайрылат. Кээ бир сөздөрдү башкача аташат мисалга Чүйдө сөйкө-Ысcык-Көлдө иймек, Чүйдө жолугабыз десе Ысcык-Көлдө кезигебиз. Жергиликтүү ашкана ачуу тамактар менен айрымаланат, ошол себептен бул аймакта дунган тамактары белгилүү ролду ойнойт мисалы ашлям-фу.

6.3.4. Нарын

Кээ бир кыргыздар үчүн Нарын тургундары чыныгы кыргыздар деп саналат. Себеби Кыргызстандын түндүк бөлүгү тили менен бирге оруссташып, ал эми түштүк бөлүгүнө өзбек элинин таасири тийген.

Нарын области Кытай менен чектешип турса дагы эч кандай башка салттын таасирине калган эмес. Нарын диалекти кыргыз адабий тилине негиз болуп алынган. Азыркыга чейин Нарында эски салттар катуу кармалып келет. (мисалы, үйлөнүү тоюнда келиндин чачына сары май сүйкөп өрүү). Ата-энесинин сүйлөшүүсү менен үйлөнүүлөр 2/3 бөлүктү түзөт.

Чүйлүк кыргыздар менен айрымаланган сөздөр таштек – тазик: өпкө кап – чыптама: иткел – көбүк.

Ашканасы эт тамактары жана кымыс.

6.3.5. Ош

Тилдери боюнча түндүк кыргыздардан катуу айрымаланат, себеби өзбек тили элементтешип кеткен. Кийимдерине дагы өзбек таасири катуу тийген. Салттары боюнча дагы өзбек элине окшош, үйлөрү дагы өзбек стилинде (бийик дубалдуу дарбазалар) салынган. Балдарын катуу тарбиялашат, аялдар жана кыздар колу бутун жаап узун көйнөк кийип денелерин көрсөтпөйт.

Жергиликтүү калктын өзбектер менен көп окшоштуктары болсо дагы алар бири бирин жактырышпайт. Өзбектер бул аймактын байлары болуп, жергиликтүү ресторан, акча алмаштыруу жайларын башкарышат алардан айрымаланып кыргыздар айыл чарбасы менен оокат кылат (эгер койчуну көрсөң ал өзбек эмес кыргыз болот). Кийимдеринен жана сүйлөгөнүнөн түндүк менен түштүк кыргыздарды айрымалап билсе болот, кээде аларды сарт деп катуу тийгизип аташат.

Жакшы көрүп жеген тамактары плов жана көк чай ичишет.

Түндүк кыргыздарынан айрымаланган тууган аталыштары: ака – байке, ука – ини.

Сапар Кыргызстандын түштүгүнүн тургуну, мурун Оштун четинде колхоздо иштеген. Ал колхоздон жатаканасын жеке колдонууга алып кийин гостиница кылып ачкан. Кыргызстандын экинчи борборундагы болгон кымбатчылыкка карабай бир түнөөгө аз акча (70 сом) алам деп Сапар түшкөн пайдасына кейийт.

Бул гостиницасына кошумча коңшу айылдагы сарайда мүйүздүү чоң малдарды кармайт, жайында малдарын Лагланга туугандарыныкына жайлоого чыгарат. Кышкысын Малдарын багыш үчүн Лагландан жем алып келет. Бул жерде анын Унивеситетти бүткөн улуу баласы жашайт. Ал соода менен иштейт (Германия жана Балтика мамлекеттеринен машиналарды алдырып кайра сатып).

Сапардын туугандары Лаглан тоосунда жашап иштешет. Чарбачылыкты анын атасы (1923-жылы туулган 85 жашта) башкарат. Сапардын атасынын үй-бүлөсү XX кылымдын 20-30-жылдары кулакка тартылып Сибирге айдалган. Лагланга кайтып келгенде бүт чарбачылыкты өздөрү түзүшкөн. Сапардын атасын үйүндө диний салттарга кандай кылдаттык менен көңүл бөлүшөрүн байкаса болот. Мисалга оомийн кылууну.

Сапардын атасы оомийн кылуудан кийин сыйынуу окуйт. Сапар өзү оомийнден кийин эч кандай сыйынуу окубайт.

Сапар жана анын агасы СССР убагында аттеист болушчу, ал убакта атеизм мамлекеттин бир бөлүгүн ээлеп турган. Диний салттар (оомийн, жаш баланы отургузуу) алар үчүн эски адат болчу. Азыр динге башка көз караш менен карап аны ыйык тутушат. Алар чыныгы мусулман болуу кыйын, бирок дин азыркы жаштардын жашоосунун бир бөлүгү болот деп ойлогонун айтат.

6.3.6. Жалалабад

Бул кыргыздар Көп жагынан Оштук кыргыздарга окшош. Өздөрүн түштүктүк деп эсептешпейт, бирок түндүк кыргыздары алар менен макул эмес. Түндүктөн айрымаланып салтты катуу сактап келишет.

6.3.7. Баткен



Сүрөт 12, 13. Драконду жеңген-Манас. Баткен, 2008.

1999-жылы Ош бөлүгүнөн түзүлгөн Баткен областы эң жаш кыргыз областы болуп саналат. Баткен областтык борбор шаар болуп калган, бирок шаар статусун кийинчерээк алган. Тактап айтканда айылдан областтык шаар болуп калган. Андыктан Баткенди (башка

областтык шаар Таластай эле) "чоң айыл" деп атап да коюшат. Ошол себептен бул аймакта чоң шаардык курулуш көрө албайбыз, бирок жергиликтүү эл сыймыктанган 1992-жылы тургузулган Манастын эстелиги Баткендин борборунда орнотулган.

Область жумушсуздуктун эң көптүгүнөн Кыргызстандын кедей областына кирет. Ушуга байланыштуу шаардын тургундары Ошко, Бишкекке жана Россияга жумуш издеп кетишет. Россияга жумуш издеп кетүү жол киреси дагы кымбат болуп элдерге кыйынчылыкты туудурат. Баткен областынын кээ бир калкы Афганистандан жана Тажикстандан наркотик алып келип сатып оокат кылат, мурун бул ишти кылууга болбогону менен азыр көбүнө жөнөкөй иштей кана сезилет.

Бул аймактын кыздары турмушка эрте 17-19 жашында чыгышат. Кээде көп аял алуучулукту кезиктирсе болот. Мындай көрүнүштө, аялдар өздөрүнчө үйдө жашашат жана балдарын өздөрүнчө тарбиялашат. Баткендин шаар башкаруучусу дагы эки аялы менен жашайт, официалдуу майрамдарда экөөнү тең алып жүрөт.

Баткенде калымдын эсеби 20-50 миң сомду түзөт. Келинди тандоодо бир этникалык топтун ичинде гана болуусу чоң ролду ойнойт.[267] Бул жерден совет убагындагы мезгил менен болгон айрыманы байкасак болот (Союз мезгилинде эч ким улутка көңүл бурган эмес, биз баарыбыз совет атуулдары болчубуз, СССР таркагандан кийин баары өзгөрүп ким кыргыз, өзбек же тажик-эгер баласы өзбек улутуна үйлөнсө баардыгы сартты алып алды деп айтышат). Кызды ала качуу дагы күчөп кетти (совет убагы менен салыштырмалуу) бирок ал башка областарга дагы таандык.

Бул аймактын үйлөрү көп акталбайт. Түндүктөн айрымаланып үй тиричилигин эркектер алып барат (түндүктө эркектер ашканага кийлигишпейт). Үй куруулары орус стилинде.

6.4. Кыргыз ашканасы

Борбордук Азия элинин тамактануусу тууралуу францискан монахы Джованни ди Плано Карпини XIII кылымда жазган өзүнүн эмгегинде минтип эскерет: *Алардын көп малдуу, өзгөчө төөлөрү, чоң мүйүздүү малдары, кой, эчки жана аттары бар. Бээлер бул жерде абдан көп. Алардын наны, жашылча жемиши жок, эттен башка эчтеке жешпейт. Алар бээнин, үйдүн, койдун, эчкинин төөнүн сүтүн ичишет. Вино, пиво, медовина таптакыр жок же алар башкалардан*

[267] Кыргыз жана өзбектерден тышкары тажик улуту жашайт. Тажикистанга соода кылууга барып турушат (айрыкча Исфарага), бул аймакта тажик коругу Ворух жайгашкан. Тажикистан жана Кыргызстандын ортосундагы айрым жолдордо чек арлык текшерүү жүргүзүлбөйт.

белек катары алышат. Бээнин сүтү жетиштүү болгон жай мезгилинде этти кийик карман же башкалардан албаса аз жешет.

Кыргыз ашканасына башка улуттук маданий тамактануу дагы катуу таасирин тийгизбей кеткен жок. Түштүкө өзбек, тажик жана уйгурлардын таасири тийсе, түндүкө дунган, орус, украинанын таасири тийди. Кытай кыргыздарында кытай жана монгол таасири таяк менен кана жеген таасирин тийгизбестен гарнирлерди берүүдө дагы чоң таасири бар экенин байкайбыз. Кыргызстандагы кыргыздар баардык тамак менен нанды кошо жесе кытайдагы кыргыздар нанды тамак менен колдонбойт.

Мурун кыргыздар бешбармак жана калама кана жасап келсе азыр алардын ашканасы боорсок, каттама ж.б. түрдүү тамактарга бай.

Жашоонун башкы булагы болуп эт, сүт, жүн жана тери алуу үчүн мал багуу, өзгөчө кой, эчки, жылкы, мүйүздүү малдары баалуу болгон. Бул менен бирге эле илгери дагы азыр дагы көп малдуу калкка дагы эт кымбат азык катары көп колдонула алынган эмес. Белгилүү азыкты сүт жана сүт азыктары түзгөн.

Бешмармак кыргыз ашканасынын эң белгилүү тамагы болуп аны көбүнчө түндүк кыргыздары жасашат. Кыргыз бешбармагы менен казак бешбармагынын айрымасы болуп кыргыздарда камырдын ичке кесилип жасалышы эсептелет. Дагы бир белгилүү тамак болуп плов эсептелет, ал өзбектерден келип чыккын, пловду түндүктө жана түштүктө дагы жасашат.

Сүт азыктарына биринчи иретте ыйык кымыс суусундугу кирет. Кымысты жасоодо көп убакыт талап кылынат. Бээни күнүнө эки саат сайын алты жолу саашат. Бир сааганда бир бээден 0,5 литр сүт чыгат. Бээнин баарын саап бүткөндөн кийин сүттү сабага куюп жыгач таяк бишкек менен сабашат. Эртен менен кымысты ичүүгө болот. Саба жумасына бир жолу тазаланып туруусу зарыл. Кожоюн сабаны жуун тазалап анан аны ышка коюп ыштайт, мындан кийин кымыс аябай даамдуу болот.

Кымысты баардык кыргыздар жасашпайт, Кытайда, Тажикстанда жана Афганистандагы кыргыз калкы бул суусундукту билишпейт. Уйдун сүтүнөн уй-кымыс жасоого да болот. Айран-сүттөн уютулуп жасалат, айрандан сүзмө жасашат, сүзмөдөн курут жасалат. Түштүктө курутту жаш балдар конфет катары алышат жана куруттан суп жасап ичишет.

Сүттү кайнатып койгондо үстүндө каймак пайда болот, аны нан менен жешет же болбосо журууп коюп койсо көпкө сакталып тура берет.

Сары май – каймакты кайнатканда эки кат пайда болот анын үстүнкүсү сары май астындагы калдыгы чөбөгө. Чөбөгөгө кийин ун жана шекер кошуп койсо дагы даамду болот.

Максым бул суусундук. Ал куурулган талканды сууга кайнатып ачытканда даяр болот. Бул суусундуктун белгилүү болуусуна Шоро компаниясы жардам берип Бишкектин, Оштун көчөлөрүнө максымды стакандап сатуусу, Кытайда дагы бар мисалга Кашкар шаарында.

Эт тамактарынан белгилүү болуп куурдак (куруулган эт), быжы (койдун канына күрүч. пияз кошулуп жасалат) жана чучук (жылкынын эти жана майына чеснок кошулуп жасалат).

Тойлордо боорсок (камыры: ун, туз кошулуп ачытылып майга куруулат) жасалат. Кээ бир үйлөрдө майрамдык тамак катары манты жасашат.

6.5. Кыргызстандагы этникалык группалар

Кыргызстандын этникалык ар түрдүү түпкү тамырын Россия падышачылыгынан тартып издеш керек, этникалык состав совет мезгилинде, Улуу ата мекендик согуш убагында жана сталиндик депортацияда дагы алмашылган. Кыргызстан территориясындагы этносту үч группага бөлсө болот[268]:

Кыргызстандын территориясында дайыма жашап келишкендер (азыркы Кыргызстан өз алдынча политикалык түзүлүшү болчу эмес, бул келип жашап калган калктар Түркестандын баарында жашачу) булар кыргыздар, казактар, өзбектер жана тажиктер, кытайдын Түркестанынан келгендер уйгурлар, дунгандар жана калмактар.

Борбордук Азияга падыша колонизациясында (өзгөчө XIX кылымдын экинчи жарымында столыпинск реформасынын киришинде[269]), Советтер Союзу мезгилинде келген элдер (Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин келгендер жана Улуу

---

[268] CHAUG, V. *Naselenie Kyrgyzstana.* Biškek, 2004, s. 109–157.

[269] 1906-1917-жылдары Россияда дыйкандардын жер ээлиги жөнүндөө кабыл алынган буржуазиялык иш-чаралар. Россия Министрлер Советтин төрагасы П. А. Столыпиндин атынан аталган. Реформанын максаты орустун дыйкан жамиятын бузуу жана жерди жеке менчикке бекитүү, жерсиз жана жери аз дыйкандарды Сибирге, өлкөнүн чыгыш аймактарына, анын ичинде Кыргызстанга көчүрүү болгон. Ушул реформанын негизинде1906-1914-жылдары Жети-Суу областына көчүрүлүп келгендерге жергиликтүү элден 2708226 теше (Пишпек уездинин Сарыбагыш болушунан 1910-1913-жылдары 48216 теше, Суусамыр болушунан 1912-жылы 98466 теше, Пишпек уездинен 714 миң теше, Пржевальск уезди боюнча 422 627 теше) жер алынган 1913-1915-жылдары Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын 81 миң теше жери алынган; Россиядан көчүрүлүп келгендердин 46 кыштагы пайда болгон. Мындан башка бир топ жер казынанын фондусуна алынган. Пишпек жана Пржевальск уездеринен бул фондуга 352 440 теше жер өткөн, столыпиндик реформа агрардык маселени чече алган эмес. Айыл кыштактарда таптык карама-каршылыкты ого бетер ырбаткан. Кыргызстанда улуттук-боштондук күрөшүнүн күчөшүнө кошумча себеп болгон. Столыпиндик реформанын ишке ашпай калышы падышалык жеке бийлик жоюлмайынча агрардык маселе чечилбей тургандыгын аныктаган.

ата мекендик согушта немецтер басып алган жерлерди ээлегендер болгон), аларга орустар, украинецтер, белорустар, немецтер, еврейлер, түрктөр, жана угрофиндер-татар, башкир, чуваш, мордавиндер кирет.

Борбордук Азиянын Улуу Ата-Мекендик согуш убагында Алыскы Чыгыштан, Каспийден жана Кавказдан келген – корей, немец, чечен, ингуш, балкар, карачай, крым татарлары, курттар, азербайжан, жана башка группалар Кавказдан 40-жылдары Борбордук Азияга киргизилген.

Бул миграциялык толкун кыйынчылыктырды туудурбай койгон эмес. Түркестанда жалпы айыл чарба колонизациясынын башталышы менен алгачкы орус иммигранттарынын Жети-Сууга келип башталышы XIX кылымдын ортосуна туура келет. Жергиликтүү өздүк башкаруу жаңы келип жаткан орус улутуна жакшы мамиле кылып бирок ошол эле учурда түпкү тамырлуу калк менен конфликтешип кетпеши үчүн аябай сактанышкан.

XIX кылымдын 90-жылдары Россияда болгон ачкачылык Борбордук Азияга алып келген орус калкына бул аймактан жер бөлүнүп берилген бул адат мусулмандардын туура эмес көз карашын пайда кылган.

Столпинск реформасынан кийин көчүп келүүлөрдүн көбөйүшүнөн улам жер бөлүштүрүү менен байланышкан проблемалар кыйынчылыкка учураган. Көчүп келүүлөр менен иштеген комитет жайыттарды алып жергиликтүү калктын арызданууусун пайда кылган, мунун аягы 1916-жылкы Россия бийлигине болгон жалпы көтөрүлүш менен аяктаган.

1937-жылы Алыскы Чыгышта жашаган көбүнчө орус корейлерин Япондор тараптык шпионаж күмөн саноосу менен кыйнап чек арадан чыгарышкан.

Кыйнап көчүрүүдө Украинада жашаган поляктар кыйналды. XX кылымдын 20-жылдары польша калкына улуттук польша округун польша тили менен түзгөнгө автономия берилгени менен акыбал өзгөрүп католик чиркөө кызматчыларына каршы чыгышып, 1936-жылы официалдуу түрдө алардын Украина ССРинен Казакстан АССРине көчүү атайын законун жарыялашкан. Бул депортация болжол менен 80 000 элге тийиштүү болгон. Кийин Улуу Ата-Мекендик согуштагы болгон чоң депортацияда Борбордук Азияга, Польшанын чыгыш аймагынан 100- 150 000 поляк эли келген. Бул келген поляктардын жалпысы согуш аяктагандан кийин кайра артка кете алышкан.[270]

[270] KIJAS, A. Naród ukarany. In: GAWĘCKI, M., JASKULSKI, J. (ed.) *W stepie dalekim. Polacy w Kazachstanie*. Poznań – Almaty 2006/2007, s. 52–71.

1944-жылы Кавказдан темир жол вагондору менен 500 000 чечен жана ингуш калкы келген, немец-фашистик туткундары, Крымды бошоткондон кийин 200 000 крым татар эли келген (негизинен Өзбекстанга келишкен).

Европалыктарга жана Кавказ калкына Борбордук Азия маданияты башка болгондуктан экзотика болуп сезилип, мындан тышкары Борбордук Азия аларга климаты боюнча таптакыр башка район болуп саналып ошол климатка көнө алышкан жок. Кышкы жана жайкы температуранын айрымасы 80° С болуп турганда, ага чыдабаган 3 миллионго жакын кишинин көбү Советтер Союзунун Украина, Беларусия, Латвия, Эстония, Ленинград областтары Улуу Ата-Мекендик согуш аяктагандан кийин өз мекендерине кайтып кетишти. Ошол себептен бул жалпы миграция убактылуу болуп мүнөздөлөт.[271]

Атайын мамлекеттен куугунтук алган калк кайра кетүүгө укук алган эмес. Депортация болгон учурда мусулман калкы аял кишини жалгыз саякаттатпаш иретинде шашылыш түрүндө нике кыйып башташкан. Борбордук Азия калкы келип жаткан элге нааразы иретинде карашкан, себеби алар келген учурда чоң малдар уурдалып башталган.

Совет убагында (1989-жылы) дагы өзбек менен жергиликтүү калк башка деп эсептеген месхет түрктөрүнүн ортосунда кандуу согуш чыккан.[272] Өзбекстанда алардын саны бат темп менен өскөн – 1979-жылы 37 625 адам (0,4% Өзбекстандын калкынын), 1989-жылы 74,378 адам болуп (0,6% Өзбекстандын калкынын, а жалпы месхет түрк калкынын 69% болгон).[273] Кандуу конфликтен кийин месхет түрктөрү Өзбекстанды таштап кетүүгө аракет кылышты.

Ар башка улут менен мамиле түзүүгө СССРдин таркашы таасирин тийгизди. Советтер Союзунда айрыкча интернационалдык политикага көңүл бөлүнүп совет элинин жардамы фольклор областында кана болуп, политикалык улутчулдук ийгиликтүү улуттук совет жаңы көз карашын курууга аракет жасаган. Аз калктуу эл биринчи иретте өздөрүнүн улутун советтик деп, а чыныгы улуттук белгилери, салттары артта, көмүскөдө кана калган.

Кыргызстандын түштүк Баткен областындагы респонденттер Совет убагында кыргыз мене өзбек улуту никеге туруу кыйынчылыкты туудурбаганын айтып кетишти. Советтер Союзу

---

[271] STEIGER, A. J. Republics of Soviet Central Asia. *Far Eastern Survey*, Vol. 15, No. 11 (Jun. 5, 1946), p. 170.

[272] Түрк-мехестиндер сталин убагында Грузиянын түштүк-батышындагы элдердин Ферганага кочүүсүндө куугунтукка учураган.

[273] ECKERT, J., ELWERT, G. *Land Tenure in Uzbekistan*. Deutsche Gesellschaft für Technische Zusammenarbeit, 1996.

таркагандан кийин кана бул улуттардын ортосунда никеге туруу таптакыр жоголуп кеткен.

Советтер Союзу таркагандан кийин Кыргызстанда ар улуттун элдеринин санынын өзгөрүшү пайда болду. 1989-1999-жылдары түрк элдеринде "европа" калкынан (орустар, украинецтер, жана немецтер) саны бат өзгөрдү.

Кээ бир этникалык группалар конкреттүү спецификалык иш менен алек болчу-мисалга сүрөттө берилгендей Кыргызстандын улутуна ылайыктуу айыл калкынын бөлүнүшү. Бул графикке таянып 1999-жылдан баштап айрыкча шаарларда татар, орус, жана украин элдери андан тышкары немец, уйгур жана казак улуту жашаган. Тескерисинче курд, түрк, тажик, дунган, кыргыз, өзбек жана азербайжан калкы айыл жергесинде отурукташкан.

6.5.1. Орустар

Кыргызстандын калкы боюнча экинчи орунда орустар турат (17,1%), акыркы жылдары алардын саны азайып баратат. Кээ бир маалыматтарга таянсак орус калкы Кыргызстанда өзбектерден кийинки үчүнчү орунду ээлешет.

Орус калкынын көбү шаар жерлеринде жашашат же түндүктүн айыл чарба областарында (Чүй өрөөнү) отурукташышкан.

Орус колонизациясынын башы болуп алгачкы орустардын Жети-Сууга келип баштаганы эсептелинет. 1847-1867-жылдары Жети-Сууга[274] 15 миң, кийин 1868-1882-жылдары 25 миң орус калкы көчүп келген.

Борбордук Азияга мындай сандагы көчүп келүүлөргө мамлекеттик баш аламандыктын айынан башка иммигранттар дагы кирган. Жаңы көчүп келген калктар Сырдарыя, Самарканд жана Фергана областарына жан киргизе башташкан. XX кылымдын башында орус Түркестан территориясында жалпы сан менен 248 500 калк жашаган. Орус калкынын көчүп келүүсүнүн себеби Россиядагы ачкачылык болгон.[275]

---

[274] 1867-жылы 11-июлда түзүлгөн акимдик аймак. Сырдарыя областы менен чек арасы Кургаты жана Чүй суулары боюнча өткөн. Жети-Суу областына Түндүк Кыргызстандын бир аймактары-Ысык-Көл (кийин Каракол), Токмок (кийин Пишпек) езддери да кирген. Жети-Суу областы 1882-жылга чейин Түркестан генерал губернаторлугунун курамында болгон. 1882-1898-жылдары, Талаа (Степной)-генерал-губернаторлугуна карап, 1899-жылдан кайрадан Түркестан генерал-губернаторлугуна баш ийген; 1917-жылга чейин 1891-жылкы талаа эрежеси менен башкарылган.

[275] САДЫКОВА Б., Ролитика Росии и Туркестанское национальное движение. "Dogry Ýol" ИОЦ Туркменистан [онлайн]. 2006 [цит. 18. 9. 2006]. <http://www.dogryyol.com>.

Сүрөт 14. Орус көчкүндөр. Прокудин-Горскийдин сүрөтү 1911ж.
<ferghana.ru/article.php?id=5960>

Кыргыз калкынын арасындагы орустардын эң көп көбөйүшү элүүнчү жылдаргы таандык. Андан бери алардын жалпы саны кайра Россияга кетүү менен азайып келет. Кайра кайтуу толкуну жетимишинчи жылдары башталып анын чокусу токсонунчу жылдарга жеткен.[276]

Орус аялдарынын бөлүгү Борбордук Азияга турмушка чыкандан кийин келишкен. Совет Армиясында кызмат өтөгөн эркектер аскер кызаматын өтөп жатып орус аялдары менен нике кыйып аларды Борбордук Азияга үйлөрүнө алып келишкен. Бул никелер катуу болуп бирок кээде орус аялдары Орто-Азия үй-бүлө маданияттарына көнө албай күйөөсүнүн туугандары менен келише алган эмес.

Орус аялдары отургузулган балдарын жашыруун чокутуп койгон убактар дагы болгон.

Орус жана түпкү тамырлуу Орто-Азия калкы менен нике кыйуу анча көп болчу эмес. Айылдарда эч кыйынчылыкты туудурбай байыртадан аралышып жашап келген орус менен кыргыздын ортосунда дагы нике болгон эмес. Бул жердин жигити мусулман эмес диндеги кызга үйлөнсө бул нике туура катары кабыл алынган, бирок

[276] HORÁK, S. *Střední Asie mezi východem a západem*. Praha: Karolinum 2005.

кыз баланын мусулман эмес жигит менен баш кошуусуна тыйуу салынган.[277]

Орус менен кыргыз калкынын ортосундагы конфликтсиз жашоо, кыргыздарда улутчулдук сезим кыймылы башталып 80-жылдын аягында 90-жылдын башында бузулуп баштаган.

Бул көрүнүш Россия менен салыштырмалуу жашоонун төмөнкү деңгээлинен болгон. Кетип жаткан орус калкы жогорку деңгээлдеги жумуштарды аткарып мамлекеттик экономиканын ылдыйлашына таасирлерин тийгизишкен. Мындай агымга каршы Президент Аскар Акаев 2000-жылы улутчулдук пропагандасынын күчөшүнөн орус тилин официалдуу тил катары кабыл алуу мыйзамын кабыл алган. Бул мыйзам орус калкынын азыраагы кайра Кыргызстанга кайрылып келүүсүнө алып келди.

6.5.2. Өзбектер

Өзбектер 679 000 калк болуп Кыргызстындын калкынын 14% ин түзөт. Алардын 80% Ош жана Жалалабад областарында жашайт. Түштүк областтарынын жалпы калкынын 22% ин өзбектер түзөт. Алар жашаган жерлер өзбек областары Наманган, Андижан жана Фергана менен чектешип турат. Калган өзбектер Кыргызстандын түндүгүндө жашашат, булар кокон хандыгынын чебин кайтаргандардын тукумдары болуп саналат.

6.5.3. Украиндер

Украиндер Кыргызстандын территориясына орустар менен чогуу пайда болушкан алгачкылардан болуп алар Украинанын Полтавск областынан жана Россиядан келишкен. Украиндер (белорустар менен бирге) азыркы убакта Чүй областынын чоң шаарларында жашашат. Алардын саны 67 000 кишини түзөт 1989-жылга салыштырмалуу жарымы кана калган.

6.5.4. Немецтер

Немец калкы Украинадан көчүп келип Талас областында жана Чүй областынын Кант районунда жайгашышкан.

Немецтердин Россияга келиши Екатеринанын убагында болгон (Петр III түн жубайы). 1763 –жылы Улуу Екатерина өзүнүн мекендештерин налог жеңилдиктерин жана бал жана сүткө бай, толук жер эркиндигин тартуулап Россияга көчүп келүүгө чакырган.

Ошол убактагы кичи Волга, Украина жана Кавказ аймактарына келген немец калкы кайра артка кете албай калып калган. Немец Прибалтикасынан жана ар кандай немец мамлекетеринен (мисалы

[277] BRUSINA, O. I. *Slavjane v Srednej Azii*. Moskva: RAN, 2001, s. 162.

Польша) жана Швециядан орус өкмөтүнүн чакыруусу менен Орто-Азияга немец офицерлери келген.

1900-жылы алардын саны 1 млн кишиге жеткен. Немецтер Чыгыштын башка областарынан Уралга чейин жерлерди алып азыркы Кыргызстандын территориясына чейин келишкен.

XIX кылымда алгачкы немец менониттери[278] бул жерде жашашкан (биринчи келүүлөрү 1880-жылы түзүлгөн). Талас районунда Николайпол, Владимировка, Андреевка, Романовка айылдарын түзүшкөн немец калкы канча миң кишини түзгөн.

1944-жылы эле Кыргыз ССРинде 4 000 дей немец жашаган. 1941-1945-жылдары Орто-Азиянын башка өлкөлөрүнө дагы 500 000 немец калкы келген. 1989-жылы Кыргыз ССР инде 101 000 немец [279]улуту пайда болуп республиканын жалпы калкынын санынын 2,4%ин түзгөн.

1992-жылы кыргыз президенти Аскар Акаев Сокулук жана Чу райондоруна немецтерди автономду республикасын түзүүнү сунуштаган, бирок бул сунуш кеч түшүп калган. Германия өкмөтүнүн жардамы менен Германияга кайра кайтып кетишкендерден кийин алардын саны ылдыйлаган. (1989-жылы 101,3 миң жашоочу болсо., 1995-жылы 26,1 миң., 1999-жылы 21,4 миң калк катталган)

6.5.5. Татарлар

Кыргызстанда 51 000 татар калкы жашайт.

Татар термин менен Поволжья, түштүк Урал, Сибир жана дагы Орто-Азиядан келген алгачкы калктын группалары аталат. Алардын жалпы окшоштугу түрк тилинин кыпчак группасынын ар кандай диалектисин колдонушу алынат жана аны менен бирге эле бир этникалык биримди түзүшкөн эмес.

Алардын аталышы жашап жаткан территорияларына ылайыктуу болуп, Казан татарлары, крым татарлары, литва татарлары, оренбург татарлары, омск татарлары, тобольск татарлары, тюмень татарлары жана сибирь татарлары деп аталышкан.

Повольжск татарларына мишар группасы (можарлар, мещерлер), Симбирдин түрк тил элдери, жана "Казак" губерниясы, Кичи Поволжьянын калкы жана Уралдын түндүгүндө жашаган калктар кирген.

---

[278] Меннониттер-Жок кылуучулар, анабаптисттер.Протестант кыймылы алгачкы христиандыкка кайрылып келгенге аракет кылышат.Айрым меннониттер 16-кылымда өздөрүнүн дин ишенимин кыйноо салгылашуусун тандап алышат.

[279] SCHULZ, J.-R. *Riwwelkuchen im Talas-Tal: Zur Geschichte der Deutschen in Kirgistan* [онлайн]. 1996 [цит. 30. 11. 2008]. <http://www.fietz-online.de/kirgistan/dlex.html>.

Сибир таталарынын категориясына мурун бухара аталган татарлар, Борбордук Азияда жана Чыгыш Түркестанда жашагандар кирген.[280]

Падыша Петр I (1682-1725) татар купецтерин Борбордук Азия мамлекеттери менен соода мамилесин кармоого колдонгон, алар менен ыйык мусулман кызматчылары жана мугалимдер келген. XIX кылымда Ыссык-Көлдүн Караколунда татар Тамга айылы пайда болот. Орус татарлардын Борбордук Азияга келип башташы XIX кылымдын аягына таандык. Алардын келүүсүнө диндин кыйынчылыкка учурап Россиянын европа бөлүгү проваслав динине кыйноо менен өткөзүүсү себеп болгон. Татарлар негизи суннит исламын тутушкан, проваслав динине кирип кеткендерди ногайбаки деп аташкан.

Кыргызстандагы татар калкы жергиликтүү интеллигенцияны түзүп, алардын көбү мугалим кесиби менен эмгектенип, биринчи кыргыз мектебин түзүүчүлөрдөн болгон. Куруу өнөр жайларына активдүү катышышкан, башкы фабрикалардын бири (кожевенный завод) казан татарлардын эмгеги менен тургузулган.

XX кылымдын башталышында Караколдо кийинчереек Бишкек (Пишпек) жана Токмокто биринчи театр оюндары татар тилинде болгон. 1912-жылы Пишпекте 600 татар (4%) жашаган, бул аймакта татар атындагы көчө дагы бар болчу.

Калган татарлар Кыргызстандын түштүгүндө Ош жана Жалалабад областарына отурукташышкан. Сүлүктүдө 70-жылдары 60% татар жашап жана шаар атын кээде Татаробад деп атап келишет.[281]

Азыр татарлардын көбү шаарларда жашайт, бирок алардын саны Россияга кетип жаткандарына байланыштуу азайып келет. Баткен областында калган татарлар өздөрүн "ак карга"атап келишет, себеби бул аймакта алардын саны абдан аз.

6.5.6. Дунгандар

XIX кылымдын аягында Кыргызстанга ийгиликсиз дунган көтөрүлүшүнөн кийин түндүк – батыш Кытайдан миңдеген дунгандар (кытай мусулмандары) келет. 1877-1878-жылдары кытай качкындарынын бир бөлүгү Кытайдан Жети-Сууга (кытайдын Шан-Си провинциясынан) экинчи бөлүгү Кыргызстанга (Кызыл-Суу

---

[280] JEROFEJEVA, I. V. Formirovanije tatarskoj, německoj, poľskoj i drugich diaspor. In: MASANOV, N. E. a kol., *Istorija Kazachstana. Narody i kuľtury*. Almaty, 2001, s. 230.

[281] AKČURIN, V. A. *Tatary v Kirgizii. Večnye stranniki* [онлайн]. Tatarskaja rassylka, №35 (78), 2004 [цит. 2008-12-08]. Доступен: <http://tatarica.narod.ru/archive/03_2004/78_19.03.04-2.htm>.

провинциясынан) качып келет. Дунгандар арап тукумдарындай жана персиддердей болуп мурун кытайлардын этносунун таасиринде болуп, кытай тилин кодонуп жана сунит исламын тутушкан.

Падыша убагында дунгандар Россия территориясында баалуу жер-дыйкандары жана багбаны болгон. Алардын бакчасы башкаларга мисал, жакшы болгон. Дунган аталышы Россия падышчылыгынын территориясында жана СССРде аталган,[282] Кытайда бул аталыш жолукпайт алардын аныгы аты Хуей. Дунгандар соода, жер айдоо жана жеке ресторандар менен алек болушат.

Бул калктын көбү Чүй областында (Токмок, Александровка айылы, Милянфан, Кен-Булун) жана Ыссык-Көлдө (Каракол, Ырдык айылы) жайгашкан. Бишкектеги азыркы Киевская көчөсү мурун Дунганская аталчу.

Маалыматтардын билдиргени боюнча азыркы учурда Кыргызстанда дунгандардын саны 100 000 кишини түзөт жана башка улуттардан айрымаланып азайбайт.

6.5.7. Уйгурлар

19 кылымдын 20-жылдары Кыргызстанга Кытайдын Синьцзян (Синьцзян-Уйгур автономдук району СУАР, Xinjiang) провинциясынан уйгурлардын бир бөлүгү келген, экинчи эмигрант толкуну 20 кылымдан 50-жылдары кытай "маданий революциясында" бир топ уйгур калкы келген.

Булар Түркестан, Кашкар жана Аксунун түндүк – батышынын түрк мусулман дыйкандары болгон, аларды биринчи манжур сөзү менен таранчы – жерайдоочулар деп аташкан. 1921-жылдан баштап Борбордук Азияга таранчылар кашкарлыктардын келиши менен "уйгур" этноними менен аталып калышкан.

Дунгандардан айрымаланып уйгурлардын этносу түрктөргө кирип ошол себептен Кытайдагы жалпы элден дини менен кана эмес маданият жана тил салттары менен айрымаланат (уйгур тили алтай тилинин чыгыш түрк группасына кирет). Бирок Россия территориясында дунган менен уйгурлар маданий жактан окшоштуктары бар экени мүнөздөлүп келет.

1884-жылы Кытай менен кармашкан (Синьцзян провинциясын түзүүдө[283]) уйгурлар түрк регионунун элинин тамырын түзөт. Уйгурлар кытай калкына карата бир канча көтөрүлүш чыгарып эки жолу Батыш Түркестандын эгемендүүлүгүн башкара алышкан (1933

---

[282] Орус окумуштуусу жана саякатчы Г.К. Гинс Кытайдан келген Жети-Суу областындагыларды – таранчы жана дунгандар деп атаган. GINS, G.K. Taranči i Dungane (Očerki iz poezdki po Semireč'ju). *Istoričeskij vestnik*. № 8, 1911.

[283] Шинжаң-Чыгыш Түркестандагы кытайча (ханзуча) аталышы. 18-кылымдын экинчи жарымынан Кытайга карайт; Синьцзянь кытайча жаңы чек ара дегенди түшүндүрөт.

жана 1944-1949-жылдары). 1949-жылы Кытай Эл Республикасынын башкаруусунан кийин репрессия күчөгөн. Ушул убактан тартып мусулман көтөрүлүшүнө жооп катары 360 миң уйгур дарга асылып дагы 500 миңи концентрациалык лагерлерге кармалган, 200 миң адам башка мамлекеттерге качууга аргасыз болгон (Турцияга, Чыгыш Европага).[284] Азыркы мезгилде Кыргызстанда 43 700 уйгур улуту жашайт (Бишкек, Токмок жана Караколдун жер айдоо областарында).

6.5.8. Казактар

Чүй жана Талас областында 43 000 казак жашайт, алар мал багуу жана соода сатык менен иштешет. Алардын арасында түпкү тамырлуу калк дагы бар, калгандары 20 кылымдын 30-жылдары болгон Казакстандагы коллективизациядагы кыйноодон кийин келишкен. Казакстандын жарымы (1,030 млн. эл) ачкачылык жылында казак талааларынан коңшу мамлекеттерге (Кытай, Монголия, Афганистан, Иран, Турция) көчүүгө аргасыз болушкан. Алардын ичинен 616 000 эл биротоло жашап калган, 414 000 эл кайра кайтып кетишкен, 200 000 эл түштүк жана чыгыш областарынан Кытай, Монголия, Афганистанга батыштан Иран жана Турцияга түндүк областан Россияга (Куйбышев, Курган жана Тюмень областарына жана Алтай крайына) кетишкен.

Бул периоддо коңшу союз республикаларында казактардын саны өскөн: Кыргызстанда 10 эсе, Тажикстанда 7 эсе, Түркмөнстанда 6 эсе, Өзбекстанда 1,7 эсе, Россияда 2,3 эсеге.[285]

Бишкектен кээ бир респонденттер (2007) 20 кылымдын 30-жылдары казактар бүтүндөй ачка үй бүлөсү менен келип кыргыздарга жардам сурап кайрылышкан. Алардын кээ бирлери ачкачылыктан каза табышкан, аман калып келгендери калып жашап калышкан. 2007-жылы ошол казактардан калгандары Бишкекте жашашат.

6.6. Кыргызстандагы анклав жана эксклавдар

XX кылымдын 20-30-жылдары жасалган чек аралар көптөгөн аралдарды пайда кылды (башка мамлекеттин территориясына караган-эксклав жана анклав). Кыргызстанда бир эксклав бар (Кыргызстан менен Өзбекстанды бөлүп турган территория). Бул Кыргызстандын Ак-Таш районуна (Ош областы, Кара-Суу району) караган 600 калкы бар Барак айылы.

---

[284] BAAR, V. *Národy na prahu 21. století – Emancipace nebo nacionalismus?* Šenov u Ostravy: Tilia 2002.

[285] TATIMOV, M. B. *Letopis v cifrach.* Alma-Ata, 1969, s. 79–80.

Анклавдарды санаганда (Кыргызстандын территориясындагы өзбек жана тажик) белгилүү чоң Сох, Шахимарден (өзбек) жана Ворух (тажик) эскеришкенине карабай Кыргызстандын түштүгүндө анча чоң эмес бирок көп анклавдар бар алардын санын тактоо өтө кыйын. Башка кыргыз территориясында жайгашкан өзбек анклавдарына Калача жана Жангаил (Халмион) кирет.

Мамлекеттик чегинин кыйын абалын Өзбекстан анклавдары Тажикстанга дагы тийешелүү болгонун күбөлөндүрөт.

Шахимардан анклавынын калкы элдин аталышынан келип чыккан өзгөрүүгө жакшы мисал боло алат. Россия падышачылыгындагы эл каттодо бул жердин калкы өздөрүн тажик деп аташчу, XX кылымдын башында – бул эл сарт аталчу кийин совет убагында -өзбек аталып калган.

1890 – 461 тажик, 1909 – 1818 сарт, 1917 – 1151 өзбек, 1925 – 721 өзбек.[286]

Азыркы убакта алар өздөрүн өзбекбиз дегени менен кыргыздар аларды тажик деп атап келишет.

7. The Kyrgyz Across the Border of Kyrgyzstan

The Kyrgyz form a national minority in Uzbekistan, Tajikistan, Kazakhstan, Russia and China. Small groups of Kyrgyz population are living in western Mongolia, on the northeast of Afghanistan, in Pakistan and Turkey. Part of the Kyrgyz is living also in the Western Europe, USA and Australia, but in these cases, the settlement is very spread out.

7.1. Uzbekistan

Number of the Kyrgyz in Uzbekistan reaches, according to the figures of former Kyrgyzstan president Askar Akayev more than 370,000 persons, according to another figures, the number is less than one half – 160,000[287]. The Kyrgyz children may attend the Kyrgyz schools, which number is around 40 in Uzbekistan. (The schoolbooks for teaching are from Kyrgyzstan). The Uzbek Kyrgyz are living mainly in the lowland of Fergana, but it is possible to meet the Kyrgyz in all Uzbek regions (velajats) – Andijan, Namangan, Fergana, Djizak, Kokand, Tashkent, Samarkand and Syrdarja. Some Kyrgyz *aul* are in mountains. The majority of Kyrgyz villages became part of Uzbekistan after the administrative border change in 1924.

---

millions of US dollars in 2005. According to the Kyrgyz finance minister Zaparov, this money considerably help to lower the social tension in the country. Bigger part of this amount, of course, is used directly to ensuring the family needs, expenses for doctor and education, but a part has an investment character and contributes to the industry development and e.g. to boosting the houses and flats building.[329]

In connection with the working migration of the Kyrgyz could be heard the warning voices that this system has also any substantial weaknesses – competence of the labour force coming from Kyrgyzstan is still decreasing. One of the reasons is the establishment of private schools and school-fee payment, next, decreasing number of schools with technical orientation (their number decreased to less than one half since the USSR disintegration) and, last but not least, the fact that the young Kyrgyz are leaving for work immediately after finishing the primary school. The unskilled workers are paid by far less for their work, and therefore the Kyrgyz families are forced to send more members for the work. Escape from this vicious circle will probably request long time.

Kyrgyzstan inhabitants perceive the unemployment as the main problem – during the opinion pools, this phenomenon appears on first positions in the responses. One of the surveys was made in 2005 – firstly in March, when the first president A. Akayev was overthrown and then in October, when, on the contrary, the people started to organise demonstration against the new president K. Bakiyev.

Figure 83. Ex-President Askar Akayev and President Kurmanbek Bakiyev.

In both cases, the respondents considered, in more than 50 %, the unemployment as a most acute problem that should be solved by the government. Only with a big distance appeared the economy development (around 30 %) and the corruption (around 20 %)[330].

---

[329] MELISBEK, U. *Gastarbajtery rastaskivajut Rossiju* [online]. CRP, 2006 [cit. 30. 9. 2006]. Available from: <http://www.kyrgyz.us>.

[330] *Nacional'nyj opros Kyrgyzskoj Respubliki*. [s.l.] : IRI, Baltic Surveys/The Gallup Organization, October 2006. 82 s.

8. Чет жактагы Кыргыздар

Кыргыздар Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Россия жана Кытай республикаларында этникалык калк болуп жашап келишет. Анча чоң эмес кыргыз калкынын тобу Монголиянын чыгышында, Афганистандын түндүк-батышында, Пакистанда жана Турцияда жашашат. Дагы бир бөлүгү Чыгыш Европада, АКШда жана Австралияда отурукташышкан.

8.1. Өзбекстан

Кыргызстандын президенти Аскар Акаевдин маалыматы боюнча Өзбекстандагы кыргыздардын саны 37 000 адамдан турган, башка маалыматтарда бу сан эки эсеге чоңоюп 160 000 адамды түзгөн.[331] Өзбекстанда жашап жаткан кыргыз балдары кыргыз мектептерден билим алышат, кыргыз мектептердин саны 40 тай (мектеп окуучуларга арналган китептер Кыргызстандан алып келинет). Өзбек кыргыздары биринчи иретте Фергана өрөөнүндө жашашат, бирок аларды Өзбекстандын башка областарынан дагы жолуктурса болот мисалы Андижан, Наманган, Фергана, Жисказган, Кокон, Ташкент, Самарканд жана Сырдарыя. Кээ бир кыргыз айылдары тоолордо жайгашкан. Кыргыздарга караган кээ бир айылдар 1924-жылдагы административдик чек аралардын алмашышынан кийин Өзбекстанга карап калган.

Уламыштардын жана айтып берген жомокторго таянсак Самарканд, Андижан, Наманган, Фергана, Памир, Алтай, Теңир-Тоо, Ыссык-Көл, Чүй, Иле аймактары кыргыздардын алгачкы жашаган жерлери болгон. Бул айткандарга таянсак Өзбекстанда жашаган кыргыздар түпкү тамырлуу калк болуп калат. Белгилей кетчү нерсе мурун кыргыздар менен өзбектер азыркыга караганда бирдиктүү болушкан.

8.2. Кытай

Кытайда эң көп кыргыз калкы жашайт, өзгөчө Синьцзян (Xinjiang) провинциясында турушат. Чыгыш Түркестанда (кытай) кыргыз калкы узак убакыттан бери жашап келет, Манас шаары, Манас көлү жана Манас дайрасы алардын байыртадан бери жашап жатканын далилдеп келет.

Чыгыш Түркестан 1758-жылы кытай армиясы менен күчтүү болгон жана бул аймактын уйгур, кыргыз, казак, өзбек калкы аларга

---

[331] *Киргизские диаспоры в зарубежных странах* [онлайн]. 2001 [цит. 7. 11. 2006]. <http://www.welcome.kg>.

каршы салгылашышкан. Бул салгылашууда жергиликтүү кыргыз калкын Ала-Тоо кыргыздары (азыркы Кыргызстандын территориясы) колдоп келишкен. Ушул убактан тартып баатырлардын кылган иши тураалу уламыштар айтылып келет, алар дайыма жардамга келүүгө даяр турган тууган уруктары – Кубат-бий, Сарайчы-бей, Атантай, Тайлак, Турдумамбет, Алимбек-Датка жана анын балдары болгон. Кытай кыргыздары оң жана сол канат урууларынан турат. Ичкилик тобунан бул жерде нойгут жана кыпчактар жашайт (Жаныл мырза жана ал чыккан нойгут уруусу тууралу көп уламыштар айтылып келет).[332]

Кыргыздардын кээ бири 1916-жылы падышага каршы болгон ийгиликсиз көтөрүлүштө Кытайга качууга аргасыз болгон. Кийинки эмигрант толкуну 1918-30-жылдары басмачылардын көтөрүлүшүндө, дагы бир толкун экинчи дүйнөлүк согуш убагында келгендер.

XX кылымда Кытайдан жана Кытайга кирип чыгуу Советтер Союзунун мамилесине жараша болгон. XX кылымдын 30-жылдары Гожоу Нияздын башкаруусу менен борборазиянын совет бийлигине каршы көтөрүлүш чыгарган. Чабуулдун борбору Комул[333] болгон, алардын максаты Чыгыш Түркестан жана кыргыздар жашаган областарды бириктирүү болгон.

Кытай жергесинде жашаган кыргыздардын тарыхы

Кытайлардын айтуусу боюнча коммунистик коом түзүлгөнү менен жашоо шарттары Советтер Союзундагы убактан кыйла айрымаланып турат. 1917-жылдан кийинки көп айрымалар пландаштырылган революциянын тапшырмасынан турган – Советтер Союзунда коммунизм идеалы деп кыйнап иштетүүлөрдөн арылтууну эсептешсе Кытайда бул идеаны АКШ, Англия, Франция, Япония империалистик державалардын кыйноосунан кутултуу деп түшүнүшкөн. Кытайдын коммунисттик партиясы Кытайды бөлгөндөргө каршы чыккан жалпы каршылыктардын фонунда, Версал келишими боюнча тынчтык иретинде империалисттик державанын таасири менен пайда болгон. Мындан тышкары Кытайда Коммунистер менен Гоминьдандардын (Gomindang) ортосунда граждандык согуш (1932-1949 жж.) коммунизм жана

---

[332] Кытайдагы кыргыз тарыхы боюнча Анвар Байтур, С. Закиров, А. Турдуева эмгектенишип келет, Манастын жети томдуу эмгегин кытай кыргыз манасчысы Жусуп Мамай жараткан.

[333] Үрүмчүнүн чыгышындагы шаар. Географиялык координаты : 42° 47′60 с. ш., 93° 27′0 в. д.

капитализм согушу эмес, оң жана сол канаттык улутчулдуктун согушу болгон.

Чыгыш Европа мамлекеттерине Советтер Союзу коммунизм курууга мисал болгон, бирок анын калың калктуу "коммунистер" мамлекети менен болгон мамилеси анча эмес болгон. Мао Цзедун совет куралдарынын жардамы менен Гоминьдандарды жеңгенине жана Советтер Союзунун жардамы менен атом бомбасын чыгаруу технологиясын алганына карабай 1962-жылдан тартып Советтер Союзуна ачык каршы чыга баштайт (60-жылдары Ветнамдагы совет куралдарын өз территорияларынан чыгарууга тыйуу салынган, 1968-76-жылдары кытай-совет чек арасында куралдуу кагылуушулар болгон, 70-жылдары Кытай АКШ менен жакындаша баштайт дагы совет-афган согушунда ислам топторуна каршы чыгышат).[334]

1962-жылы совет-кытай мамилесинин кана кыйын кезени болбостон, Кытайдын азыркы Казакстан чек арасындагы улуттардын тарыхына да таандык болгон. 29-Майда кытай калкынын тобу казак автономдуу округунун кытай Или административдик мекемесине чабуул коюшуп, 1962-жылы жаз жана жай айларында Кытайдын райондорунан 60 000 адам Советтер Союзуна качып чыгышат.

Советтер Союзу Кытайга белгилүү политикалык, экономикалык, маданияттык жана идеологиялык таасирин, өзгөчө Советтер Союзунун эммигранттары жашаган Синьцзян жана казак автономдуу округу Илиге (1954-жылы курулган) тийгизген. 1954-жылы Кытайдагы орус эмигрантарынын жалпы саны 140 000-160 000 адамды түзүп алардын 80 000 Синьцзянда жашаган. Бул элдер жергиликтүү калк (казак жана уйгурлар) менен байланышта болгон. Булардын кээ бири Синьцзянда жана Или-казак АОнын партиялык органдарында совет граждандары менен иштеген.

50-60-жылдардан кийин мамлекетте совет-кытай мамилелери сууп баштаганда, совет консульствосунан активдүүлүгү күчөп, Синьцзяндагы мекендештери Кытай гражданиндерине совет жардамын беришкен. Совет тарап 1962-жылы апрел жана май айларында Кытай райончунун жашоочуларын жардам берүүгө СССРге кайрылуусун сунуштаган.

Или-казак АО сундагы окуядан кийин кытай тарап Кытай эммигрантарынын арасындагы тазалоону, совет таасиринен арылуу үчүн уюштурган. 1966-жылы Синьцзянда 201 Россия эммигранты дайыма кайтаруунун астында жашап калган.[335]

---

[334] KOLONTAEV, K. Kitaj: točka vozvrata? *Gazeta Duel'*. 10. 3. 1998, №. 5 (52).
[335] DAN'CHUJEJ, L. Ot vraždy k protivostojaniju. *Žurnal „Rodina"*. №. 10/2004.

Кытай кыргыздары

Кытайдын официалдуу статистикасынын[336] билдиргенине караганда кытай кыргыздарынын саны 160 823 адамды түзөт (2000-жылдын каттоосу), башка булактарда андан өйдө санды 437 238 көрсөтөт[337]. Бирок мындай бийик көрсөткүчтүн туура болуусу кыйын, себеби бул сан кытай кыргыздарынын борбору Кызыл-Суу автономдук кыргыздардын саны менен барбар болуп калат.

Кыргыздар Кызыл-Суудан башка дагы Вуши/Wushi (Ugturpan), Аксу/Aksu, Шаче/Shache, Ярканд/Yarkant, Yingisar, Ташикурган/Taxkorgan, Пишан/Pishan (Guma), Текес/Tekes, Zhaosu (Monggolkure), Emin (Dorbiljin), Bole (Bortala), Jinghe (Jing) жашашат. Синьцзян провинциясынын түндүгүндө Gonliu аймагында кыргыздар жашайт. 200 жыл мурун Кытайдын түндүк-батышында жашаган кыргыз калкы Wujiazi (Хэйлунцзян-Маньчжурия провинциясынын Fuyu районунда) жергесинде отурукташкан.

Кыргыздардын көбү Кызыл-Суу Кыргыз автоном округунда жашашат. Кыргыздардын дагы бир көп тобу Или казак автоном областынын Тарбагатай тоолорунда отурукташкан.

Бул аймакта жашаган кыргыздар кыргыз тилин колдонбой казак, уйгур же тажик тилинде сүйлөп диний салттары дагы бир болбогону менен кытай кыргыздарынын арасында бир этноско киребиз деген ой жашап келет.

Кыргыздарга жана алардын маданиятына таандык болгон улуттук алачыктарды жана бетондон салынган боз үйдүн көрсөтмөсүн чагылдырган атрибуттарды бул аймактан байкайбыз. Кыргыздардын улуттук баш кийими болгон калпакты кытайда улгайып калган адамдар кийишет, анын формасы кыргыз калпагынан кичиреек болот.

Бардык кыргыздарда келинге төлөнүүчү – калым системасы бар. Айылдарда биринчи ат берилип кийин ата-энесине калым төлөнөт, анын саны дыйкандарда 1000 АКШ долларын түзсө байыраактарыныкы 5000 долларга чейин жетет.

Кыргыз ашканасында туздуу сүттөлгөн чай, нан жана май болот. Башка тамактары кытайлардын ашканасынан алынып таякчалардын жардамы менен желинет.

---

[336] China's Official Gateway to News & Information: China Internet Information Center [онлайн]. 2006 [цит. 29. 6. 2006]. Доступен: <http://china.org.cn>.

[337] ZHENHUA, H. *A language of Kyrgyzstan* [онлайн]. 1999 [цит. 11. 1. 2006]. Доступен: <http://www.ethnologue.com>.

8.2.1. Кызылсу кыргыздары

Синьцзян – Уйгур автономдуу районунун чыгышында жайгашкан Кызылсу кыргыз автономиялуу областында (Кызыл-Су) кытай кыргыздарынын жалпы санынан 80%-и жашайт. Административдик борбору Артуш шаары, областтын жалпы аянты 69 112 км² (Карта 6). Географиялык жана климаттык шартка байланыштуу калк анча көп эмес, областтын жалпы калкы 439 688 адамдан туруп, км² ка 6,36 адам турат. Бул аймактагы кыргыздардын саны областтын калкынын 1/3 бөлүгүн дагы түзбөйт.



Сүрөт 15. Синьцзян

Кызылсу кыргыздары өздөрүн Манас убагында келгенбиз деп айтышат. Топо айылына жакын жайгашкан Тоюн Төбө тургундары (жомокторго таянып) 700 жылдан бери жашаганын айтышат.

1870-80-жылы алар калмактар менен салгылашып бул жерлерди ээлеп алышкан. Азыркы убакта бул областты өздөрүнүн мекени деп эсептешет. Бул жерде айрыкча кушчу, чоңбагыш, кыпчак, жоош жана черик уруулары мекендейт.

Кызылсу областында баштапкы класстарга кыргыз тилинде окуу берилет, кыргыз тилин бул аймакта баардык жаштагы кыргыздар

колдонот. Кытай тили мектептерде берилгени менен алардын арасында анча маанига ээ эмес. Кээ бир кыргыздар уйгур тилинде сүйлөйт, алардын тили жакын жана окшош болуп кетет. Кыргыз сөздөрүндө уйгур тилинен алган көп сөздөр бар. Уйгурлар менен кыргыздар Кытайда араб шрифтин колдонушат.

Кыргыздар жашаган райондордо кыргыз улуттук маданиятын көрсөтүп бетондон жазалган боз үйлөрдү жана кыргыз символдорун чагылдырган (баш кийим-калпак, музыка инструменти-комуз же куш) эстеликтерди курушкан. Кызылсудагы белгилүү кыргыз шаарлары болуп Артуш, Акту, Улугчат (Ulugqat) жана четелдиктерге жабык Акчы (Akqi) саналат.

Кызылсу областынын кээ бир айылдарына чет элдерине кирүүгө уруксат берилбейт, ал жактарга барууга Артуш шаарынын полиция кызматчыларынан уруксат алуусу зарыл (мамлекет уруксатсыз киргендерди катуу жазалайт жана аларды алып келген таксист дагы чоң жазага тартылып машинасын дагы алдырат). Уруксат алганга ошол айылдарда жашаган туугандары чакыруу кагазын жөнөтсө макулдук беришет, ал эми чет элдиктерге ал жактарга киргенге таптакыр болбойт.

Жергиликтүү кыргыздар мусулман динин катуу кармашып мечетке тынбай барышып беш маал намаз окушат. Мечеттери уйгурлар менен бир болот бирок көрүстөндөр уйгурлардыкынан бөлөк.

Улуттук салттары Кыргызстандагы кыргыздардыкынан айрымаланбайт, келиндин калымына 10 000 ден 40 000 ге чейин юань[338] төлөшөт. Ника кыргыздардын ортосунда кана болот. Алардын негизги кирешеси мал чарбачылык, талаа айдоолору жана алардын кээ бирлери соода менен иш кылышат. Бир айлык кирешеси 3 000 (440 АКШ доллары) юанды түзөт.

Кыргыз айыл үйлөрү уйгурлардын ыкмасынан алынып топурактан салынган. Мамлекет жаңы үйлөрдү курууга аракет кылуу иретинде кредитке кирпич берет. Тоолордо (Акты) жашаган кыргыздар Уйгур АО сунун борборуна жакын болууга аракет жасап Кашкардан үй алганга аракет жасашат, Кашкарда үйдүн баасы болжол менен 14 000 юанды түзөт (2 000 АКШ доллары).

Үйлөр көп бөлмөлүү (өзгөчө шаарларда) болот, айылдарда эки бөлмөлүү болуп дубалдары топурактан, полу кирпичтен жасалат. Бурчта тапчан жасалып анын үстүндө жана дубалда дагы килем болот.

---

[338] 1500-6 000 USD.

Айылдарда абал башкача-мисалы Кафу айылында тамак бышырган жана уктаган бир бөлмө эле болот. Башка бөлмөлөр мал сарайы деп эсептелет. Ар бир үйдө 300 кой, 5 топос жана 1 ат болот

Кызылсу кыргыздарынын негизги тамагы колго жасалган нан, туздалган сүт чайы жана май. Бул тамак уйгурлардыкына окшош жана уйгур ашканасынан кыргыз ашканасы түзүлөт. Кыргыз улуттук (бешбармак) тамагы аз жасалат. Топодогу кыргыздардын негизги тамагы курут кесме башкача айтканда камыр кошулуп жасалган суп. Айрыкча көк чай ичишет.

Ташкурганда 50 жыл мурун келген Афганистан кыргыздары жайгашкан. Бул кыргыз калкы 50 жыл Кытай территориясында көчүп жүрүп Ташкурганга келгенде кооз үйлөрдү көрүп ушул жерде отурукташып калышкан. Бул жерде бостон, алапа, култан жана чок уруулары жашайт. Афганистандан келгенин эстеген Мухамбет Пайзы карыя жети атасын билбесе дагы алардын төртөөнү атап кетти (Кожагы хан→Токтасын хан ажы→Култан→Алапа). Анын айтуусу боюнча бул араб аттары, бирок алар балдарына азыркы учурда дагы араб аттарын коерун айтып кетти.

Ташкурган тажик автономдуу областы болгондуктан бул аймактагы кыргыз калкы тажик тилинде сүйлөп, тажик улутунун кийимдерин кийишет. Бирок балдар мектепте кыргыз тилинде окушат. Ике кыргыздардын ортосунда кана болот. Калым 1000-2000 юанды түзөт

Тажикстандын чек арасына жакын Кулма ашуусундагы кичинекей Каракол айылында жашаган кыргыздар Кытайга Улуу октябрь революциясынан кийин Кыргызстандын түштүгүнөн келген сарт уруусу.

Кыргыздар Караколдон тышкары кытай-тажик чек арасында Мустаг-Ата тоосуна жакын Булункөл айылында, Кафу, Цубаш, Мустаг-Ата, Гунгор жана башка Каракол айылдарында мекендешет. Булункөлдө кыргыздар 300 жылдан бери жашап келишет, калган айылдарда Улуу Октябрь революциясынын убагында келип отурукташышкан. Булункөл калкы колдонгон кыргыз тили эң таза, чыныгы кыргыздын тили деп саналат.

Булункөл колхоз элементтери менен болгон айыл. 2005 –жылы жергиликтүү кыргыздардын башкаруучусу, жумушчулардын началниги Шужи жана анын жардамчысы Шажан болгон. Алар экөө тең кыргыз улутунан бирок аларды башкарган началник кытай улутунан болгон, уйгурлардыкында дагы ушундай система жүргүзүлгөн (жумушчулардын башкаруучусу уйгур бирок чоң началник кытай болгон).

Кытайлардын жана туристтердин максаты болгон Мустаг-Ата тоосу (7546 м) жана Каракол көлү жакын жайгашкандыктан жергиликтүү калкка туристтерден тапкан пайда бюджеттин негизги бөлүгү болот. Бул кыргыздарда Ташкурган кыргыздарына караганда калымдын саны жогоруурак болуп 5000 юань, 10 кой жана бир ат берилет.

8.2.2. Тарбагатай кыргыздары

Кытай-казак чек арасынын жанындагы Уйгур автономиялуу областынын Тачэн районунда (Тачэн,Чугучак жана Эмин шаарлары) тарбагатай жана же будда эки аталышындагы бир кыргыз тобу жашайт. Маалыматтар боюнча Тачэнде бул кыргыздар жалпы аймактык аралаш калктын 0,8%, Эминде 0,2% түзөт. Тарбагатай кыргыздарынын жалпы саны 1870 адамдан турат. Акчы кооперативинде 3 бүлө, Карачиликте 20 дан ашуун, Якаста 100 адам, Чупарагашта 100 адам, Узунагашта 70-80 адам, Позыдакта (Боздак) 100-200 адам, Чагычта (Аксу) 300 адам Оитиал кооперативинде 500-600 адам жашайт.

Бул этникалык группанын тарыхы тууралу аз кана маалыматтар бар, улуттук салттар айтып берүү иретинде сакталып келген, аларга таянсак бул кыргыздар 300 жыл илгери Ала-Тоодон келген деген маалыматтар бар.

Или-казак АО сунун Позыдак (Боздак) айылынын тургунунун айтуусу боюнча кыргыздар 20 кылымдын ортосунда 400 түтүн эл Орхочарда жашашкан. 1962-жылы 25-августта Кытай менен казак калкынын ортосундагы чырдан кийин жалпы казак эли малдарын, короо жайын таштап Советтер Союзуна качышкан, алардан калган жерлерге кыргыз калкы кийин келип отурукташып калган. Орхочардагы ошол убакта алардын саны 20 түтүндү түзгөн.

Орхочарда кыргыздар монгол эли менен кошо жашаган, монголдор бул аймактагы жердин баарын ээлеп кыргыздарга арендага берип турган. Монголдордун кыйноосу менен кыргыз калкы XX кылымда будда динин кабыл алышып, 300 түтүн кыргыз элинин ичинен 30 адам кана мусулман динин сактап кала алган.

Чал айылынын тургуну Кек Жакын (50 жашта) эскерет, анын ата-энесине мусулмандыктан баш тартып будда динин монголдор кыйнап кабыл алдырганын. Кек Жакындан бабаларынын аттары монголчо болуп анын атасы жана чоң атасынын аты кыргызча болгон: Танызбай (атасы) → Кокой (чоң атасы) → Чажынбаты → Мукутай → Меерман → Саарман.

Кыргыздар кытай өкмөтүнүн жардамы менен эгемендүүлүк статусун алганга аракет жасайт. Тачэнгдин тургуну кыргыз тарыхы

менен эмгектенген Ктандын айтуусу боюнча, 1833-жылы Тарбагатай кыргыздарынын башкаруучусу Караш монголдордон көз карандысыз болууга мөөр бастырып келгенге Пекинге барат. Бул мөөрдү алып кайра артка келе жатканда монголдор аны кармап алып мас кылып колундагы мөөрдү жок кылып салышат. Ошол себептен кыргыздар кийинкиге чейин монголдорго көз каранды болуп жашап, алардын кыйноолоруна чыдап келген.

Азыр Позыдакта 100 түтүн жашап алардын 30 түтүнү кыргыздарды түзөт. Диний көз карашта үй бүлөлөр аралашкан динди тутуп жашап келишет, күйөөсү мусулман болсо аялы будда динине ишенип келет.

Бул кыргыздардын негизги дини будда болуп саналат, будда динин XIX кылымдын орто ченинде кабыл алышкан. Будда динине ишенген кыргыздар буддист деген аты кана болбосо динге тийиштүү салттарды эч кармашпайт, мусулман кыргыздарынан айрымалары жок.

Диний ишеним ата тараптан берилгени менен салт санааларга апасынын дагы тийешеси бар болот, мисалга баланы отургузууда будда дининдегилер дагы бул салтты колдонгонунун себебинен.

Будда дини менен мусулман дининин ортосундагы ника кыюулар туура адатка ээ, бирок эгер бул эки тарап тең бир улуттун атуулдары болуш керек. Тескерисинче бир улуттун ичинен бир уруунун элдеринин ортосунда ника кыюу мүмкүн эмес. Тарбагатай кыргыздарына сарыбагыш, мундуз, барын, сарт, найман, керей, калмак, чотой уруулары кирет.[339]

Бул аймакта мусулмандар менен буддисттердин көрүстөнү чогуу жайгашылган. Калым баардык калкта мусулмандарда жана буддистерде дагы төлөнөт.

Жергиликтүү калктын бири дагы кыргызча сүйлөбөй казакча сүйлөшөт. Бул көрүнүштүн себеби, бул аймакта билимди казак тилинде бергени болот. Бир тилде сүйлөгөндөрүнө карабай казак жана кыргыздардын ортосунда этникалык так чек ара чектелет.

Будда динине ишенген кыргыздар өздөрүнүн башчылыгы Панчен-ламага сыйынып келишет (Гелугп орден катышуучуларынан айрымаланып Далай-лама бийик башчы болуп саналат, Пачен-лама Гелугптарга экинчи орунда турат). Үй боорунда 1989-жылы дүйнөдөн кайткан онунчу Панчен-ламанын сүрөтү илинип турат.

Жети атасын билүү тарбагатай кыргыздарынын арасынан таптакыр кезикпейт. Толук жети атасын Тачэнгтин тургуну, кыргыз

---

[339] ČERTYKOV, M. A. *Tarbagatajskie Kyrgyzy* [online]. Centralnoaziatskij istoričeskij server, 2005 [cit. 15. 11. 2006]. Dostupný z: <http://www.kyrgyz.ru/?page=297>.

тарыхы менен эмгектенген жана алар тууралуу китеп жазган Китепбай айтып берди. 1. Доот → 2. Даут → 3. Даупен → 4. Мангын → 5. Мере → 6. Сенбей → 7. Кийик → 8. Китепбай (Ктан). Саналгандардын ичинен Китепбай атынан башка аттар монгол аттары.

Монголдордун таасири ат аталыштарына эле эмес кебете түзүлүштөрүнө дагы тийген. Тарбагатай кыргыздарынын үйлөрү эки бөлмөдөн туруп полу кирпичтен жасалган, үйдөн өзүнчө бөлүнүп мал сарайы жайгашылган. Биринчи бөлмөдө тапчан коюлуп анын үстүндө тамак ичкен стол турат, экинчи бөлмөдө чоң стол коюлуп аны тегерете отургучтар турат.

Кыргыздар көбүнчө нан, май жана туздалаган сүт чайын ичишет. Бул кыргыздардын өзгөчөлүгү нанды бууга бышырып даярдоосу болот.

8.2.3. Кытайдагы кыргыздар менен Кыргызстандагы кыргыздардын мамилеси

Совет-кытай мамилелеринин бузулушунан жана чек араларды жабуудан кийин эки тараптык кыргыздардын ортосундагы байланыш толугу менен үзүлгөн. Бир убактарда чет мамлекеттеги туугандарынан кат алып окуу дагы кыйын болгон. Кызылсу АО сундагы респонденттер Кытайга Экинчи дүйнөлүк согушта Советтер Союзунан качып келгенин айткан. Ал аяктагандан кийин Мао катуу диктатураны орнотуп жана жашоонун баардык жагын текшерип калышкан. СССРдеги туугандарынан кат алгандар аны окубай туруп, бул кат аларды кызыктырбаган иретинде башкалардын көз алдында өрттөп салыш керек болчу. Эгер алар бул ыкманы жасабаса соттолуп кетмек.

Кытайдагы элдердин жашоосу кыйла жакшырганы менен алардын жашоосуна мамлекеттик кийлигишүү дагы эле калбай келет. Мисал катары тарбагатай кыргыздарынын үйлөрүн атайын дайындалган комиссиялар текшерип, үлгүлүү үйлөргө мактоо табулун берет.

Азыркы убакта Кытайга саякат жасоо туристик фирмалардан алган визанын жардамы менен оңой болуп бири бирин такыр көрбөгөн кыргыз туугандар бири бирине катташып калышты.

Кытайга каттодо алардын ортосунда соода сатык байланыштар дагы пайда боло баштады. Акыркы убакта соода менен алектенген адамдардын ортосунда адамдарды туткунга алып калуу учурлары болуп келет. Кыргыздар Уйгур АО суна келип белгилүү бир товардын мисалы түстүү металды алмашуу жолун сунуштайт, бул

сунушка уйгурлар макулудугун берип товарды Кыргызстанга сатканга жиберишет, бирок акчаны кайра алып келмейинче камакка бир канча адамды алып калышат.

Кыргызстанга товарды алып кеткен адам аны сата албаса, кытай тараптагылар камакка алып калган адамдарды чек арачылардын жардамы менен качып кетпеси үчүн Топо чек ара зонасынан Кашкарга же Артушка алып келишет. Эгер макулдашкан убакытка чейин карызды алып келбесе камактагы адамдар ал акчаны актап иштеп берүүсүн катуу талап кылышат, камактагылардын арасында аялдар болсо аларды сойкулук менен иштетип акчаларын өндүртөт. Документеринин жоголуп кеткенин арызданып качып кеткенге дагы мүмкүнчүлүк жок, себеби аларды полиция кармап законсуз келгендиги үчүн абакка камап салат. Бул абалдан чыгуунун жалгыз айласы чоң жүк ташуу машиналардын айдоочуулары күрүч мүшөгүнө жашырып байлап же ящиктерге катып Кытайдан Кыргызстанга алып келет.[340]

8.3. Тажикстан

Тажикстанда кыргыз калкын (жалпы саны 70 000) эки райондон кезиктирсе болот – алардын көбү кыргыз калкынын борбору болгон Жергетал жана Мургаб райондорунда отурукташышкан, андан ары Шаартуз жана Яван райондорунда турушат. Исфара, Шаартуз жана Гиссар шаарларында аз сандаган кыргыздарды жолуктурса болот.

XX кылымдын 20-жылдары чек араны бөлүп салгандан кийинки Тажикстан территориясынын кыргыздары бул аймактардын тамырлуу эли болуп саналат.

Тажикстан кыргыздары Кыргызстандын түштүгүндөгү Лейлек, Чоң-Алай, Кадам-Жай, жана Баткен райондору менен байланыш кармашат. Кыргыздар жашаган айылдарда кээ бир Кыргызстандан келген мугалимдер иштеген кыргыз мектептери бар. Китеп, газета жана журналдар Тажикстанда чыгарылбагандыктан Кыргызстандан алынып келинет.

Кыргыз калкы жашаган аймактарда мал багуу менен оокат кылып жайлоого чыгышыт. Токсонунчу жылдары көптөгөн кыргыздар Кыргызстандын территориясына (Чүй областына) көчүп алардын кээ бири кайра кайтып келген.

---

[340] BATILOV, A. Nelegaľnaja migracija v Kyrgyzskoj respublike. In: *Migracija i opyt vzaimodejstvija regionov po usileniju etnopolitičeskoj stabiľnosti v Evrazii.* Novosibirsk: Vostok-Vostok, 2002. s. 145–146.

8.3.1. Жергетал району – Каратегин

Каратегинде (Сухроб дарыясындагы өрөөн) жашаган кыргыздардын[341] саны болжол менен 50 000 кишини түзөт.

Жергетал районунун борбору Кыргызстандын чек арасынан алыс эмес жайгашкан Гарм областында жайгашкан. Бул жердин аталышы кыргыздын *жерге тал* аталышынан келип чыкканын билдирет. Райондун кыргыз калкы жалпы калктын 70%ин түзөт (калгандары тажик калкы). Кыргыздар кыргызча сүлөшөт, тажик тилин колдонушпайт.

19 кылымда капитан Б. Л. Громбчевскдин (кийин подполковник) бул райондо болгон саякатында каратегин кыргыздары тууралы жазылган (1889-1890).

Сух-Оба дарыясынын эки капталында жайгашкан каратегин бектиги Алай өрөөнүнүн уландысы болот. Калктын жарымысы кыргыздардан жана жарымысы тажиктерден турат. Кыргыздашылган тажиктер Каратегиндин чыгышындагы үйлөрдө жашап жайкысын малдарын айдап жайлоолорго чыгышат. Каратегин – жарды айыл, бирок арпа – буудай айдаганга ылыйыктуу жерлери жана Ыйык Петр кыркасында мол азыктуу жайлоолору бар.

Картегинден карышкыр, түлкү, кашкулак жана коендорду кана көрдүк. Бирок бул аймакта көп бүркүттөр бар.[342]

Байыркы кыргыздардын адатына тажик калкы кирип жатканы тууралуу А. Штейн өзүнүн докладында жазып кеткен.[343]

Тоолуу аймакка карабай калктын азыркы убактагы мал чарбасы болуп бир канча кана топос жана бир аз мал жандыгын кармаганы эсептелет. Жайлоолорга май айында чыгышып, кайра сентябрь же октябрь айларында (аба-ырайына байланыштуу) айылга кайтып келишет.

Малчылар жылына бир жайлоого чыккандыктан, отурукташкан жерлерине фундамент куюп сарай жасап коюшат. Бул сарайлардан тышкары жайында боз үйлөрүн коюшат. Кээ бир боз үйлөр жер титиреген убакта он эки жыл мурун Казакстандан келген.

Бул аймактагы кыргыздар боз үйгө Кыргызстандагы кыргыздардай көңүл бурушпайт. Боз үйлөрү эч кооздолбой жөн эле баш калкоолочу жай катары колдонулуп, алар жыл сайын бир

---

[341] Бухара эмиратынан алынган тарыхый ат.

[342] *Доклад капитана Б. Л. Громбчевского о путешествии в 1889–1890 гг.* [онлайн]. Vikiznanie, 2005 [цит. 18. 9. 2008]. Доступно: <www.wikiznanie.ru/ru-wz/index.php/Каратегин>.

[343] STEIN, A. Expedition in Central Asia. *The Geographical Journal*, Vol. 47, No. 5, 1916, s. 361.

фундаменттин үстүнө курулат. эгер боз үй эскирип калганда, бул аймакта аны жасаган киши жок болгондуктан Кыргызстандан барып алып келишет.

Тажиктер бул областтан башка жерлерде боз үйүн колдонушпайт. Биринчи жолу боз үйүн 1949-жылы болгон жер титирөөдө Кыргызстандан алып келип тигишкен. Кыргыздар бул убакка чейин кичинекейлерин колдонуп келишкен. Кыргызстандан чоң боз үйүн алып келгенден кийин тажиктер дагы аны колдонуп баштайт.

Бул областагы кыргыздар тажик кийимдерин кийишет, аялдар (тажик аялдарындай эле) көйнөк астына шым кийишет. Аларга эки өрүм чачы эмес каштарындагы жашыл осмо чийме көнүмүш адат.

Бир айылдын калкы бир жайлоого чыгуу адат болгон. Алардын жыл сайын бир жерге келип жайлоосунун себеби болуп Тажикстандагы граждандык согуштан калган миналардын калдыктарынан сактангандары эсептелет. Жайлоолор кишлактарга ылайыктуу бөлүнөт, бул жерде эч кандай этникалык таандыктын тиешеси жок. Кыргыздар тажиктер тараптан болгон кысымдын жоктугун далилдешет.

Жайлоого дайыма бул жерде болгон аялдар кана чыгышат. Малдарды караган койчу алар менен чогуу жайлоого чыгып айылдын жалпы малын кайтарат. Кылган ишине акчалай (бир башка айына 50 дирам[344]) же айына 2 кг картошка жана бир кой алган.

Аттарды транспорт катары колдонушат, эшек кармоо бул элде кеңири таралган. Кымыс жасоо буларга жат көрүнүш.

Аялдар боз үйдүн ортосунда жайгашкан очокко тамак бышырышат. Алардын атайын жасап жеген тамактарына манты, плов, шиш (куруулган боор), шалам бед (ун, май жана шекер кошулуп жасалган каша) жана колго нан бышырып жешет. Жайлоодон аялдар кыштын дагы камын көрүп келишет.

Курутту жасоодо, айранды баштыкка куюп бир нече күн сарыктырып тоорсутат, даяр болгон сүзмөнү казанга салып 4-5 саат кайнатып муздагандан кийин тоголок шариктерди жасап күнгө жайып коет. Мындан тышкары сары май жана башка сүт азыктарын жасашат.

Эркектер жайлоого жумасына бир жолу барышып, бир күнүн эс алууга арнашат экинчи күнүн базарга алып чыгып саткан жер жемиштерин сугарып жана чарбачылыгы менен алек болушат. Алардын кээ бири балчы болуп эмгектенишет. Шекер, май жана ундан башка керектелүүчү оокаттарын алар өздөрү өндүрөт.

---

[344] Болжолу менен 2 крон жана 50 галлер, же 0,15 доллар (2008).

Көп калк наркотик соодасы менен дагы алек болуп алардын тоо жолдорунун жакшы билгенинен Кыргызстанга дагы алып өтүшөт.

Совет убагында жакшы болгон деп эскеришет (мурун бул жерде жайлоо кенен болгон). Советтер Союзу таркагандан кийин жерлер балдарынын санына жараша бөлүнүп калган.[345]

8.3.2. Мургаб, Тоолу-бадахшан АО – Памир

Бул өлкөдөн чыгып үч күн ат менен түндүк-чыгыш тарапка барсаңар эң бийиктике кезигесиңер, айтууларга караганда бул дүйнөдөгү эң бийиктик деп эсептелинет. Силер бул бийиктике чыкканда ачка жырткыч он күн жеп тойгондой кооз жайлоосун аралап дарыя агат. Бул жер Памир деп аталат, он эки күн киши жашабаган чөл аймакты аралап өтөсүнөр, ошого жараша керектүү нерселериңерди жаныңарга алып алууңар зарыл. Бул жер аябай суук жана бийик болгондуктан асманда учкан канаттуу куш дагы көрүнбөйт. Ушул сууктун себебинен от жай күйүп жылуулук анча бербегендиктен тамак бышырып жеш кыйынга тураарын айта кетишим керек.

Марко Поло, Миллион, XXXVII бөлүм.

Марко Поло жазып кеткен кыйын шарттарга карабай малчы элдер Памирге көчүп келе башташкан. Памирге келген кыргыздардын көчүп келүүсүн бир канча этапка бөлсө болот.

Алгачкы кыргыздар Памирдин чыгыш бөлүгүндөгү Сары-Кол тоо кыркаларында жашаган. Кээ бир тарыхый маалыматтар боюнча кыргыздар Памирде XII кылымдан тартып жашап келишкен бирок бул маалыматты далилдегенге конкреттүү далил жок.

Чыгыш Памирдин (азыркы Кытай жана Тажикстандын территориясы, азыркы тажик территориясы Тоолу-бадахшан АО жана Сары-Кол тоо кыркасы) кыргыз калкынын белгилүү бөлүгү 16 кылымдын экинчи жарымында келип баштаган. Ал эми Бухардын Абдулла ханы XVI кылымдын II жарымында Бадахшан, Шугнан, Рушан сыяктуу хандыктарды өзүнө баш ийдирүүгө аракет жасаганда памирдик кыргыздар, өз алдынчалыгын сактап калыптыр. Мындай кабарлар Хавиз менен Тааныштын чыгармасында айтылат.

1575-жылы кыргыздар, Абдаллах-ханынын аскери алыста болгонуна таянып ага тийешелүү жерлерди басып алышкан. Каратегин тарапка бет алышып Гассирге жана Дех-и-науга (Денау) чейин жетишкен. Артка кайра барган жолу менен кайтышкан.[346]

---

[345] KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. (HODULÁKOVÁ, A.) *Lidé z hor a lidé z pouští: Tádžikistán a Turkmenistán. Střípky kulturních proměn Střední Asie*. Praha: Univerzita Karlova, 2007.

[346] SALAHETDINOVA, M. A. *Svedenija o kirgizah v „Abdullah-name" Hafiz-i Tanysha*. AN KirgSSR, 1960. In: Centralʹnoaziatskij istoričeskij server, 1999–2007 [цит. 29. 9. 2008]. < http://www.kyrgyz.ru/?page=152>.

Калмактар Чыгыш Түркестан менен Тянь-Шанда үстөмдүк кылып турган мезгилде памирдик кыргыздар көз каранды болбой жашаган. Бирок, калмактар өздөрүнүн Галдан хан (1671-1696) аттуу ханы бийликте турган кезде Памир районунда турган кыргыздарга чабуул коюп турган. Мындай тарыхый маалыматтарды элдик легендалар чындыкка чыгарат.

18 кылымдын башында шыгыш Памирге этникалык жактан монголдорго жакын болгон калмак жана жунгар уруулары келип башташат. Кыргыз жана калмак урууларынын ортосунда салгылашуу убагы башталат, анын аягы калмактарды Чыгыш Түркестанга кууп чыгуу менен аяктайт. Бул акыркы кууп чыгуунун себеби болуп жунгар ханынын тарашы жана 1759-1760-жылдары кытайлар менен салгылашуусу саналат.

Калмактарды Чыгыш Памирден кууп чыккандан кийин кыргыздар афган Гиндукушага чейин жетип кенен жашап калышкан. XIX кылымда кыргыздардын саны 35 000, XX кылымда 85 000 адамга жеткен.[347]

1892-жылы Б. Л. Громбчевскийдин башчылыгы менен Памирге россия администрациясын орнотуу максаты менен аскер отряды келгенде 200 түтүн болуп 2000 адамды санаган. Бул сандарды тактап караганда кыргыздар мындан беш эсе көп болуп чыккан.

Кыргыздар боз үйдө жашашкан, кыштын суук күнүндө шамалдан сактанууга ылайыкталып таштан салынган үйлөрдө баш калкалашкан. Кышкыга камдаган тамактарынан кургатылган сыр же кытайлардан малга алмаштырып алган ун болгон. Памир областындагы кыргыз көчмөнү топос, кой, бука, жана уй, бир-эки төө, ат кармаган.

Тагеевдин айтканы боюнча[348] 1897-жылы көчмөн кыргыздар Памирде өздүк калктын негизин түзгөн себеби биринчи иретте тоолуу кыйын шарттарда жашаган Вахандан, Шугнан жана Рушандан качып келген тажиктер аз жашаган.

Тажик эли жапайы жаныбарларына жана канаттуу куштарга мергенчиликке жөнөкөй курал же таптакыр куралсыз чыгып жатканда кыргыздардын өздөрүнүн товарына базардан алмашып алган жакшы атуучуу куралдары болгон.

Памир кыргыздары биринчи орунда урууларга бөлүнгөн жайыттары бар малчылар болгон (Кыргызстан территориясына окшош). Бирок бул жайыттар жакшы болбогондуктан урууларды

---

[347] KUBATOV, E. *Afganskie kirgizy* [онлайн]. Vatanym, 2005 [цит. 29. 9. 2008]. <http://vatanym.ru/?an=vs107_7>.

[348] TAGEJEV, B. L. Pamirskie Kirgizy. *«Нива»*, 1897, №38, s. 895–902.

ортосунда чырлашып, жакшы жайыттарды алган киши менен талаш тартышы болгон. Ушул себептин айынан кыргыздар Алтай (азыркы түштүк Кыргызстан), Кашкар (Кытай) жана Гармага (Каратегин – Сурхоб дарыясынын куймасы) көчүп турушкан. XX кылымда ар бир урууларды өз алдынча ээлеген кыштоолору жана жайлоолору болгон.[349]

Мургаб

Мургаб районундагы кыргыздардын саны болжол менен 15 000 адам. Кыргызстандын территориясына жакын жашаган тажик кыргыздары Кыргызстан кыргыздары менен тыгыз байланышта болуп келет, жаштар Ош жана Бишкек шаарларында университеттерде окушат, больницага дагы Кыргызстанга барып көрүнүп келип турушат.

Мургаб области татаал шарттын (3576 м бийиктикте) айынан жайыт эң чоң ролду ойногон Тажикстандын территориясынын жери болуп саналат. Бул жердин шартына эчтеке өстүрүүгө болбойт ошол себептен топос кана багуу бул шартка ылайыктуу иш. Бул жерде кыргыздар менен тажиктердин саны барабар. Областтын борбору Мургаб шаары Хорогдон Кыргызстанга андан ары Кытайга кеткен жолдо жайгашкан.

Акыркы жылдары туристтердин башкы борбору болуп Хорог (ТБАО борбору) шаары эсептелип Мургабта дагы бул ишти өнүктүрүүгө аракет жасашат. Шаарда бир канча туристтик организациялар иштеп келет. Кыргыздардын оокат кылуусу соода менен болуп калган.[350]

Каракол

Мургаб районунун бул айылы мал чарбасына кана көз каранды болуп калган. Айылда 1935-жылы Кытайдан (Маржу) келген кыргыз калкы жашайт. 1935-жылга чейин бул айыл жок болчу жана кийин бир канча уруудан турган көчмөн кыргыздарынын келиши менен айыл пайда боло баштаган. Биринчи үйлөр бул аймактарда кыркынчы жылдын башында Экинчи дүйнөлүк согуш убагында курулуп баштаган. Совет убагына чейин жана Совет убагынан кийин дагы бул жерде мечет жок болуп кийин 2000-жылы кана тургузулган. СССР убагында диний Орозо-Айт, Курман-Айт майрамдары майрамдалбачу (башка жерлердей эле) эгер бул тартипти бузгандар болсо колхоздогу жумушунан айрылып калган.

---

[349] SAPARBAEV, A., TEMIRKULOV, K. *Pamir Kyrgyzdary*. Oš, 2003.
[350] KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. *c.d.*



Сүрөт 16. Каракол

Караколдун тургундары тажик акцентин кошпой так кыргыз тилинде сүйлөшөт. Каракол кыргыздары найман, кыпчак, тейит, кыдырша урууларынан турат. Азыркыга чейин жергиликтүү жана Экинчи дүйнөлүк согушка чейин (1935-ж) келген "кытай" кыргыздары деп эки топко бөлүнүшөт.

Башка кыргыздарындай эле Каракол кыргыздарында салт санаалырды сактоого чоң көңүл бөлүнүп келген. Мисалы, калымды төлөө (калымдын саны орточо эсеп менен алганда 30 кой, 30 000 сом[351] жана 3 топос алардын ар бири 15 000 сом болгон), уруулар тууралуу билүү; бирок бул жерде "Манас" эпосу тууралуу эч ким билбейт (бул Кытайдагы кыргыздардын улуттук салты болгону менен). Респондент Досбай санап кеткен жети атасынын аттары кыргызча кана аттардан турган (Досбай → Мамек → Бекиш → Коконбек → Досбай → Мусаяр → Кудаяр).

Деңгиз денгеелинен 4000 м бийиктикте жайгашкан жана шарты татаал климат (жай мезгилинде температура 15° тан ашпайт, кышында -45° ке чейин жетет) менен байланышкан Караколдо айыл чарба продуктасы таптакыр өспөй мал чарбачылык менен оокат кылып келишет. Бул жерде жайгашкан туздуу Каракөл көлү балык кармаганга болбойт.

Айылдын жанында жайгашкан жайыттар малдарга кенен жетпегендиктен жай мезгилинде жайлоого чыгышат. Июнь айларында болгон көчүүгө бүт үй бүлө катышып кайра сентябрь-октябрь айларында кайтып келишет.

Бул аймактын кыргыздары тери жана жүн сыяктуу товарларын Мургабга алып барып же болбосо Кыргызстанга алып барып сатышат. 2007-жылы айылдын тургуну Советтер Союзу таркагандагы жашоосундагы эң жаман абал болуп колхоздун тараганын эскерет. Колхоздун малдары колхоз жумушчуларына эле эмес айылдын баардыгына тең болбосо дагы жалпы элге бөлүнгөн. Колхоздун жумушчулары беш уй алса мамлекеттик кызматкерлер жана мугалумдер бир уй алганга укуктары бар болгон.

Жашоонун оңолушуна карабай мамлекеттик кызматкерлердин айлык акысы мурдагыдай эле аз болуп болжол менен отуз доллардын эквиваленти. Айылдагы эки үй аз болсо да келген туристтерди тосуп акча таап келишет. Кыргызстан жана Мургаб менен болгон кабардын аздыгы буга себеп болуп келет (Сары Таш аркылуу Ошко кеткен жол аябай жаман).

---

[351] 1 сом-болжолу менен 0,50 крон / 1 доллар 36 сом / 1 евро – 52 сом болот (2008 ж.)

Раң-көл

Кытай менен жана бир аталыштагы көлгө жакын Раң көл чыныгы кыргыз айылы болуп саналат. Аталышы Сулуу көлдү билдирет, Раң сөзү азыркы кыргыз тилинде колдонулбайт.

Бул жердин калкынын келиши тууралуу үч вариант сунушталат.

Кыргыздардын алгачкы ата-бабалары көчмөн калк болгондуктан, алар көчүп отуруп ушул жерлерди мекендеген кийин бул айматтарды чийип чек жасап салганда бул кыргыздар калып жашап калышкан.

Экинчи варинтта Чынгызхан убагында кыргыздар качып Раң-көл көлүнүн жанына отурукташып калышкан.

Үчүнчү варинтка таянсак, кыргыздар Раң-көлгө Кокон хандын убагында келген (1709-1876 жж.).

Ал эми жергиликтүү калктын айтуусу боюнча байыркы кыргыздар Раң-көлгө VIII–X кылымдарда (бул убакыт Манас жомогун дагы камтыйт) келишкен.

Бул аймактын тарыхчысы (60 жашта) кыргыздарды үч негизги топко бөлөт:

Ичкилик (памир кыргыздары)

Түштүк (Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздар)

Аркалык (Кыргызстандын түндүгүндөгү кыргыздар)

Түштүк Кыргыздарына өзбектердин таасири, ал эми түндүк Кыргызстанга орустардын таасири тийген. Памир кыргыздары алардан айрымаланып чыныгы кыргыз калкы дейт, тарыхчы.

Памир кыргыздарынын Хорогдо жашаган өздүк лидери, котормочу, акын, Мургаб районунун председатели жана тажик парламентинин катышуучусу Тойчуев Майрамбек. Ал тажик бийлиги менен болгон тажик кыргыздарынын ортосунда болгон кыйынчылыктарды чечип жардам берет.

Булардын жарымы Кашкардан келген кыргыздардын тукумдары жана кээ бири Чоң Алайдан келип, калгандары жергиликтүү калк.

Кайсыл тараптан келгендери тууралуу суроо узатсан бардыгы түпкү тамырлуу калкбыз деп жооп берип жана ата-бабаларын санап баштаганда (ат аталыштарынан) алардын түпкү тамыры Кашкардан экени билинет.

Айыл Советтер Союзу учурунда тургузулган, айылдык мектеп дагы Совет убагында курулган ага чейин 1930-33-жылдары боз үйдө окуп билим алышчу. Үйлөрдү 1935-жылдан кийин коллективизация келип жана көчмөн калкттар отурукташканда тургузуп башташкан. Тарыхчынын айтуусу боюнча, анын бала чагында айылда алты үй кана болгон.

Советтер Союз убагында айылга электроэнергиясы коюлган, кийин Советтер Союзу таркаганда электроэнергияны токтотуп салышкан. Азыр телевизор көрүш үчүн, радио угуш жана свет жарыгын колдонуш үчүн ар бир үйдө дизел агрегаты колдонулуп келет.

Колхоз таркап кеткенден кийин жумушка орношуу кыйынчылыкка турган. Мал чарбачылык менен саналуу кана үй бүлөлөр иштешет малдарын жайытка алып чыга албагандар башка малчыларга кошуп коюшат. Жайыттарга жыл сайын чыккан үчүн короо-сарай тургузуп атайын жайытка даярдап коюшкан.

Айылда мечет бар болгону менен бул жердин калкы намазды аз окуйт.

Мурун үйлөнүү тоюн ата-энеси чечип келиндин калымы 3 топос, 30 кой, жана орто эсеп менен 30 000 кыргыз сомун түзгөн. Азыркы күндө үйлөнүү тоюна караштуу суроолорго тажик президенти Рахмонов дагы кийлигишип белгилүү аз калым төлөгөнгө чакырат. Калымдын эң жогорку суммасы жана өлгөн адамды койгондо союла турган малдын саны 2007-жылы кабыл алынган закондун негизи менен кыймылдап калган. Азыр калым 1 топос, 10 кой жана 10 000 сом. Үйлөнүү тою ЗАГСта өтүп кийин той үйдө улантылат. Туугандар арасында ника кыйылбайт.

Бул кыргыздардын жашоо жана маданияттагы суроосу болуп калымдын төлөнүшү жана никеге туруу башкы өзгөчөлүктөрү болду (жегиликтүү тарыхчынын ою боюнча). Калымдын азайышын туура деп эсптейт. Бирок жаштар өз тандоосу менен кана никеге туруу керек дейт.

Тарыхчы тейит уруусунан жана өзүнүн 14 ата бабасын жатка билет (болжол менен 1650-жылдан берки):

Тейит → Сары Тейит → Айдар → Жаманан → Телекмат → Жамантай →
Mama Buka Kalmat
Китан Кочкор (Рахманкул хандын тукуму)

→ Мамаке → Айдар → Аже → Жусуп → Пирманбет → Сапарбай →

Таалайбек ♂
Тагайбек ♂
Айдарали (тарыхчы) → Талантбек ♂
Абдысалам ♂
Алымкан ♀
Жылдыз ♀

Раң-көлдөгү тарыхтар

Кыргыздарда оозеки манасчылар айтып келген Манас чыгармасы кана болбостон, алардын кылган эрдиктери тууралы айтылган уламыштарды азыркы убакта угуу кыйын. Кээ бир үйлөрдө эч кандай жомокторду айтып бере алышпайт же кээ бирлери китептерден окугандарын эстеп калышат. Кийинки эки уламыш жомогу Раң-көл менен байланышып жергиликтүү мугалимдин айтып берүүсүнөн.

Жоголгон байлык

Илгери-илгери Раң-көлдө Кудайберген аттуу бай адам жашайт. Ал кытай жана орустар менен соодалашып жүрүп көп байлык топтойт. Жакшы мусулман катары ал Меккеге сыйынып келгенге кетет. Алыс жолдон ар кандай жамандыктарга учурап кеткендер артка кайтып келбей да калышчу. Кудайберген алтындарын катып аны беш жаштагы баласына көрсөтүп жолго чыгат. Бирок кийин кайра кайтып келбейт. Муну билгендердин баары катылган байлыкты издеп жана Кудайбергендин баласы катылган жерди эстей албай табылбай калат. Кийин орустар Раң-көлгө келишип катылган алтынды издеп таппай кайтышат.

Ишенимтүүлүк

Раң-көлдө бактылуу мергенчи аялы жана баласы менен жашаган. Уруулардын арасында согуш башталганда бул үй-бүлө тоого качып кетишип бактылуу жашоосун уланта беришет. Кийин алардан бакыт качып, аялы күйөсүнүн кийимдерин дагы жуубай калат. Бул көрүнүш күйөөсүн таң калтырат. Ошол себептен бир күнү ал аң уулоого кеттим деп аялын алдып анын бир эркек менен жолугуп жатканын кармап калат. Бул иш көптөн бери болуп жатканын билген күйөөсү аялын өлтүрүп салайын деп уруп баштайт, артынан кирген аялынын ойношу жардам бергенге аракет жасайт. Ошол убакта мергенчинин ити ойношунун колун тиштеп кожоюнуна жардам берет. Мергенчи экөөнү өлтүрүп өзү баласы менен жашап калат. Ошондон бери аялына караганда итиңе ишен деп айтып калышкан.

Ишеничтүү ит тууралу дагы кыргыздардын калмактар менен болгон согушунан чыккан бир уламыш бар.

Илгери бир (хан) Шырдак деген көп койлуу, бай адам жашаптыр. Анын сулуу аялы бар экен. Аялын аябай жакшы көргөндүктөн жалгыз үйлүү кылып, күнүнө кырк кара койдун чучугуна түрдүү оокат жасатып бакчу экен. Хан Шырдактын өзүндө 6 кулач Ала Байталы, бир мылтыгы, Даңгыт жана Маңгыт деге эки ити болуптур.

Хан Шырдак кой кайтарып кеткенде калмактардын бир башчысы сулуу аялы менен сүйлөшүп жүрүптүр.

Күндөрдүн биринде калмактардын башчысы Хан Шырдакты өлтүрүп, аялын алып качмак болот. Бирок Хан Шырдак билип калып, 6 кулач Ала Байталына минип алып аялын учкаштырып, эки итин ээрчитип, үйүн малын таштап качат. Калмактар Хан Шырдакты эртеден түш оогонго чейин кууп, акырында жетмек болушат.

Хан Шырдактын ошондо мылтыгы эсине түшүп, ийининен ала коюп атайын десе, белине курчанган окторун аялы жол катар бирден сурууп таштай берген экен. Хан Шырдактын айласы кетет. Ала Байталы да арыйт. Акырында аттан түшүп аялына атын карматып, калмакты күтүп калат. Калмактын башчысы да кууп жетип аттан түшөр замат экөө күрөшө кетет.

Күрөш көпкө созулат. Акырында Хан Шырдак жанагы калмакты тизелетип калганда, аял аттын чылбырын Хан Шырдактын бутуна чөрөй салат. Хан Шырдак жыгылат. Калмактардын башчысы өлтүргөнү кынынан бычагын суурмакчы болуп калганда Хан Шырдак жаткан эки итин аттарынан айтып, жардамга чакырат. Мына ушунда эки ити келип калмактардын башчысын талап, туш тарапка созуп кетет. Хан Шырдак тура калып калмакты да, аялын да бычак менен сайып өлтүрөт.

Өзүнүн Ала Байталын минип, эки итин ээрчитип, ошондо хан Шырдак: "Ит-бапаа жолдош, катын жапаа" деп жүрүп кеткен.

8.4. Афганистан

Афганистанда болжол менен 5500 кыргыз бүлөсү жашайт (болжол менен 30 000 адам жашайт). Афган кыргыздары кыйын шарттагы айыл чарбачылыгы менен иштегенге мүмкүн эмес алыс райондордо жашашат (Вахан коидору/Wakhang Corridor-Бадахшан областы).

XX кылымдын 30-жылдары Орто Азиядагы болгон граждандык согушта Рахманкул-хан жетектеген памир кыргыздары Афганистанга көчүп келишкен. Бул кыргыздар Вахан коридоруна отурукташышкан. Рахманкул-хандын уруусуна Чыгыш Түркестандын алыскы чыгыш жагындагы жайыттар жана үйлөр таандык болгон. XX кылымдын 20-жылы Советтер Союзунан качып келгенден кийин Рахманкул-хан жана анын уруусу көп жылдар бою бул кыргыздарда (Кытай) болушкан. Рахманкул-хан миңдеген чоң мүйүздүү малдары менен жергиликтүү афган элинин бай лидери болгон.

Афган королу Мохаммед Закир Шах кыргыздарга жардам берип аларды афган армиясын өтөөдөн арылтып официалдуу чек арачылардай эле мамлекеттик чек араны кайтарган эл статусун берген. Анын башкаруусунда малдарга болгон налог дагы төлөнгөн эмес. Корол үй-бүлөсү кыргыз Ажосу Рахманкул ханга мамлекеттин түндүк-чыгыш чек арасын кайтаргандыгынын урматына Пасбани Памир-памирдин кайтаруучусу титулун ыйгарган.

1973 – жылдан кийинки бурулуштан кийин афган кыргыздарынын абалы оорлой баштады, жаңы режим менен биринчи королдун сүйүктүү Рахманкул-ханынын мамилеси начар болуп ортодо келишпестиктер чыга баштады. 1978-жылы болгон кийинки бурулушта АКШнын кийин СССРдин кийлигиши Афганистагы абалды өтө начарлата баштаган. Ошол себептен Рахманкул-хан бул жылы вахан кыргыздарын Кашмирдин түндүк бөлүгүнө алып кетет.

Бул убакта кыргыздар климаттын алмашкандыгынан ар кандай оорулар менен ооруп, чоң мүйүздүү малдарын жоготушат, Рахманкул-хан АКШнын өкмөтүнө Аляскага эмиграциялаганга өтүнүч катын жөнөтөт. Бул өтүнүч жоопсуз калат, 1982-жылы Турция мамлекети бул кыргыздарды чыгыш Анталияга көчүп келүүсүнө уруксат берет. Бул көчүүдө Абдурашид-хандын башкаруусундагы болжол менен 50 кыргыз бүлөсү афган Памирине кайтып келет. Рахманкул-хан 1990-жылы Турциядан каза болот.

Кээ бир кыргыздар Пакистандан Турцияга көчүүнү каалабай Афганистанга кайтып келишкен.

8.4.1. Афган кыргыздары

Кыргыздар 200 жылдан бери Кичи жана Чоң Памирдин территориясында жашап келет. Көчмөн кыргыз элинин бул тарапка жер которуусуна француз окумуштуусу –тюрколог Реми Дордун[352] болжомунда тейит жана кесек уруулары демилгечи болушкан, “Бул уруулардын жайкы жана күзгү жер которууну башташканы,- деп жазат ал, XVIII кылымда гана башталгансыйт. Мындан мурдараак “чалгын чалуучу”, же анча мынча түтүн отурукташкан учурлар да болгондур. Көчүүнүн башкы демилгечиси болуп тейит уруусу чыккандай, ошондуктан улам ал эң сонун жайыттарды ээлеп алган. Ал уруунун бул тарапка өтүүсү Памир тоолорун Харгуши-Памир менен туташтырылган Кызыларт ашуусу, Алай өрөөнү, андан ары Ак-Суу дарыясы аркылуу өтөт. XIXкылымдын баш ченинде

[352] DOR, R. *Contribution à l'étude des Kirghiz du Pamir afghan*. Paris: Publications orientalistes de France, 1975.

тейиттердин бир бөлүгү андан да ары жылып, Сангу аймагынан конуш алышкан. Ал уруунун жер которуусуна Кокон ханы, 1834 – жылы Каратегинди басып алууга Мухамед-Алинин (Мадли-хандын) зомбулугунан кутулуу максаты түрткү болгонсуйт".

Кесек уруусу тейит уруусунан айрымаланып, Чоң-Памирге Дорвоз жана Шунган тоо кыркаларынан ашып, батыш тараптан келип отурукташкан. Ошентип, XIX кылымдын аягында тейит уруусу кар аз түшчү Раң-көл жана Кичи Памирге жайланышып, кесек уруусуна Чоң Памирди, Аличурду калтырган, алардын ортосунда анчалык көп эмес кыпчак уруусунун түтүндөрү жайгашкан.

XIX кылымдардын 80-жылдары Англия менен Россиянын тирешүүсүнөн памир кыргыздарынын жашоосу оорлоп баштайт. Россияга таандык болгон Памирди Англия бөлүп алууга аркеттене баштады. Ошол учурдагы абалда Вахан коридору курулуп, ошонун натыйжасында Түштүк Памирдик кыргыздар менен тажиктер экиге бөлүнүшүп, бир тарабы Россияга экинчилери Афган хандыгынын бийлигине кошулду.

Афгандык кыргыз элинин жалпы саны 1971-1973-жылдары болжол менен 3000 адам болгон. Алардын теңинин көбү Кичи Памир айланасындагы өрөөндөрдө отурукташышып, тейит (кандын тукуму) бийик абалда турган. Тейиттерден башка да Кичи Памирде жана өрөөндөрүндө кесек уруусунан дагы бир нече үй-бүлөсү, найман жана калмак урууларынан сегиз түтүнү, кыпчак уруусунан эки-үч үй-бүлө жашаган. Чоң Памирде кесек уруусу көбүрөөк отурукташкан да алардан бөлүнүп чыккан кызылаяк, жыгжым, мамачар аттуу майда урууларынын саны көп болгон. Памирдиктердин демографиялык өзгөчөлүгү – жаш балдардын өлүмү өтө жогору болгон, бул бир жагынан тамак-аштын биологиялык сапаты талаптагыдай эместигинен болсо, экинчиден бийик тоонун аба ырайы, шарты аялдар жана балдар үчүн катуу зыяндуу таасир эткени менен түшүндүрүлөт. Буга бир гана мисал айкын далил болот-жада калса турмуш тиричилиги жакшы, оокаты кеңири бай үйлөрдө да балдардын аз, же таптакыр жок экендиги.

Афган кыргыздары байыркы маданиятты жана көңүл ачуучу аракеттеринин бири – ырлар жана обондорду сактап келген. Чоң акын ырчылар аз болушкандыктан бул жерде баары эле өз алынын жетишинче ырдап, ырчы, акын болуп келишет. Албетте эл арасынан чыгып, таанылып калган, өзүнчө атагы бар ырчыларды дайыма тойлорго же өлгөн адамды узатууда чакырып ырдатып турушкан. Бул ырчылардын көпчүлүгү социалдык төмөнкү баскычтан чыгышкан койчумандар, жалданган кызматчылар. Байлар болсо

өздөрүн эл алдында ырчылык өнөр менен көрсөтүүнү өөн көрүшөт, бул алардын укум тукумунун баркын төмөндөтөт деп санашат.

Изилдөөчүлөрдүн байкоолоруна караганда памирдиктердин сүйгөн оюндарынын ичинен күчтүү жана шамдагайлыкты сыноочуу оюндар биринчи орунда турушат. Алар аба –ырайынын шарттарына байланыштуу көбүнчөсү жаз жана жай мезгилинде өткөрүлөт. Көпчүлүк арасында кеңири таркаган оюндарга – айрыкча жаштар арасында-беш таш, ашык атмай, күрөш, бука тартыш, аркан тартышмай, чатыр таш, жашынмак, аркандан секирүү жана улак тартыш кирет.[353]

8.4.2. Вахан

Вахан коридору 19 кылымда Россия менен Улуу Британиянын ортосундагы буфер зонасы болуп түзүлгөн. Чек ара бир канчалаган келишимдин негизи менен көрсөтүлгөн.

Биринчи келишим 1873-жылы Амударыясынын түндүк бөлүгүн жана Сары-Көлдү камтыган.

Экинчи келишим Амударыясынан Иран менен болгон чек аранын батыш бөлүгүн кошкон.

Үчүнчү келишим 1895-жылда[354] болуп Сары – Көлдүн чыгыш бөлүгүнүн, Кытай чек арасын камтыган.

20 кылымда Афганистан менен СССР дин ортосунда дагы үч келишим түзүлгөн алар дагы чек ара өзгөрүүлөрүнө тийиштүү болгон-1946, 1958 жана 1981-жылдары.[355]

Вахан коридору афган Ишкашымынан кытай чек арасынын чыгышындагы Вахшир ашуусуна (Vakhjir Dawan) чейин созулат. Ишкашымдан чыгыш Вахан ашуусуна чейинки аралык 350 км, Вахшир ашуусуна чейин 300 км. Коридордун эң кенен туурасынын узундугу (65 км) анын орто ченинде, батыштын кире беришиндеги туурасынын узундугу 18 км га эле жетет. Вахан өрөөнүндөгү тоолордун орточо бийиктиги 5450 м.

Вахан коридорунда Чоң жана Кичине Памир эки областы бар. Памир чыгыштан батышты карай алтымыш километрдүү кырка тоону камтыйт. Түндүк Чоң Памирден Вахан кыркалары менен бөлүнгөн Кичи Памир 100 км. Чоң Памир болжол менен 2,6 адам/км² жыштуу калкты түзөт, Кичи Памир 3,17 адам/км².

---

[353] STROILOV, L. *Alaj menen Pamirdi ashyp/Kyrgyzdar: sanzhyra, taryh, muras, salt.* Biškek, 1993.

[354] Келишим түзүлгөн убакты ар башка булактарда ара кандай берилиши мүмкүн, себеби документтерге кол коюулар кийин болгон.

[355] Office of The Geographer, „Afghanistan – U.S.S.R. Boundary," *International Boundary Study,* No. 26 – Revised: September 15, 1983.

Чоң жана Кичине Памирлерин байланыштыруучу ашуусу жайында жана күз айларында ачык болуп соода катышууларына таасирин тийгизет. Кыргыз калкы география боюнча (экономика боюнча дагы) эки топко бөлүнөт. Эки топ тең базардан буудай, жылкы, опиум жана башка керектелүүчү товарларды алышат.

Азыркы убакта соода базарларда болот же болбосо соодачылар кыргыздарга өздөрү келишет бирок товардын баасы үч эсе жогоруурак болуп калат. Товарлардын баасы мал менен өлчөнөт. Креутзманн жана Фелманын (2003-жыл) маалыматтары боюнча Памир жайыттары мал багууга жакшы колдонулбайт, 20 кылымдын 70-жылдардын ортосу менен 1999-жылдагы аралыктагы малдардын санын салыштырсак 1999-жылы койлордун жана эчкилердин саны аран 22,9%, топоз 40,2% ти жана жылкылардын саны алгачкыга караганда жарымын түзгөн. Төөлөрдүн гана саны 9,6% ке көп болгон.

Чоң Памирдин жашоочулары малчылар, дыйкандар жана башка соодачылар, Вахан өрөөнүнөн тышкары тажиктер менен соодалашышат.

Мындан тышкары Кичи Памирдин кыргыздары Пакистандын чектеш райондорунун элдери менен соодалашышат, мыйзамсыз чектен өтүүгө афганистандын жана пакистандын чек арачылары туура мамиле кылышат. Буга чейин соода байланыштары Тажикстан менен дагы болуп турган, бирок кийин бул жерде ачылып турган базарлары 2005-жылда чек араны кайтарган орус аскерлери кеткенден кийин жоголуп кеткен. Жакшы соода шарттарына байланыштуу Кичи Памирдин кыргыздарынын жашоосу Чоң Памирдин кыргыздарына караганда кыйла жакшы.

Вахан кыргыздарына 70-жылдары К. Маури келген, аны кыргыздар башчысы Рахманкул-хан менен чогуу тосуп алышкан. Кыргыздар жашаган территория меймансыз жер башталган Вахандын Сархадда жайгашкан эң акыркы аймагы. Бул жердин кыргыздары Чынгызхандын убагындагы жана андан мурунураак көчүп келип кийин чек аралар тосулуп калганда калып калганбыз деп эскеришет.

Азыр бул байыркы калк чек аранынын үч бөлүгүнө бөлүнөт: Афганистанда үч миң кыргыз калкы, Советтер Союзунда үч миллион, Кытайда бир миллион кыргыз кылкы жашап бири бири менен тыгыз байланышып турушат.

Хажы[356] Рахманкулхан Памирдин айылдарында жүздөгөн афган кыргыздарынын башчысы болуп келген. Биз аны менен

[356] Меккеге барып келген мусулмандын титулу.

Шахмактинкөлдүн чыгыш жээгиндеги 4250 метр бийиктиктеги "адамдык" аралында боз үйлөрүн тигип отурукташып алган жеринен жолуктук. Бул жайлоодо отуздай адам жашайбыз дейт, ал. Менин эки аялым он балам бар. Эң улуусу-кырк жашта, эң кичүүсү – үч жашта.

Биз кыргыздар эч качан жакшы жайыттарга ээ болгон эмеспиз. Афганистандагы биздин болгон бир жайытыбыз бар жана жамгырдын мурункудан аз жаагандыктан абал кыйынга учурайт. Бул жайыт "таштаксыз жайыт"-ты билдирип Тарган-Курун деп аталат. "Таштаксыз жайыт" дегенибиздин себеби биз таштарын терип,тазалаганбыз.

Үч миң афган кыргыздары кой, эчки жана топоз кармашат. Кыргыздарга топоз алмаштыргыз мал. Топоздун тезеги буларга жылуулук берүүчү жалгыз отуну. Топоз сүт берет, жүнү кийим токууга жип жасоого колдонулат жана териси дагы керектелет. Топозду, койду жана эчкинин эртен менен жана кечинде күнүнө эки маал саашат. Кыргыздар орустардын жана кытайлардын куралдары менен Марко Поло[357] аталган жапайы эчки койлорго мергенчиликке дагы чыгышат. Кыргыздардын жалгыз үйү болуп боз үй колдонулат, Алар сүт, нан менен жана койдун, топоздун эти менен азыктанышат. Чай, шекер жана башка керектелүүчү азыктарды Вахан элдеринен сатып алышат. Бир мезгилдерде афган кыргыздарынын соода сатык байланышы Кашкарлыктар менен болуп турган, кийин Кытайдагы политикалык өзгөрүштөн кийин Кашкар соодасын токтотуп салганда афган кыргыздары Ваханга кайрылууга туура келген. Вахандыктар менен кыргыздар товар алмашууда бири бирине көз каранды.[358]

Чоң Памир 5500 км² аймакты ээлегени менен кыргыздар анын 1550 км² аран ээлешет. Калган территорияны жер айдоочулук жана мал чарбачылык менен иштеген Вахан эли ээлейт.[359]

Бул аймактын аба ырайы жергиликтүү рельефтин шартына байланыштуу болот. Жамгырдын орточо саны каар аралашып 60-120 мм ге жетет. Шамал батыштан соккондуктан шамал болгон жерлер кышында каар жок болот, бирок дайыма болуп турган шамал кыштын катуу болушун алып келет.

---

[357] Марко Полонун байланышы анын Борбордук Азиядан мүйүздүү койлор тууралуу жазганы менен эмгегине байланыштуу.

[358] MAURI, K. *Kogda risk – eto žizn'!* [онлайн]. Moskva: Fizkul'tura i sport, 1986; Skitalec 2001–2006 [цит. 27. 9. 2008]. Доступен: <http://www.skitalets.ru/books/risk_mauri/index.htm#sec21>.

[359] CALLAHAN, T. *The Kyrgyz of the Afghan Pamir Ride On*. Social Research Center American University Central Asia (AUCA), Bishkek 2006. 10 s.

Кыргыздар бири биринен анча алыс эмес 20 км аралыкта отурукташышкан. Алар жайкысын (жайлоо) тескейде, кышкысын (кыштоо) күнгөйдө мекендешет.

Көчүү кийинки иретте болот:

Октябрь: жыйлоодон кыштоого көчүү.

Июнь: кыштоодон жайлоого көчүү.

Жайыттар жеке өздөрүнүкү болгондуктан бул жерлерди жакшыртууга аракет жасашат. Кыштоодо убакыттарынын көбүн (8 ай) өткөргөндүктөн, короо сарайларды кезиктиребиз.[360] Үйлөрүндө телевизордон тартып керектелүүчү оокаттары бар. Кыргыздардын жалпысы ислам динине ишенишип, куран окуп намазга жыгылышат. Айылдарда мектептин жоктугунан балдарды үйлөрдөн окутушат.[361]

Бул аймактагы кыргыздарга 13-жашынан баштап өзүлөрүнүн аталаш бир туугандары менен никеге туруу көнүмүш адат. Бул жерде көп аял алуу дагы кездешет. Кыргызстандагы кыргыз калкына туугандар арасында ника кыйуу таптакыр тыйуу салынып жаман адат болсо, афган кыргыздарына жана Вахандыктарга бул көрүнүш тескерисинче жакшы адат.

Вахандыктардын оросундагы тыйуу салынган жана уруксаат берилген никелердин мисалдарды кийинки таблица чагылдырат:[362]

Кыштоодо мал багуу кыйын болгондуктан бул жерлерде кыргыздардын саны аз болуп, жай мезгилинде малчылар көбүрөөк чогулган. XX кылымдын 70-жылдарындагы маалыматтарга таянсак жайлоодо 3-12 түтүндөн турган 86 топ (айыл) болуп, кыштоодо 1-7 түтүндөн турган 118 топ чогулган.

Вахан районуна Ага-Хан Фонду аркылуу Focus International жана Aga Khan Development Network гуманитардык жардамы келет. Фонддун айтуусу боюнча бул гуманитардык жардам вахандыктарга көбүрөөк тийет. Мунун себеби мамалекетик политикага тийиштүү эмес, кыргыздардын транспорт каттабаган алыскы райондордо жашагандыгынан. Тажикстандан Вахан коридоруна баруучу түз жол азыркы убакта жабык (1997-2004-жылы Тажикстан бийлиги өзүнүн территориясынан түз Вахан коридоруна киргенге Focus International фондуна гана уруксаат берген), азыр Ваханга Ишкашым чек арасы аркылуу өтсө болот.

---

[360] CALLAHAN, T. *c. d.*

[361] ČERNOV, S. *Pamirskie kyrgyzy: dva naroda, odna nacija* [онлайн]. Obščestvenno-pravovaja eženedeľnaja gazeta Delo №..., 22 (731) 11. 6. 2008 [цит. 7. 10. 2008]. Доступен: <http://delo.ktnet.kg/2008/22/07.shtml>.

[362] SHAHRANI, M. N. *The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan: Adaptation to Closed Frontiers and War.* University of Washington Press, 2002 (orig. 1979).

Кыргыздардын арасында жаш балдардын өлүмү өтө жогору болуп – жаш балдардын саны 520 га жетсе жаңы төрөлгөн балдардын саны 1000 ге жеткен. Бул жаңы төрөлгөн балдардын беш жашка чыкпай эле өлүп калганын билдирет. Аялдардын көбү дагы төрөттөн каза табат. Кыргыз аялдарынын өлүмү болжол менен 1:3 түзүп ага салыштырмалуу 1:6 аял төрөттөн каза болот.

Кыргыздар арак ичпегени менен алардын жаман адаты болуп опиум колдонгону эсептелет. Опиумду кыргыздарга кичи Бадахшандан тажиктер алып келишет. Экономиканы көтөрө турган акчаны жергиликтү контрабандисттер чөнтөктөрүнө салып коюшат. Мындан тышкары опиум областтын калкынын ден соолугун бузат.[363]

8.4.3. Шуолдара

Вахандан тышкары кыргыздар райондун борбору Ишкашымдан 18 км алыстыкта жайгашкан кичинекей Шуолдара айылында жашайт. Шуолдарада жашаган кыргыздар кытай Кашкарынан Памирге келген эки ага иниден тараган кыргыздар. Эки ага ини Кашкардан үйлөнүп кийин Шуолдарага көчүп келишкен, алар келген учурда Шуолдара мал бакканга ылыйыктуу жашыл кооз жер болчу. Азыр Шуолдарада кургакчылыктын айынан абал кыйыныраак. Кашкардан келгенден бул үй-бүлө өздөрү алып келген боз үйдө жашашчу, алардын бири азыркыга чейин жайлоого чыкканда колдонулуп, экинчисин сактап катып коюшкан. Биринчи үйдү алардын балдары тургузган.

Шуолдарада жашагандардын эң карысы Гүлбүбү апа. Шуолдарага келген жылдары жыйырма жашта болчумун деп эскерет. Азыр мен сексендемин же алтымыштамын деп Гүлбүбү апа өзүнүн жашын так билбейт (бул аймактын башкаларындай эле).

Кожоюндардын бири болгон-Орозмамат Шоулдарага афган Памиринен келип бул үй-бүлөнүн кызын алып, күйө бала болуп калган. Орозмамат өзүн кырктамын деп эсептейт. Кыргыздардын айрымы Турция тарапка көчүп кеткенде Орозмамат эжеси Айниса менен болгон байланышты жоготкон. Айнисанын күйөсү аскер кызматында жүргөндө аны башка Көчө атту киши Турцияга алып качып кетет. Ошондон бери андан кабар алган эмес.

Үйлөнүү аземи

Афган кыргыздарында дагы келинге калым төлөө кадимки адат. Калым бул аймакта акча менен эмес мал айрыкча кой менен төлөнөт. Гүлбүбү апа турмушка чыкканда ага бир төө, отуз кой төлөгөнүн

[363] CALLAHAN, T. *c. d.*

айтат. Келин алып кыз берүүдө ата-энеси тандаган. Небереге ат коюуда дагы ата-эне Курандын жардамы менен ат тандайт. Мурун Куранды молдо окуган, анын көзү өтүп каткенден кийин анын жээни, бул аймактын билимдүү адамы Кудайберди окуйт. Бир туугандардын арасында нике кыйуу буларга адаттуу иш.

Диний ишеними

Кыргыздар айылдагы башка исмаилит элдеринен айрымаланып мусулман суннитери. Исмаилиттер үйлөрдө намаз окуп чогулушса, кыргыздар өздөрүнүн мечеттеринде сыйынышат. Эки башка диндеги адамдардын мамилеси тынч, мисалы кыргыздардын чарбасынын жардамчысы исмаилит. Чоң майрамы болуп Ноорузду белгилешет жана Орозо айтты дагы унутушпайт.

Бул аймактын кыргыздары өздөрүнүн азыркы менен мурунку жашоодогу айрымаларын эскеришет:

Мурунку убакта аял кишини кайната-кайненесинин атын керек болсо күйөөсүнүн жана анын туугандарынын атын атоого тыйуу салынган. Азыр бул көрүнүш анча каралбайт (Гүлбүбү апа күйөөсүнүн атын айткысы келбей жатып анан айтты, себеби ал каза болуп калгандыктан).

Дагы бир өзгөрүүлөрдөн болуп аялдардын мурунку убакта денесин көрсөтпөй ороп-чулганып жабынып жүргөнү, азыр алар мурункудай оронушпайт.

Күнүмдүк тамагына куймак сымал жасалган ак нан жана туздуу сүттөлгөн чай, суюга бышырылган даамдуу күрүч, манты жана плов. Тамакты колдору менен жешет. Эчкинин сүтүн ичишет жана курут жасашат.

Вахан кыргыздары менен болгон мамилелери

Вахан жана Шуолдарада жашаган кыргыздар ортолорунда тыгыз мамилени кармашат себеби алар соода кылганы райондун Ишкашым шаарына барып кезигип турушат. Афган кыргыздарынын бир башкаруучусу бар. Кубатов[364] XIX кылымдан берки болуп келген башкаруучуларды санап кеткен: Ожалы-хан, кутал уруусунан болуп 1875-жылга чейин башкарган; Козубай-хан, кызыл-аяк уруусунан, 1905-жылга чейин; Маматкерим-хан, алапа уруусунан, 1938-жылга чейин; Толубай-хан, кызыл баш уруусунан, 1950-жылга чейин. Эң белгилүү афган кыргыздарын Пакистандан Турцияга алып барган Рахманкул-хан (кочкор уруусунан) болгон. Ал кеткен кыргыздардан Абдурашид-хан (шайым уруусунан) кайра кайтып келген.

---

[364] KUBATOV, E. *c. d.*

Абдурашид-хандан кийин кыргыздарды Молораим башкарган деп кыргыздар айтышат, азыркы убакта кыргыздарды Турдуйохун Ажо Бакил башкарат. Анын жардамчысы Шуолдарадагы Кудайберди. Эгер кандайдыр бир кыйынчылыктар чыкса башкаруучу аны чечкенге аракет кылып элдерге жардам көрсөтөт.

Афган кыргыздарынын көбү борбордук өкмөт тууралу билбейт. Афганистандагы политикалык абал тууралуу суроого Орозмаматтын жооп бергени:

Президентиңердин аты ким? Билбейт экенмин, мен мурунку президенттин атын дагы билчү эмесмин. Бирок мен мугалимдерден айлык акыларын көтөргөнүн укканыма караганада жакшы болуш керек.

Мектеп тоолордун ары бетинде Шуолдарадан эки сааттык аралыкта жайгашкан. Балдар окууга кечикпей барыш үчүн эртең мененки беште үйдөн чыгып кетишет. Кыздар мектепке барбайт, бирок алар дагы таңда туруп оокат камын көрүшөт. Мектепте сабактар фарси тилинде берилет, ата-энелерге мектепте балдары кайсы тилди окуп жатканы маанисиз. Он эки жаштан кийин балдар мектепке барууну токтотушат, аларга мектептен үйрөнгөндөрүнүн эч пайдасы тийбейт.

8.5. Турция

Түрк кыргыздарынын жалпы саны 4 000 адамды түзөт. Бул жерде кыргыздардын көбү өлкөнүн чыгышындагы Ван көлүнүн тегерегинде 200-300 түтүн үй-бүлө жашайт. Борбордук Азия тарыхый серверинин[365] маалыматы боюнча кыргыз эли Акыней жана Шерефликочхисар/Şereflikoçhisar (административдик борбору Анкара)-12 түтүн үй, Жинхабейли/Gihanbeyili (Конья)-4 үй, Каракундуз/Karagündüz айылында 197 үй-бүлө жана Эржиш /Erciş айылында 298 үй-бүлө жашайт, дагы 1300 адам Маталья жана Адана областарынын ар кайсы жерлеринде отурукташышкан.

Бул жерди мекендеген кыргыздар өзүлөрүнүн тилин, диний салттарын жана уруулук бөлүнүштөрүн сактап келишет. Кыйынчылыктардын бири болуп ника кыйуу саналат, себеби алар Памирде жашаган кыргыздар менен катташып ошол тараптан келин алып кыз берип келишкен, бирок ортодогу аралык үч күн болгон. Турциядагы кыргыздардын арасында бир уруунун элдери кыз алышып беришпейт.

---

[365] Диаспоры киргизов [онлайн]. Центральноазиатский исторический сервер, 1999-2007 [цит. 23. 9. 2008]. <http://www.kyrgyz.ru/?page=12>.

Кыргыздар Ван көлүнө Афганистандан 1983 (1982)-жылы 1000 адам келишкен.

Бул процесстин схемасы кыйын болуп эсептелет: Советтер Союзу (XX кылымда 20 жылга чейин) → Кытай (30 жылга чейин) → Афганистан (30 жылга чейин) → Пакистан, Кашмирдин түндүгүндө (1978-жылдан бери) → Турцияда (1982-жылдан бери).

Каракундузда убактылуу жер үйлөрдө жашашкан.[366] Бул жер 1900 м бийиктикте жайгашып түрк өкмөтү тарабынан кыргыздарга бөлүнүп берилген. Кыргыздарга бул жер кой бакканга ылайыктуу болгондуктан ыраазы болушкан.

Аданага жакын айылда жашаган кыргыздар совет режиминен качып келгендер болгон. Бул топ Ош областынан Кытайга качып андан кийин Турцияга келишкен.

Афганистандан Ван көлүнө келген кыргыздар өз айылдарында башталгыч мектептери бар. 1984-жылы Турцияда жүргүзүлгөн байкоодо кыргыздар араб текстин жазууда колдонулуп алардын деңгээли абдан жогору болгон.

Турцияга келгенден кийин кыргыздар түрк орфографиясынын курсун өтүп жана латын тамгалары менен жазууну үйрөнүшкөн, кыска мөөнөттүн ичинде түрк газеталарын окуп калышкан. Түрк тилин үйрөнүү жаштарга оңой болуп карылардын арасында кыйынчылыкты туудурган.

Турцияга келген алгачкы жылы төрөлүүлөрдүн санынын өсүшүн мүнөздөйт – 14-55-жаштагы 250 аялга - 97 ымыркайдын төрөлүшү. Памирдеги карылардын айтуусу боюнча мындай суммага жетиш үчүн аларга жети жыл талап кылынат.

Кыргыздар мусулман-суннит катары Памирде бухара медресесине дайардык алышчу. Каракундуздун башчысы хажы Рахманкул болгон, ал хандын тукумунан болбосо дагы кыргыздар анын авторитети үчүн сыйлашкан. Рахманкул-хандын кол алдындагы Турциядагы кыргыздар бирдиктүү жашоо шартта жашашып, кийимдери жана салттары бирдей биргиликтүү топту чагылдырышкан.

Турциядагы Советтер Союзунан качып Кытайда (Синьцзян) дагы болуп келген кыргыздар Рахманкул-хан аркылуу кыргыздар жана ошол областагы уйгурлар менен тууганчылык мамилелерин кармап келишет.

---

[366] PAKSOY, H. B. *Observations among Kirghiz refugees from the Pamirs of Afghanistan settled in the Turkish Republic* [онлайн]. First published in Journal of the Anthropological Society of Oxford Vol. XVI, No. 1 (Hilary, 1985). [цит. 23 9. 2008]. Доступен: <http://vlib.iue.it/carrie/texts/carrie_books/paksoy-6/cae11.html>.

8.6. Пакистан

Пакистанда Өзгөндүк Жаныбек казынын жүз канча тукуму жашап келет, алар кыргыз тилин билишет. 1962-жылы Жаныбек казы Советтер Союзунан Кытайдын Урумчу шаарына андан ары Пакистанга качкан. Жаныбек казынын небереси Захижан Карачыда кыргыз мектебин салып баштаган.[367] Пакистанда чет жердеги кыргыздардын ишин коргогон Замандаш уюму иштейт.

8.7. Кыргыздардын бүгүнкү күндөгү көчүүсү

Азыркы мезгилдеги кыргыздардын үйлөрүн таштап көчүүсү экономикалык себептерден болуп келет. Кыргызстандан жумушка орношуу кыйын болгондуктан калктын көбү Россияга жумуш издеп кетип жатат. Бул көрүнүш Кыргызстандын түштүгүндө көп кезигет. Ош областынын губернатырынын сөзү боюнча Россияга жыл сайын 300 000 адам кетет. Алардын 70% Кыргызстандын түштүгүнөн. Кыргыз мигранттарынын Ассоциациясынын билдиргенине караганда Россияда иштеп жаткан кыргыз калкы 2005-жылы Кыргызстанга 340 млн АКШ долларын алып келишкен.[368]

Башка маалыматтын билдиргенинде 35 жаштагы 80% кыргыз чет мамлекетте иштейт же иштеген, МОТ (Международная Организация Труда) 500 000 санын маалымдаса кыргыз эксперттери андан көп санды көрсөтөт 1,2 млн. Кыргыз Финансы Министрлигинин санаганы боюнча 2004-жылы кыргыздар үйлөрүнө алып келген акчанын суумасы 527 млн. АКШ дооларын түзгөн ал эми 2005-жылы 752 млн. болгон. Финансы министри А. Жапаровдун сөзү боюнча бул акчалар өлкөдөгү социалдык кыйынчылыктарды жеңилдетет. Бул акчанын көбү үй бүлөнүн керектөөсүнө, медицина, билим алуу тармактарына жумшалып жана үй курууларга дагы керектелет.[369]

Эмгек миграциясынын жүрүшү Кыргызстандагы жумушчулардын азайышына алып келет. Буга бир себеп болуп жеке жана акы төлөнгөн мектептердин ачылуулары жана дагы техникалык мектептердин жабылуулары (СССР тарагандан кийин алардын жарымысынан көбү жабылып калган) болуп, жаштардын мектепти аяктагандан кийин эле чет мамлекеттерге акча табуунун айынан

---

[367] SKOCHILO, E. *Kyrgyz stroit kyrgyzskuju školu v Karači* [онлайн]. 24. 7. 2008 [цит. 26. 9. 2008]. Доступен: <http://ru.kyrgyzstan.neweurasia.net/?p=448>.

[368] SATYBALDYJEV, Ž. *Bolee dvuch tretej kyrgyzskich trudovych migrantov v Rossii sostavljajut urožency juga* [онлайн]. AKI press, 2006 [цит. 2006-10-24]. Informacionno-analytičeskoe bjuro. Доступен: <http://fergana.akipress.org/>.

[369] *Nacional'nyj opros Kyrgyzskoj Respubliki*. [s.l.] : IRI, Baltic Surveys/The Gallup Organization, October 2006. 82 s.

кетип жатканына алып келет. Квалификациясы жок ишкерлер аз акча тапкандыктан, бир үй бүлөдөн көптөгөн адамдар иш издеп башка өлкөгө кетишет. Бул кыйын кезеңден чыкканга көп убакыт талап кылынат.

Кыргызстандын калкынын башкы проблемасы жумушсуздук – коомдук сураштырууда бул көрүнүш биринчи орунда турат. Биринчи сураштыруу 2005 –жылы март айында биринчи президент А. Акаев кеткенден кийин жана октябрда жаңы президент К. Бакиевке каршы демонстрация уюштурушканда. Эки абалда тең 50% адам өкмөт астында турган курч проблема жумушсуздук деп белгилеген. 30% экономикалык өнүгүү ал эми 20% корупцияга каршы күрөш болгон.[370]

[370] *Nacional'nyj opros Kyrgyzskoj Respubliki*. [s.l.] : IRI, Baltic Surveys/The Gallup Organization, October 2006. 82 s.

9. Summary and Conclusion

The aim of this work was to answer the question, *what mostly influenced the culture* (understood in its wide conception – culture as way of living) *and cultural changes of the Kyrgyz population on the territory of Kyrgyzstan, Tajikistan, China and Afghanistan.*

The changes of Kyrgyz way of live given by the changes of political organization after the USSR disintegration could be observed on the example of former Soviet republics Kyrgyzstan and Tajikistan. In both republics was created a new ideology and new system that tried to come from Islam and that, by pointing out the famous traditions of the Kyrgyz nation (in Kyrgyzstan) and Tajik nation (in Tajikistan), tried to consolidate the national togetherness.

Creation of the national state in Kyrgyzstan had significant influence to national awareness of the Kyrgyz. It was aroused here an interest in the history of own nation, there were presented historical constructs to the population about the ancientness and certain exclusivity of the Kyrgyz ethnic group, what many inhabitants adopted. The Chapter 3. (p. 8) deals with the often very unstable basis of new history.

Stronger national awareness started to manifest by crystallisation against another ethnic groups – it was clear in relationship with the Russians shortly after establishing the independent Kyrgyzstan. Later, the national politics was changed and the motto *Kyrgyzstan to the Kyrgyz* was replaced by much more conciliatory *Kyrgyzstan – our common house.*

Nevertheless, many respondents, e.g. in Batken Province, compared the actual situation with the times of USSR and pointed out the much less importance of ethnic affiliation in the past. In a region, where the Kyrgyz, Uzbek, Tajik population is living very closely, the nationality was not took into account so much and marriages among these groups were closed very often. Today, the situation is different, and although the relationships are not without problems, the marriages are closed primarily among the members of same nationality.

But the Russian, Ukrainian or Tatar population was perceived differently by the Kyrgyz. If there were nationally mixed villages, then even in the times of USSR there were not preferred the marriages among the "European" nations and the "local", what remained till today.

The change in understanding of traditions started after the USSR disintegration. There existed ancient Kyrgyz traditions tested by history of many hundreds years, but actually are emphasised more the traditions from times immediately before the October Revolution, what is refused by many people. The reason is a connection of this period with the time of

feudalism and rule of bajs and manaps. Although these traditions are entering unnoticeably into the family ceremoniousness (mainly by TV and radio), there were rediscovered new traditions, mainly religious, and there were created also quite new traditions at the same time.

In the country persists the sorting to north and south manifested in different degree of keeping the traditions. In the families on the south is more apparent the patriarchal structure –women are on formal terms with their husband, children are on formal terms with their parents. On the north are these habits also visible, but they are disappearing gradually.

Although the south of country use to be marked as substantially more religious, the keeping of religious traditions (and mainly the active religious life) is very half-hearted in both parts of the country. Even when the importance of religion increased, in the life of people both on the north and south, its role is not too high. Higher religious engagement of the inhabitants on the south is bound more to the Uzbeks.

At the Tajik Kyrgyz in the rayon of Murgab, there is traditionally strong relation to the Kyrgyz from Osh. The Tajik Kyrgyz are searching their brides in the southern Kyrgyzstan too; they use to go to study, to business, into hospitals to Osh. This linkage was also in times of USSR (e.g. during the bloody disturbances between the Kyrgyz and Uzbeks in Osh and Uzgen in 1990, the Kyrgyz of Murgab wanted to go out to help to the Kyrgyz from Osh, but the local administrative prevented them to do it).

Also the cultural changes are very similar. On both places started the renewing of old habits and traditions that were repressed in the times of USSR. It concerns mainly the celebration of Muslim feasts, but also the lowering of importance of the payment for the bride. In the villages of Tajik Kyrgyz too, there started to be built new mosques after the USSR disintegration (also on places, where they were not even before the October Revolution). But also here is the religious life more half-hearted.

The Kyrgyz from Tajik Murgab had, till the closing of Chinese border, frequent contacts with the Kyrgyz on the territory of today's China (Kashgar, Kyzil-su). Whilst in Kyrgyzstan, there is very known the mythical Kyrgyz integrator Manas, at the Kyrgyz in Murgab, the awareness of this Kyrgyz hero is ether very low or none at all.

The Kyrgyz living in China are forming two relatively considerably different groups. One of them is living in the Ili-Kazakhs autonomous district in the mountains of Tarbagatai and these Kyrgyz are non-typical in many aspects. Even if there is typical the low religious engagement of many Kyrgyz, certain connection with Islam is typical for this ethnic group. The Kyrgyz of Tarbagatai are Buddhists in larger part (what is a

reason for wondering of many Kyrgyz in Kyrgyzstan). Another unusualness lies in their language – almost all are speaking Kazakh. Nevertheless, they are keeping a relatively strong common national awareness and are closing the marriages exclusively inside the own group (although they are speaking Kazakh, they are crystallizing against the local Kazakhs). The religious difference (Buddhists x Muslims) is not a reason for separating the religious groups – the marriages are closed among the Kyrgyz across the religion, also the cemeteries are common. Similarly as the nationality, also the religious belief is given by the father's line. But it is not an exception that in a religiously mixed family may be the children Buddhists after the father, but they are circumcised, because it is a tradition that is mother used to it. The religious belief is mostly not expressed by active religious life, but it is more a certain tradition (*father was Muslim, thus we are Muslims too*). At these Kyrgyz is known the tradition of national hero Manas – it is obvious from derivation of their origin during narrations, but also from some local names (city Manas, lake Manas, river Manas).

The second group of Chinese Kyrgyz is living in the Kyrgyz Autonomous Region (prefecture) Kizilsu. Compared to the Kyrgyz from Tarbagatai, all are Muslims here, and they do not consider their belief formally – all family members are praying several times a day. The local Kyrgyz are speaking Kyrgyz very well, only with partial Uyghur dialect – in the schools is taught in Kyrgyz. Only new worlds in the language were replaced by Chinese expressions (in Kyrgyzstan by Russian). Also at these Kyrgyz we meet the strong national awareness and habits, from which the most important are payment for the bride (still often habit on the village is to give a horse to the bride's parents and only later the agreed kalym), building of yurts and wearing the traditional huts – *kalpaks*.

The political easing and increasing purchasing power of the village inhabitants causes the increased migration – sometimes, there is an effort only to move nearer to the bigger cities, but some members of younger generation of the Chinese Kyrgyz (it concerns both Kyrgyz groups) are leaving to study in cities (Ürümchi) and do not come back. Nevertheless, they have contacts with the Kyrgyz community also in these cities (both with Chinese and Kyrgyz Kyrgyz). Here is not strongly taken into account the closing the marriage inside own ethnic group and occurs merging with the majority society.

The Afghan Kyrgyz are depending the least from all mentioned groups on the state power – in the absolute majority, they do not know any Afghan representatives, or the president. These Kyrgyz mostly do not know, how old they are. Whilst they are living in a very low dependence

on the central government, they know the local Kyrgyz leaders very well, and they are in frequent contact with them. These leaders are mediators between them and government. Here is very good functional the hierarchical delegation of power with emphasis to lover levels – parliamentary election, central government composition or work of president, it is quite unknown for the local Kyrgyz and they do not take care about these activities. But they have their representatives in which they have confidence. The religious life is very active at these Kyrgyz, taking into account the regular prayers during the day. The Kyrgyz are distinguishing themselves from their surroundings in the religious area – they belong among the Sunni Muslims, another population are mainly Ismailits. Different are the sacral rooms and separated are cemeteries. The surroundings society keeps the traditions very strongly (e.g. there is very apparent the covering of women); also the Kyrgyz paid attention to the covering of women formerly. It is interesting that just the covering of women is considered by local Kyrgyz as the most noticeable change – now, it is not practiced, although there were not any pressures from any side to change something in this aspect.

If we should make any summary, what effect has the biggest impact on the cultural changes, then, according to the made research, it is obvious that the biggest impact have the state interventions. The interventions of state on the territory of former USSR led to a quite total leaving the active religious life, but there remained here, in a limited degree, only external demonstrations. On places, where the state did not influence the religious life, there were maintained all the demonstrations of religious life. But it is not fully clear from the made research, how much was influenced the religious life of the national minorities in China during the Mao's rule and during the tensed periods of Chinese history (Cultural revolution).

Impacts into the culture caused by modernisation are similar on all places – departure to the cities and gradual leaving the original culture. The fact that the culture is changing spontaneously also without noticeable external impacts, is obvious at the Afghani Kyrgyz in changing of dressing and covering the women.

For all Kyrgyz in all investigated areas is common relatively high historical awareness of membership to the Kyrgyz nation. This perception is not bound to the language– some Kyrgyz are speaking Kazakh (mountains of Tarbagatai), another Kyrgyz can speak Tajik, but a single ethnic identity is common to all of them. The perception of common identity is not bound even on a single mythical ancestor – the cult of

Manas almost does not appear at the Tajik, Afghan and Chinese Kyrgyz from the Kashgar surroundings.

All Kyrgyz have awareness of membership to their lineage, but the *traditional* knowledge of seven ancestors *dzheti ata* is disappearing almost on all places.

Also the habits connected with closing the marriage are very similar at the Kyrgyz in all investigated areas. Although the total payment for the bride was decreased (at the Tajik Kyrgyz even after intervention of the Tajikistan president), the *kalym* is a linking element for all Kyrgyz.

But differences are in selecting the bride – whilst at the majority of Kyrgyz is requested to close the marriage outside the own lineage, or sub-lineage at least, the marriages at the Afghani Kyrgyz are closed even between the cousins. The interventions of parents into selection the partner relate to the rate of maintaining the traditions – the lowest interventions are in the northern Kyrgyzstan, significantly higher are in the south of country, the highest are at the Afghani Kyrgyz.

The traditions connected to the eating habits are essentially influenced by the environment – what is regarded as national food by some Kyrgyz, is not known by another Kyrgyz. The production and drinking of fermented mare milk *kumys* is typical for the northern Kyrgyzstan and only for smaller part of the South; we do not meet this tradition in China, Afghanistan, or Tajikistan. Only the production of *kurut* – dried yoghurt (the principle is roughly the same, differences are only in the question, if the material is cooked or not, the Afghan Kyrgyz are producing the *kurut* from goat milk too) is common for all Kyrgyz. Also the tea drinking may show the adaptation to the environment – in the northern Kyrgyzstan is usually drunk black tea, on the southern green tea, the Chinese and Afghan Kyrgyz are drinking salty tea with milk and butter (similarly as in the Kyrgyz Alay).

All Kyrgyz living beyond the Kyrgyzstan border perceive very similarly the creation of national state. It is a symbol of their national identity for them, to which they are looking up with a certain respect. Whilst in the times of USSR, these Kyrgyz did not use the symbols of union's republic (the awareness of Kirgiz SSR was definitely overshadowed by the perception of the whole USSR), today, these abroad Kyrgyz show, by the state symbols of Kyrgyzstan (flag, emblem), their togetherness with this state. Kyrgyzstan use to be signed in this connection (both by the Kyrgyz and by the Kyrgyzstan representatives) as their *historical fatherland.* Also the Afghani Kyrgyz that usually do not know the Kyrgyzstan state symbols, express the wishes to visit Kyrgyzstan, a country, where they can feel as at home. They absolutely

do not mind that this *historical fatherland* was created by political decision in 1930s and, on many places, by very unnatural demarcating the borders. More important that the proper area is the own existence of the Kyrgyz state that, already by its name, offers a certain proximity to the Kyrgyz living outside its borders.

10. Жалпы жыйынтык

Иштин максаты Кыргызстан, Тажикстан, Кытай жана Афганистан мамлекеттериндеги кыргыз калкынын маданияттык айрымачылыктарын аныктоо жана өзгөчөлкүтөрүнө тийгизген таасиринин суроосуна жооп берүү болуп саналат.

Кыргызстан жана Тажикстан мамлекеттериндеги СССР тарагандан кийинки политикалык өзгөрүүлөр жашоо шарттардын өзгөрүүсүнө алып келди. Бул эки мамлекетте исламга таянып байыркы кыргыздардын жана тажиктердин салт санааларын кайрадан жаратуу жана жаңы идеологияларды куруу системаларында иштешкен.

Кыргызстанда улуттук мамлекеттин түзүлүшү кыргыздардын улуттук абалына чоң таасирин тийгизди. Андан кийин улуттук тарыхка болгон кызыгуулар пайда болуп калк байыркы кыргыз этносторуна көңүл бөлө баштаган. Жаңы тарыхтын туруксуздугу тууралуу 2 главада кененирээк берилген (Кыскача тарыхый маалымат).

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин кыргыздарда улутчулдук күчөп орустарга болгон мамилелери бир кыйла өзгөргөн. Кийин улуттук политика өзгөрүп "Кыргызстан-кыргыздар үчүн" лозунгу "Кыргызстан-жалпыбыздын үйүбүз" лозунгуна айланган.

Баткен областынын респонденттеринин айтуусу боюнча СССР убагында Баткен областында улутчулдук сезим анча чоң ролду ойногон эмес, тактап айтканда тажик кыргыз калкы бири бирине кошуна жашап келин алып кыз беришип келишкен. Азыркы убакта мындай көрүнүштү таптакыр кездештирүүгө болбойт.

Орус, украин жана татар элдер менен тажик, кыргыз жана өзбек улуттарынын арасында байыртадан эле ника кыйуу болгон эмес.

Советтер Союзу таркагандан кийин байыркы улуттук салттарды кайра жандандыруу аракети иштелип баштайт. Кыргыздардын миңдеген жыл мурунку тарыхый улуттук салттары бар болгон, бирок азыр революцияга чейин болгон салттарга көңүл бөлүнүп келет. Мунун бир себеби болуп бул убак бай манап жана феодализм убагы менен байланганы саналат. Эски улуттук салттардын пайда болуусу менен бирге диний салт санаалар дагы кайра жаңыланган.

Улуттук салттары менен айрымаланып түндүк жана түштүк болуп эки тарапка бөлүнүп келет. Түштүк үй-бүлөсүндө аялдар күйөөсүнө сылык иретинде жана балдар дагы ата-энесине сиз деп кайрылып патриархалык тизимди сактап келишет. Түндүк тарапта мындай көрүнүш болгону менен акырындык менен жоголуп баратат.

Түштүк аймак динге көбүрөөк ишенип келгени менен эки тарапта тең дин тутуу бирдей төмөн деңгеелде жана анча көп ролду ойнобойт. Түштүк тарапка диндин активдүүрөк болгонунун себеби өзбектер таасирин тийгизишет.

Мургаб районундагы тажик кыргыздары оштук кыргыздар менен тыгыз байланышып келишет. Тажик кыргыздары түштүк менен куда болууга аракеттенишет, келинди дагы ошол тараптан караштырышат, Ошко окууга, бизнес кылуу максаты менен жана доктурга көрүнүүгө барып турушат. Бул байланыш катыштар СССР убагында эле бар болгон (мисалы, Ош жана Өзгөн шаарларында кыргыздар менен өзбектердин ортосунда болгон кандуу согушта мургабдагы кыргыздар оштук кыргыздарга жардамга баралы дешкен бирок аларга жергиликтүү администрация уруксаат бербей койгон).

Окшоштук маданий өзгөрүүлөр дагы болуп келет. Советтер Союзунун астында болгондуктан эки жерде бирдей салт-санаалар пайда боло баштаган. Буга алгачкы иретте мусулман майрамын майрамдоо жана калым төлөө салты кирген. Советтер Союзу таркагандан кийин тажик кыргыздары айылдарына мечеттерди салып башташкан. Бирок бул жерлерде дагы диний ишеним анча маанига ээ болбой келет.

Кытай менен болгон чек араны жапканга чейин Мургабдагы тажик кыргыздары азыркы Кытай территориясындагы (Кашкар, Кызыл-Суу) кыргыздары менен болгон байланышты сактап келишкен. Кыргызстанда белгилүү Манас эпосу тууралуу мургаб кыргыздары таптакыр маалымат билишбейт, алар үчүн Манас таптакыр жокко барабар.

Кытайда жашаган кыргыздар ар кандай топторду түзүшөт. Алардын бири Или-казак АОсундагы Тарбагатай тоолорунда жашап Кыргызстан терреториясындагы кыргыздардан баардык жагынан айрымаланып келишет. Баардык кыргыздарда диний салт анча чоң ролду ойнобосо дагы алардын ишенип, тутуп келген дини ислам болуп эсептелет. Тарбагатай кыргыздары алардан айрымаланып будда динине ишенишет (кээ бир кыргыздарга таң калыштуу көрүнүш болуп көрүнгөн).

Кийинки өзгөчөлүк алардын казак тилин колдонгону. Бирок алар кээ бир салттарды катуу сактап башка улуттун эли менен никеге турууну жат көрүшүп өз ара улут ичинен гана келин алып кыз беришет (казакча сүйлөгөндөрү менен бул аймактагы казактардан бир топ айрымаланышат). Диндик айрымалары (будист, мусулман) диний топторго бөлбөйт, тагыраак айтканда никеге турууда бир улуттун элдери динге карабайт жана мүрзөлөрү дагы бир болот.

Улуту жана дини ата тараптан берилет. Атасы будда динине ишенсе анын баласы дагы будда динине ишенет бирок энеси мусулман болгондуктан баланы отургузушат. Диний ишеним алардын активдүү диний жашоосу болбостон ата баблардан калган салт катары колдонулат (атабыз мусулман болгон ошол себептен биз дагы мусулманбыз). Бул кыргыздардын арасында Манас эпосу жакшы таанылганын алыр айтып берген жомокторунан жана кээ бир жерлердин аталыштарынан байкасак болот (Манас шаары, Манас көлү, Манас дайрасы).

Кытайда кыргыздарынын экинчи тобу Кызыл-Суу Автономиялуу Областында отурукташкан. Тарбагатай кыргыздарынан айрымаланып бул жердеги кыргыздар мусулман динин тутуп күнүнө бир жолу намаз окуп сыйынып келишет. Бул аймактын кыргыздары кыргыз тилинде кичине уйгур акцентин кошуп сүйлөшөт, мектепте окуучулар кыргыз тилинде окушат. Бул кыргыздардын арасынан салтты баалап кармагандыгын байкайбыз мисалы, калымдын төлөнүшү (биринчи ата-энесине ат берилип кийин макулдашкан калымды төлөшөт), боз үйдүн жасалгаланышы жана кыргыз улуттук баш кийими-калпакты жерге тыштабай кийгендери.

Политикалык эркиндик жана алып сатуучулуктун жогорулашы айыл тургундарынын көчүүсүнө алып келет, кээде алардын шаарга жакын болууну каалагандыгы себеп болсо кээде жаштардын шаарга (Урумчи) окууга кетип кайра айылга кайтып келбегени себеп болот. Бул шаарлардагы кыргыздар дагы бири бири менен тыгыз байланышта болуп турушат (кытай кыргыздары менен жана кыргыз кыргыздары менен дагы).

Айтылып кеткен топтордон айрымаланып, афган кыргыздары мамлекеттик бийликтен аз көз карандуулук кылып келишет, алар афган президентин жана өкмөт ишкерлеринин бирин дагы тааныбайт. Бул кыргыздар канча жашта экенин дагы так биле алышпаганы тан калтырат. Борбордук бийликтен алыс жашаганы менен алар өз башчысы менен тыгыз байланышып турушат. Бул башчылар бийлик менен элдердин ортосунда ортомчу катары иштеп келишет.

